**Школа публичной политики**
**Коомдук саясат мектеби**

Школа публичной политики
Коомдук саясат мектеби
School of public policy

# ПУБЛИЧНАЯ ПОЛИТИКА
## Русско-кыргызский словарь терминов

Правосудие
Сот акыйкаттыгы
Подотчетность
Отчеттуулук
Целостность
Бүтүндүк
Частная собственность
Жеке менчик

Инструкция
Нускама
Господство
Үстөмдүк кылуу
Выборка
Тандап алуу
Народовластие
Эл бийлиги
Независимость
Көз карандысыздык
Правовое государство
Укуктук мамлекет

# КООМДУК САЯСАТ
## Терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгү

Бишкек - 2011

## Предисловие

*Определяйте значение слов. Тем самым*
*вы избавите мир от половины его заблуждений!*

*Рене Декарт*

Настоящий Русско-Кыргызский словарь представляет собой справочник значений наиболее употребительных терминов и понятий по публичной политике. В нем кратко и в доступной форме, на русском и кыргызском языках, даны объяснения содержания более 700 наиболее употребительных терминов, понятий и категорий, которые сегодня активно используются в сфере публичной политики.

Термин «публичная политика» заимствован из западной политической мысли, который постепенно осваивается, осмысливается и адаптируется к реалиям кыргызской политической жизни. С использованием данного термина на постсоветском пространстве в лексику русского/кыргызского языка приходят одновременно и другие понятия, которые также требуют осмысления и точного понимания их содержания. Определения понятий и терминов настоящего Словаря взяты из разнообразных источников: нормативных правовых актов, учебной, методической и научной литературы, печатных и электронных изданий. Как правило, они приводятся в трактовке первоисточника. Учитывая, что публичная политика в большой степени является междисциплинарной областью знаний, в Словарь включены понятия и термины из различных отраслей знаний и дисциплин: экономики, права, политологии, социологии, менеджмента.

Словарь предназначен для изучающих публичную политику как одну из учебных дисциплин, тех, кто начинает практиковаться в этой сфере, служащих органов власти, представителей неправительственных организаций, а также всех интересующихся публичной политикой. Цель Словаря – помочь лучше понять и освоить новую для Кыргызстана сферу публичной политики, помочь сформировать активную жизненную позицию у грамотной неравнодушной требовательной части общества по отношению к власти.

Несомненно, появление русско-кыргызского словаря по публичной политики значительно расширит читательскую аудиторию нашей страны за счет привлечения внимания не только русскоязычных, но и кыргызскоязычных экспертов и исследователей к вопросам развития публичности государственной сферы. Словарь поможет расширить географию распространения публичных дискуссий в обществе до регионов и усилит процессы участия граждан в в процессе принятия решений. Только постоянное добровольное участие всех граждан в политическом процессе является единственной гарантией сохранения настоящей демократии, без активного участия граждан нет демократических институтов.

Конечно, данный Словарь не исчерпывает всех терминов публичной политики, так как эта сфера постоянно расширяется и обогащается, в оборот вводятся все новые и новые понятия. Но он останется первым русско-кыргызским изданием в данной сфере.

Акматалиев А.А.,
ректор Академии управления
при Президенте
Кыргызской Республики

## Сөз башы

*Сөздүн маанисин аныктагыла. Ошону менен сиз дүйнөнү жарым жаңылышууларынан арылтасыз!*

*Рене Декарт*

Бул орус-кыргыз сөздүгү коомдук саясат боюнча эң эле көп колдонулган терминдердин жана түшүндүрмөлөрдүн маанилеринин маалымдамасы болуп эсептелет. Мында кыска жана жеткиликтүү формада, кыргыз жана орус тилдеринде, коомдук саясат чөйрөсүндө азыркы учурда активдүү колдонулуп жаткан 700 эң эле көп колдонулган терминдердин, түшүнүктөрдүн жана категориялардын мазмунуна түшүндүрмөлөр берилген.

«Коомдук саясат» термини батыштын жолун жолдогон саясий ойлордон алынган, ал акырындык менен өздөштүрүлүп, түшүнүлүп жана кыргыз саясий турмушунун реалийлерине адаптацияланып жатат. Бул терминди колдонуу менен постсоветтик мейкиндикте орус/кыргыз тилинин лексикасына бир эле убакта башка түшүнүктөр келип жатат, алар дагы маани берүү жана алардын мазмунун так түшүнүүнү талап кылат. Бул сөздүктүн түшүндүрмөлөрүнүн жана терминдеринин аныктамасы ар кандай булактардан: ченемдик-укуктук акттардан, методикалык жана илимий адабияттардан, басма жана электрондук басылыштардан алынган. Эреже катары, алар түпкү жазманын трактовкасында келтирилген. Коомдук саясат көп деңгээлде дисциплиналар аралык билимдин жааты экенин эске алып, сөздүккө билимдин ар кандай жааттарынан жана дисциплиналардан: экономика, укук, политология, социология, менеджменттин түшүндүрмөлөрү жана терминдери алынган.

Сөздүк окуу дисциплинасынын бири катары коомдук саясатты окуп жаткандарга, бул чөйрөдө практиканы баштап жаткандарга, бийлик органдарынын кызматкерлерине, өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнө, ошондой эле коомдук саясатка кызыкдарлардын бардыгына багытталган. Сөздүктүн максаты – Кыргызстан үчүн жаңы коомдук саясат чөйрөсүн түшүнүү жана өздөштүрүү, бийликке карата сабаттуу, кош көңүл эмес, талаптуу коомдун бөлүгүнүн активдүү жашоо позициясын түзүүгө жардам берүү.

Коомдук саясат боюнча орус-кыргыз сөздүгүнүн пайда болуусу орус тилдүү жана кыргыз тилдүү эксперттердин көңүлүн буруу менен гана эмес жана изилдөөчүлөрдүн мамлекеттик чөйрөнүн ачыктыгын өнүктүрүү суроолоруна көңүл бурдуруу эсебинен биздин өлкөнүн окурман аудиториясын олуттуу түрдө кеңейтет. Сөздүк коомдо коомдук дискуссияларды таркатуу географиясын региондорго чейин кеңейтүүгө жардам берет жана чечимдерди кабыл алууда жарандардын катышуу процессин күчөтөт. Саясий процессте бардык жарандардын өз ыктыяры менен туруктуу катышуусу гана демократияны сактоонун жалгыз кепилдиги болуп калат, жарандардын активдүү катышуусу жок демократиялык институттар болбойт.

Албетте бул сөздүк менен, коомдук саясаттын бардык терминдери бүтүп калбайт, анткени бул чөйрө дайыма толукталып жана байытылып турат, ишке жаңы жана жаңы түшүндүрмөлөр киргизилип жатат. Бирок бул басылма тармактагы агачкы орус-кыргыз сөздүгү болуп кала берет.

Акматалиев А.А.,
Кыргыз Республикасынын
Президентине караштуу
башкаруу Академиясынын
ректору

## Предисловие от составителей

Профессионализация каких-либо сфер деятельности выражается в расширении количества и активном использовании концепций, понятий и терминов, отражающих основные идеи этой сферы. Сфера публичной политики в профессиональном аспекте функционирует десятки лет в различных формах и в различных странах. С течением времени некоторые понятия и термины меняются, отражая изменения в этой сфере. Между различными странами и культурами происходит взаимопроникновение идей и формирование общих тенденций, определяемых как международные нормы и стандарты. Однако языковые и культурные особенности тех или иных обществ продолжают отражаться в терминах и понятиях, применяемых в сфере публичной политики.

Многие понятия сферы публичной политики формируются в англоязычной культурной среде и через перевод на русский язык приходят в пространство СНГ и Кыргызстана. Русскоязычное постсоветское пространство также самостоятельно формирует понятия, которыми оперируют в общественном управлении нашей страны. Следует отметить сложности, возникающие при переводе понятий с одного языка на другой, зачастую очень трудно найти идентичные по значению слова, предающие их смысл и содержание. Например, нахождение эквивалентности таких терминов как «policy» и «политика», значение которых неравнозначны в английском и русском языках. Подобные примеры можно продолжать и относительно терминов «публичный», «государственный», «общественный» понимание которых меняется в ходе перевода. Таких случаев достаточно много, которые усложняют процесс взаимопроникновения профессиональных терминов и понятий в терминологию, практику и культуру различных стран. Особенно сложно это для Кыргызстана, поскольку кыргызкоязычная профессиональная среда адаптирует термины и понятия, пришедшие из разных языковых и культурных пространств. Эта сложность ни в коем случае не является проблемой, если ее (сложность) понимать как богатство оттенков смыслов, которые эти термины и понятия несут в себе.

Предлагаемый вниманию читателя глоссарий, является одним из печатных изданий Школы публичной политики, которая через подготовку профессиональных аналитиков и интеллектуальных продуктов, нацелена способствовать развитию эффективного общественного управления. Цель данной публикации создать справочное пособие для тех, кто интересуется общественным управлением и работает в системе государственного управления. По сути - это осуществление сбора в одно место наиболее часто употребляемых терминов и понятий публичной политики в Кыргызстане на русском языке, обеспечение их качественного перевода с английского языка на русский и кыргызский языки, а также. способствовать развитию кыргызскоязычной профессиональной среды в данной сфере. Данный глоссарий является первой попыткой отразить понятийный спектр публичной политики на кыргызском языке. Внимательные и критичные читатели могут присылать свои предложения по дополнению и развитию данного глоссария на сайт Школы (www.publicpolicy.kg) для дальнейшего его развития, поскольку ни один глоссарий не дает исчерпывающую информацию по всей палитре используемых на практике понятий.

## Түзүүчүлөрдөн сөз башы

Иштин кандайдыр-бир чөйрөсүн кесипкөйлөштүрүү ушул чөйрөнүн негизги идеяларын чагылдырып турган концепциялардын, түшүнүктөрдүн жана терминдердин санын көбөйтүүдөн жана активдүү пайдалануудан көрүнөт. Коомдук саясат чөйрөсү кесипкөйлүк аспектинен алганда, ондогон жылдардан бери ар кандай өлкөлөрдө жана ар кандай формаларда иш жүргүзүп келүүдө. Убакыттын өтүшү менен айрым бир түшүнүктөр жана терминдер ушул чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү чагылдыруу менен өзгөрөт экен. Ар кандай өлкөлөрдүн жана маданияттардын ортосунда идеялардын бири бирине өтүшү жана эл аралык ченемдер жана стандарттар катары аныкталган жалпы тенденциялардын калыптанышы келип чыгат. Бирок тигил же бул коомчулуктардын тилдик жана маданий өзгөчөлүктөрү коомдук саясат чөйрөсүндө колдонулган терминдерде жана түшүнүктөрдө чагылдырылышын улантууда.

Коомдук саясат чөйрөсүндөгү көпчүлүк түшүнүктөр англис тиилиндеги маданий чөйрөдө калыптанат жана орус тилине которуу аркылуу КМШ мейкиндигине жана Кыргызстанга келет. Орус тилдүү мурдагы советтик мейкиндик биздин өлкөнүн коомдук башкаруусунда колдонулуп жаткан түшүнүктөрдү өз алдынча калыптандырат. Түшүнүктөрдү бир тилден экинчи тилге которууда келип чыккан кыйынчылыктарды белгилей кетүү керек, көпчүлүк учурда алардын маанисин жана мазмунун бере ала турган, мааниси боюнча окшош сөздөрдү табуу абдан кыйын. Мисалы, «policy» жана саясат деген терминдердин эквиваленттүүлүгүн табууну алалы, алардын маанилери кыргыз жана англис тилдеринде бирдей эмес. Мындай мисалдарды “коомдук”, “мамлекеттик”, “коомго таандык” деген терминдер жаатында улантууга болот, аларды түшүнүү которуунун жүрүшүндө өзгөрүп турат. Кесиптик терминдердин жана түшүнүктөрдүн ар кандай өлкөлөрдүн терминологиясына, практикасына жана маданиятына өз ара өтүү процессин татаалдатып жаткан мындай учурлар жетиштүү түрдө көп. Бул Кыргызстан үчүн айрыкча таттал, анткени кыргыз тилинде сүйлөгөн кесипкөй чөйрө ар кандай тилдик жана маданий мейкиндиктерден келген терминдерди жана түшүнүктөрдү адаптациялайт. Эгерде аны (ушул татаалдыкты) ушул терминдер жана түшүнүктөр өзүнө камтып турган маанилердин көп түрдүүлүгүнүн байлыгы катары түшүнсөк, бул татаалдык эч качан проблема болбойт.

Окурманга сунуш кылынып жаткан глоссарий кесипкөй аналитиктерди жана интеллектуалдык продуктуларды даярдоо аркылуу эффективдүү коомдук башкарууну өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүгө багытталган Коомдук саясат мектебинин басылмаларынын бири болуп саналат. Аталган басылманын максаты коомдук башкарууга кызыккандар жана мамлекеттик башкаруу системасында иштегендер үчүн маалыматтык колдонмо китеп түзүп берүү болуп саналат. Бул маңызы боюнча алганда – Кыргызстандагы коомдук саясатта орус тилинде бир кыйла көп колдонулуп жаткан терминдер менен түшүнүктөрдү бир жерге топтоо, аларды англис тилинен орус жана кыргыз тилдерине сапаттуу которууну камсыз кылуу, ошондой эле аталган чөйрөдө кыргыз тилинде сүйлөгөн кесиптик чөйрөнү өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү. Бул глоссарий коомдук саясаттын түшүнүк бере турган спектрин кыргыз тилинде чагылдыруунун алгачкы аракети болуп саналат. Көңүл бурган жана сын пикирлери бар окурмандар ушул глоссарийди андан ары толуктоо жана өнүктүрүү боюнча өздөрүнүн сунуштарын Мектептин (www.publicpolicy.kg) сайтына жибере алышат, анткени, бир дагы глоссарий практикада колдонулуп жаткан түшүнүктөрдүн бүткүл палитрасынын баарын камтыган маалымат бере албайт.

| Автократия | Автократия |
| --- | --- |
| Форма политического режима государства, где высшая государственная власть принадлежит одному субъекту. Данный субъект — глава государства — является источником и носителем суверенитета государст-венной власти. Суверенный субъект имеет высшую законодательную, исполнительную и судебную власть. | Мамлекеттик саясий режимдин формасы, мында мамлекеттик бийлик бир субъектке таандык болот. Аталган субъект – мамлекеттин башчысы – мамлекеттик бийликтин эгемендүүлүгүнүн булагы жана алып жүрүүчүсү болуп эсептелет. Эгемендүү субъект жогорку мыйзам, аткаруучу жана сот бийлигине ээ болот. |
| **Агрегирование** | **Агрегирлештирүү** |
| Процесс объединения элементов в одну систему. Например, объединение, укрупнение показателей по какому-либо признаку. | Элементтерди бир системага бириктирүү процесси. Мисалы, көрсөткүчтөрдү кандайдыр бир белгилери боюнча бириктирүү, ирилештирүү. |
| **Адаптация** | **Адаптациялоо** |
| Процесс приспособления объекта к изменяющимся условиям внешней среды. | Объектти тышкы чөйрөнүн өзгөрүп жаткан шарттарына карата ылайыкташтыруу процесси. |
| **Административно-командная система** | **Административдик-башкаруучулук система** |
| Бюрократическая система управления экономикой страны, в которой главенствующая роль принадлежит распределительным, командным методам и власть сосредоточена у центральных органов управления. | Өлкөнүн экономикасын бюрократиялык башкаруу системасы, мында башкы роль бөлүштүрүүчү, тескөөчү ыкмаларга таандык кылынат жана бийлик башкаруунун борбордук органдарына, бюрократиялык аппаратка топтоштурулат. |
| **Административно-территориальное устройство** | **Административдик-аймактык түзүлүш** |
| Разделение территории государства на части (административно-территориальные единицы), в соответствии с которым строится система местных органов власти. Обусловлено природными, политическими, экономическими, национальными и иными факторами. | Мамлекеттин аймагын бөлүктөргө (администрациялык-аймактык бирдиктерге) бөлүү, бийликтин жергиликтүү органдарынын системасы ушуга ылайык түзүлөт. Жаратылыш, Саясий, экономикалык, улуттук жана башка факторлор менен шартталган. |

| | |
|---|---|
| **Административные методы** | **Административдик ыкмалар** |
| Способы и формы управления, в основе которых лежит администрирование, распорядительство, опирающееся на приказы, распоряжения, установки, спускаемые сверху. | Башкаруу ыкмалары жана формалары, алардын негизинде буйруктарга, тескемелерге, жогору жактан берилген көрсөтмөлөргө таянган администрациялоо, тескөө жатат. |
| **Административный ресурс** | **Административдик ресурс** |
| Возможность использования на выборах политическими силами, партиями и кандидатами их политического положения или связей с правительственными учреждениями с целью влияния на результаты выборов. | Шайлоонун натыйжаларына таасир тийгизүү максатында саясий күчтөр, партиялар жана талапкерлер тарабынан өздөрүнүн саясий абалын же өкмөттүк мекемелер менен байланыштарын шайлоолордо пайдалануу мүмкүнчүлүгү. |
| **Администрация** | **Администрация** |
| Исполнительные органы, а также должностные лица органа управления, руководящий персонал учреждения, предприятия или организации, непосредственно осуществляющие функции управления. | Аткаруу органдары, ошондой эле башкаруу органынын кызмат адамдары, мекеменин, ишкананын же уюмдун башкаруу функцияларын түздөн түз жүзөгө ашырып жаткан башкаруучу персонал. |
| **Адресат** | **Дарек ээси** |
| Получатель, лицо (физическое, юридическое), которому предназначено сообщение или почтовое, электронное, телеграфное отправление. | Өзүнө жиберилген билдирүүнү же почталык, электрондук, телеграфтык жөнөтмөнү ала турган адам (жеке, юридикалык жак). |
| **Айыльный округ** | **Айыл өкмөтү** |
| Исполнительно-распорядительный орган при аильном (сельском) или поселковом кенеше, осуществляющий в пределах своих полномочий управление делами жизнеобеспечения и жизнедеятельности местного сообщества. | Айылдык же шаарчалык кеңешке караштуу, өзүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде жергиликтүү коомчулуктун жашоосун жана жашоо турмушун камсыз кылуу иштерин башкарууну жүзөгө ашырган аткаруучу-тескөөчү орган. |
| **Активизация** | **Активдештирүү** |
| Усиление творческой активности людей их стремления к высокопроизводительному труду, к общеобразовательному и профессиональному самоопределению и самосовершенствованию. | Адамдардын чыгармачылык активдүүлүгүн, алардын жогорку өндүрүмдүү эмгекке, жалпы билим берүүчү жана кесиптик жагынан өзүн өзү аныктоого жана өзүн өзү өркүндөтүүгө умтулуусун |

| | |
|---|---|
| | күчөтүү. |
| **Алгоритм** | **Алгоритм** |
| Стандартизованная последовательность действий приводящая к решению какой-либо задачи. | Кандайдыр-бир милдетти чечүүгө алып келе турган аракеттердин стандартташтырылган ырааттуулугу. |
| **Альтернатива** | **Альтернатива** |
| Один из возможных вариантов действий сравниваемый с другими вариантами в целях выбора лучшего из них. | Аракеттин мүмкүн болгон варианттарынын бири ичинен мыктысын тандоо максатында башка варианттар менен салыштыруу. |
| **Альтернативная стоимость (цена возможности)** | **Альтернативалуу нарк (мүмкүнчүлүктүн баасы)** |
| Наилучшая из упущенных в результате выбора конкретного варианта альтернатива. В анализе публичной политики это цена второго предпочтительного варианта. | Айкын тандап алуунун натыйжасында четке кагылган варианттардын ичинен мыкты деп табылган альтернатива. |
| **Амбиция** | **Амбиция** |
| (лат. ambitio) - чувство чести, честолюбие; амбициозный - любящий честь, почет, желание выделиться, достичь чего-то, что немногие достигают | (лат. ambitio) – ар-намысты сезүү, намыскөйлүк, амбициялуу – ар-намысты, урматтоону жакшы көрүү, өзгөчөлөнүүнү, көпчүлүк жетише албай турган бирнерсеге жетишүүнү каалоо. |
| **Анализ** | **Талдоо жүргүзүү** |
| Мысленное или практическое расчленение объекта исследования на составные элементы (признаки, свойства, отношение и т. п.) для изучения каждого из них в отдельности и выявления их роли и места в системе. | Изилденүүчү объектинин ар бирин өзүнчө иликтеп чыгуу жана алардын системадагы ролун жана ордун аныктоо үчүн изилдөө объектисин курамдык элементтерге (белгилерге, касиеттерге, мамилелерге ж.б.) ой жүгүртүү аркылуу же иш жүзүндө жиктештирүү. |
| **Анализ воздействия** | **Таасирге талдоо жүргүзүү** |
| Определение предела, до которого политика как курс действий вызывает изменение в нужном направлении. | Аракеттердин курсу катары колдонулган саясатты керектүү багытка өзгөртүүнү пайда кыла турган чекти аныктоо. |
| **Анализ данных** | **Маалымдамаларга талдоо жүргүзүү** |
| Построение и исследование наиболее | Эксперименталдык маалымдамалар- |

| | |
|---|---|
| общих методов и алгоритмов извлечения знаний из экспериментальных данных; это также процесс исследования, фильтрации, преобразования и моделирования данных с целью извлечения полезной информации и принятия решений. | дын ичинен билимдерди алуунун кыйла жалпы ыкмаларын жана алгоритмдерин түзүү жана изилдөө; бул ошондой эле пайдалуу маалымат алуу жана чечимдерди кабыл алуу максатында изилдөө, чыпкалоо, кайра уюштуруу жана моделдештирүү процесси. |
| **Анализ документов** | **Документтерге талдоо жүргүзүү** |
| Совокупность методических приемов и процедур, применяемых для извлечения из документальных источников информации для решения определенных исследовательских задач. Это также оценка различных документов с помощью формальных методов анализа содержания. | Белгилүү бир изилдөө милдеттерин чечүү үчүн документтик булактардан алууда колдонулган методикалык ыкмалардын жана жол-жоболордун жыйындысы. Бул ошондой эле мазмунуна талдоо жүргүзүүнүн формалдуу ыкмаларынын жардамы менен ар кандай документтерге баа берүү. |
| **Анализ издержек и выгод** | **Зыяндарга жана пайдаларга талдоо жүргүзүү** |
| Систематическое изучение смет расходов, при котором сопоставляются издержки и оцененные в денежном выражении выгоды. Это также вид экономического оценивания, при котором сравнение издержек на некоторую программу (или комплекс программ) и результатов ее реализации осуществляется в денежном выражении. | Чыгашалардын сметаларын системалуу изилдеп туруу, мында тартылган зыяндар жана акчалай түрдө бааланган пайдалар салыштырылат. Бул ошондой эле экономикалык баа берүүнүн бир түрү, мында айрым бир программмаларга (же программалардын комплексине) кеткен чыгымдар жана аны ишке ашыруунун натыйжаларын салыштыруу акча каражаты менен жасалат. |
| **Анализ на основе ожиданий** | **Күтүүлөрдүн негизинде талдоо жүргүзүү** |
| Анализ, проведенный до того как изменения политики будут реализо-ваны на практике; проводится обычно с помощью «моделирования» событий и «прогнозирования» последствий данных изменений. | Саясаттагы өзгөрүүлөр практикада ишке ашырылганга чейин талдоо жүргүзүү; адатта мындай талдоо жүргүзүү окуяларды «моделдештирүүнүн» жана аталган өзгөрүүлөрдүн натыйжаларын «болжолдоонун» жардамы менен жүргүзүлөт. |
| **Анализ на основе фактов** | **Фактылардын негизинде талдоо жүргүзүү** |
| Анализ проведенный на практике путем | Саясаттын өзгөрүүлөрү практикада |

| | |
|---|---|
| исследования фактических событий. | жүзөгө ашырылгандан кийин, фактылай окуяларды изилдөө аркылуу талдоо жүргүзүү. |
| **Анализ политики** | **Саясатка талдоо жүргүзүү** |
| Это, базирующиеся на общественных ценностях советы относительно принятия государственных решений. Квалифицированное использование интеллекта в решении общественных проблем.<br>Деятельность по использованию знаний разных дисциплин и применение общих принципов и специальных методов для формулирования рекомендаций по принятию общественно значимых решений. Это также процесс исследования общественных проблем для обеспечения политиков информацией о преимуществах и недостатках политических альтернатив. | Бул мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу боюнча коомдук баалуулуктарга негизделген кеңештер. Коомдук чечимдерди кабыл алууда интеллектти квалификациялуу колдонуу.<br>Коомдук маанилүү чечимдерди жолжоболоштуруу үчүн ар кандай дисциплиналардын билимдерин пайдалануу жана жалпы принциптерди жана атайын ыкмаларды колдонуу боюнча иш жүргүзүү. Бул ошондой эле саясий альтернативалардын артыкчылыктары жана кемчиликтери жөнүндө маалымат менен саясатчыларды камсыз кылуу үчүн комдук проблемаларды изилдөө. |
| **Анализ стейкхолдеров** | **Стейкхолдерлерге талдоо жүргүзүү** |
| Процесс идентификации и систематизации основных держателей процесса (стейкхолдеров), оценка их целей, сбор информации о них, использование этих данных в процессе анализа и реализации политики. | Процесстин негизги кармоочулары - стейкхолдерлерди идентификациялоо жана системага салуу, алардын максаттарына баа берүү, алар жөнүндө маалымат чогултуу, ушул маалымдамаларды саясатка талдоо жүргүзүү жана ишке ашыруу процессинде колдонуу процесси. |
| **Аналитики политики** | **Саясий аналитиктер** |
| Эксперты, проводящие анализ политики, политические консультации по улучшению текущего курса действий. Это эксперты в сфере государственной политики, а также лица, для которых анализ политики является их основной профессиональной деятельностью. | Агымдагы аракеттердин багытын жакшыртуу жагында саясатка талдоо жүргүзгөн, саясий консультацияларды өткөргөн эксперттер. Булар мамлекеттик саясат боюнча эксперттер. Ошондой эле саясатка талдоо жүргүзүү өзүнүн негизги кесиптик иши болгон адамдар. |
| **Аналитическая записка** | **Аналитикалык кат** |
| Аналитический документ, объясняющий позицию государственного органа или правительства относительно политики в определенном вопросе. Этот доку- | Мамлекеттик органдын же өкмөттүн кандайдыр бир суроолор боюнча позициясын түшүндүргөн аналитикалык документ. Бул документ кандай- |

| | |
|---|---|
| мент готовится для того, что помочь лицам, принимающим решения, выбрать наилучшую политику для решения конкретной проблемы. | дыр бир суроо боюнча мыкты саясатты чечүүнү тандап алууга жардам катары даярдалат. |
| **Аналитическая информация** | **Аналитикалык маалымат** |
| Совокупность фактов, свидетельств, документов, которые были отобраны, обработаны и проанализированы для написания аналитичексого материала. | Аналитикалык материалды жазуу үчүн тандалып алынган, иштелип чыккан жана талдоо жүргүзүлгөн фактылардын, күбөлүктөрдүн, документтердин жыйындысы. |
| **Аналитическая работа** | **Аналитикалык иш** |
| Процесс познания объективной реальности, осуществляющийся по законам диалектики, формальной логики с применением общенаучных и прикладных методов исследования и предназначенный для оценки собранной информации и подготовки принятия решений. | Диалектиканын, формалдуу логиканын мыйзамдары боюнча изилдөөнүн жалпы илимий жана колдонмо ыкмаларын колдонуу менен жүзөгө ашырылган жана чогулган маалыматка баа берүү жана чечимдерди кабыл алууну даярдоо үчүн объективдүү чындыкты таанып билүүдөгү процесси. |
| **Аналитические инструменты** | **Аналитикалык шаймандар** |
| Методы, используемые для сбора, обработки и интерпретации информации в процессе ее обработки и оценивания. | Маалыматты топтоо, иштеп чыгуу жана баа берүү процессинде маалыматты иштеп чыгуу жана интерпретациялоо үчүн пайдаланылган ыкмалар. |
| **Аналитические методы политики** | **Саясаттын аналитикалык ыкмалары** |
| Имеющие относительно общий характер методы формирования и преобразования информации о соответствующей политике в разнообразных контекстах. К их числу относятся анализ издержек и выгод, анализ временных рядов и др. | Тиешелүү саясат жөнүндө ар түрдүү контексттердеги маалыматты калыптандыруунун жана бир түрдөн экинчи түргө айландыруунун салыштырмалуу жалпы мүнөзгө ээ болгон ыкмалары. Алардын катарына зыяндарга жана пайдаларга талдоо жүргүзүү, убактылуу катарларга талдоо жүргүзүү жана башкалар кирет. |
| **Аналитические процедуры политики** | **Саясаттын аналитикалык жол-жоболору** |
| Интеллектуальные операции общего характера, составляющие логику исследования политики. К их числу относятся процедуры решения проблем политики - структурирование проблемы, разра- | Саясатты изилдөөнүн логикасын түзүп турган жалпы мүнөздөгү интеллектуалдык операциялар. Алардын катарына саясаттын проблемаларын чечүүнүн жол-жоболору – проблеманы |

| | |
|---|---|
| ботка рекомендации, мониторинг и оценивание и др. | структуралаштыруу, сунуштарды иштеп чыгуу, мониторинг жана баа берүү ж.б. таандык кылынат. |
| **Аналитический документ** | **Аналитикалык документ** |
| Текст по предоставлению полной и убедительной аргументации, подтверждающей изложенные в нем рекомендации. Это также инструмент выработки и принятия решения, а также коммуникаций с целевой аудиторией. | Анда баяндалган сунуштарды ырастаган, толук жана ынанымдуу аргументтерди бере турган текст. Бул ошондой эле чечимди иштеп чыгуунун жана кабыл алуунун, ошондой эле максаттуу аудиториясы бар коммуникациялардын шайманы. |
| **Аналогия** | **Окшоштук** |
| Логический вывод, в результате которого знание о признаках одного предмета возникает на основании известного сходства его с другими предметами. | Логикалык тыянак, анын натыйжасында бир предметтин белгилери жөнүндө билим анын башка предметтер менен белгилүү окшоштугунун негизинде келип чыгат. |
| **Ангажированность** | **Ангажирдүүлүк** |
| Сознательно выбранная общественная позиция. Выражение, используется для того, чтобы подчеркнуть политическую окраску позиции или симпатий кого-либо. К примеру, оценка выступления как политически ангажированного означает, что выступавший проводил какую-то определенную политическую линию, либо выражал свои симпатии тем или иным идеям, либо вообще выполнял чей-то социальный заказ. | Аң-сезимдүү түрдө тандалып алынган коомдук позиция. Бул сөз кимдир бирөөнүн симпатиясын же позициясынын саясий боегун билдирүү үчүн пайдаланылат. Мисалга, саясий ангажирленген адамдын сүйлөгөн сөзү анын атайын кандайдыр бир саясатты жүргүзүп кеткендигин, же тигил же бул идеяны жактаганын же такыр эле бирөөнүн буйрутмасын аткарган дегендикти билдирет. |
| **Анкета** | **Анкета** |
| Опросный лист, самостоятельно заполняемый опрашиваемым по указанным в нем правилам, используемый при сборе необходимой информации | Сурамжыланып жаткан адам тарабынан, анда белгиленген эрежелер боюнча маалыматты пайдаланууда керек болгон өз алдынча толтурула турган сурамжылоо барагы. |
| **Аннотация** | **Аннотация** |
| Примечание, краткая характеристика документа, его части или совокупности документов с точки зрения содержания, назначения, формы и других особенностей. Аннотация носит пояснительный или рекомендательный характер. | Эскертүү, документтин мазмуну, арналышы, формасы жана башка өзгөчөлүктөрү көз карашынан алганда документтин, анын бир бөлүгүнүн же жыйындысынын кыскача мүнөздөмөсү. Аннотация түшүндүрмө же сунуш берүүчү мүнөздө болот. |

| Аполитичность | Саясий кайдыгерлик |
|---|---|
| Пассивное, безразличное отношение к общественной жизни и политической деятельности. Это также неспособность самостоятельно формулировать политическую, позицию, слепое подчинение себя воле управляющих структур. | Коомдук турмушка жана саясий ишке пассивдүү, кайдыгер мамиле. Бул ошондой эле саясий позицияны өз алдынча жол-жоболоштурууга жөндөмсүздүк, башкаруу структураларынын эркине каршылыксыз башын ийип берүү. |
| **Априори** | **Априори** |
| Изначальное знание, полученное заранее, предварительно, не опираясь на изучение фактов, до опыта и независимо от опыта. | Фактыларды изилдөөгө таянбастан, тажрыйбага чейин жана тажрыйбага көз каранды болбостон, мурдатан, алдын ала алынган баштапкы билим. |
| **Ассоциация** | **Ассоциация** |
| Добровольное объединение лиц, учреждений, организаций для достижения общей – политической, научной, хозяйственной, какой-либо другой цели при сохранении самостоятельности и независимости входящих в объединение членов | Бирикмеге кирген мүчөлөрдүн өз алдынчалыгын жана көз карандысыздыгын сактоо менен, жалпы – саясий, илимий, чарбалык, башка кандайдырбир максатка жетишүү үчүн иши бир тектүү болгон адамдардын, мекемелердин, уюмдардын ыктыярдуу бирикмеси. |
| **Аутсорсинг** | **Аутсорсинг** |
| Передача второстепенных и рутинных операций внешним поставщикам услуг – рыночным институтам и гражданскому обществу. Например, оплата квитанций; закупки и торги; проведение социологических исследований и т.п. | Экинчи даражадагы жана майда-чүйдө операцияларды тышкы кызмат көрсөтүүчүлөргө - рыноктук институттарга жана жарандык коомго өткөрүп берүү. Мисалы, дүмүрчөктөргө акы төлөө; сатып алуулар жана соода; социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү ж.б. |

## Б

| База данных | Маалымдамалар базасы |
|---|---|
| Набор данных, информация, необходимая пользователям для разнообразных целей. | Маалымдамалардын топтому, пайдалануучуларга ар түрдүү максаттар үчүн зарыл болгон маалымат. |
| **Базовый период** | **Базалык мезгил** |
| Период времени, используемый в качестве базы для сравнения с другим | Убакыттын айрым бир алда канча кийинки, башка мезгил менен салыш- |

| | |
|---|---|
| более поздним периодом. | тыруу үчүн база катары пайдаланылган мезгили. |
| **Баланс** | **Баланс** |
| Равновесие, уравновешивание чего-либо. Например, свод приходов и расходов, активов и пассивов при составлении финансовых отчётов, статистики. | Тең салмактуулук, бир нерсени тең салмактуу абалга жеткирүү. Мисалы, финансылык отчеттуулук, статистиканы түзүүдө кирешелер жана чыгашалар, активдер жана пассивдердин жыйындысы. |
| **Бартер** | **Бартер** |
| Договор обмена, при котором происходит переход права собственности на объекты договора между его сторонами без использования средств платежа например, денег. | Алмашуу келишими, мында келишимдин объектисине болгон менчик укугунун келишимдин тараптарына өтүшү, мисалы, төлөм каражатын акчаны пайдаланбастан жүргүзүлөт. |
| **Бедность** | **Жакырчылык** |
| Характеристика экономического положения индивида или социальной группы, при котором они не могут удовлетворить определённый круг минимальных потребностей необходимых для жизни, сохранения трудоспособности, продолжения рода. Бедность является относительным понятием и зависит от общего стандарта уровня жизни в данном обществе. | Индивиддин же социалдык топтун өмүрүн узартып, эмгекке жарамдыгын коргоп, өзүнүн керектөөсүн минималдык деңгээлде уюштура албай калган экономикалык жагдайдын мүнөздөмөсү. Кедейлик салыштырмалуу түшүнүк жана ал берилген бир коомдогу жалпы стандарттын деңгээлине көз каранды. |
| **Безработица** | **Жумушсуздук** |
| Социально-экономическое явление, когда часть экономически активного населения не находит себе работу. Причины безработицы: экономическая конкуренция, в частности на рынке труда; несовпадение спроса и предложения рабочей силы по профессиям, специальностям; спад производства; свертывание производства в традиционных отраслях, закрытие технически отсталых предприятий и др. | Социалдык-экономикалык көрүнүш, мында экономикалык активдүү калктын бир бөлүгү өзүнө жумуш таба албай калат. Жумушсуздуктун себептери: экономикалык конкуренция, айрыкча эмгек рыногунда; жумушчу күчүнүн, кесиптин суроо менен талапка дал келбеши; өндүрүштүн деңгээлинин түшүшү; салттуу тармактардагы өндүрүштүн жабылышы, техникалык жактан артта калган ишканалардын жабылышы жана башка. |
| **Безубыточность** | **Чыгашасыз иштөө** |
| Минимальный объем производства и реализации продукции, при котором | Өндүрүштүн жана продукцияны сатып өткөрүүнүн чакан көлөмү, мында |

| | |
|---|---|
| расходы компенсируются доходами. | чыгашалардын орду кирешелер менен компенсацияланат. |
| **Белая книга** | **Ак китеп** |
| Аналитический документ для внешнего использования с конкретными предложениями по определенным мероприятиям в конкретной сфере. Он имеет целью начать процесс консультаций, содержит предложения по разработке отдельного направления политики и является орудием ее воплощения. | Айкын чөйрөдөгү белгилүү бир иш-чаралар боюнча тышкы пайдалануу үчүн айкын сунуштары бар аналитикалык документ. Анын максаты консультацияларды берүү процессин баштоо болуп саналат, саясаттын өзүнчө багытын иштеп чыгуу боюнча сунушту камтып турат жана аны ишке ашыруунун куралы болуп саналат. |
| **Бенефициар(ий)** | **Бенефициар(ий)** |
| Лицо - выгодоприобретатель. Организация или группа лиц для которых ценны и выгодны меры и результаты определенной политики | Бенефициар - (франц. benefice - пайда, олжо) – бул пайда ала турган жак. Белгилүү бир саясаттын натыйжалары, жана ченемдери өздөрү үчүн баалуу жана пайдалуу болгон уюм же адамдардын тобу. |
| **Библиография** | **Библиография** |
| Перечень книг, которые что-то объединяет – общий автор, описание одной темы и т.д. Это также хронологический список опубликованных работ автора, научное систематизированное описание книжных изданий, составление их списков, указателей и обзоров. | Бир нерсе боюнча – автору бир, бир теманы баяндаган ж.б. китептердин тизмеси. Бул ошондой эле автордун жарыяланган эмгектеринин хронологиялык тизмеси, китеп басылмаларынын илимий системага салынган баяндамасы, алардын тизмелерин, көрсөткүчтөрүн жана обзорлорун түзүү. |
| **Билатеризм** | **Билатеризм** |
| Организация международных торгово-экономических отношений на основе прямых двусторонних соглашений, заключаемых непосредственно между двумя странами. | Эки өлкөнүн ортосунда тикелей түзүлгөн кош тараптуу тикелей макулдашуулардын негизинде эл аралык соода-экономикалык мамилелерди уюштуруу. |
| **Бифуркация** | **Бифуркация** |
| Приобретение нового качества в движениях динамической системы при малом изменении ее параметров. Состояние в процессе изменений системы, не имеющее однозначно предсказуемой тенденции развития. Дальнейшее развитие связано с реализацией одной из не- | Динамикалуу системанын параметрлери бир аз гана өзгөргөндө, анын кыймылынын жаңы сапатка ээ болушу. Системанын өзгөрүү процессинде бир багытта алдын ала айтууга боло турган тенденцияга ээ болбогон абал. Андан аркы өнүгүшү бир нече бирдей |

| | |
|---|---|
| скольких равновероятных альтернатив. Нахожде-ние точек бифуркации дает возможность небольшими усилиями осуществить существенные изменения. | мүмкүнчүлүктөгү альтернативалардын бирин ишке ашыруу менен байланыштуу болот. Бифуркациянын талылуу жерлерин табуу анча көп күч-аракет жумшабастан эле олуттуу өзгөртүүлөргө жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет. |
| **Блага** | **Жыргалчылыктар** |
| Продукты и услуги, материальные и нематериальные средства удовлетворения человеческих потребностей, которые в свою очередь делятся на потребительские блага и блага производственного назначения. | Адамдын керектөөлөрүн канааттандыра турган продуктулар жана кызматтар, материалдык жана материалдык эмес каражаттар, алар өз кезегинде керектөө жыргалчылыктары жана өндүрүштүк арналыштагы жыргалчылыктар болуп бөлүнөт. |
| **Бонус** | **Бонус** |
| Дополнительное вознаграждение. Это может быть премия, дополнительная скидка, добавочный дивиденд и т.п. Например, за выслугу лет, за сверхурочное время, на иждивенцев. | Кошумча сый акы. Бул сый акы, кошумча жеңилдик, кошумча дивиденд ж.б. түрүндө болушу мүмкүн. Мисалы, эмгек сиңиргендиги үчүн, ашык иштегендиги үчүн, багууда болгондор үчүн берилет. |
| **Брифинг** | **Брифинг** |
| Встреча официальных лиц с представителями средств массовой информации, на которой вкратце излагается официальная позиция по определенному вопросу или согласованная сторонами, участвующими в международных переговорах, заседаниях, конференциях, информация об их ходе, взглядах сторон и т.д. | Расмий адамдардын жалпыга маалымат каражаттары менен жолугуп, кандайдыр бир маселе боюнча расмий позицияны билдирүүсү, же эл аралык сүйлөшүүлөрдө жактардын макулдашуусунун, отурумдарынын, конференцияларынын жүрүшү жөнүндө маалымат, тараптардын көз карашы жана башкалар. |
| **Бюджет** | **Бюджет** |
| Бюджет - это совокупность доходов и расходов на определенный период времени, обычно на один год. Важным понятием является государственный бюджет.<br>Государственный бюджет — важнейший финансовый документ страны. Он представляет собой совокупность финансовых смет всех ведомств, государственных служб, правительственных программ и т. д. В нём определяются потребности, подлежащие удовлетворению за счёт государственной казны, | Бюджет – бул кандайдыр бир убакыт аралыгында киреше менен чыгашанын жыйындысы, көбүнчө бир жыл аралыгында. Айрыкча мамлекеттик бюджет деген олуттуу түшүнүк.<br>Мамлекеттик бюджет – мамлекеттин эң олуттуу документи болуп саналат. Ал мамлекеттик кызматтын баардык ведомстволорунун, өкмөттүк программалардын финансылык сметасын чагылдырат ж.б. Мында мамлекеттин казынасы тарабынан канааттандырылуучу керектөөлөр белгиленип, |

| | |
|---|---|
| равно как указываются источники и размеры ожидаемых поступлений в государственную казну. | ошондой эле мамлекеттин казынасына түшчү булактар менен алардын көлөмү көрсөтүлөт. |
| **Бюджетно-финансовая политика** | **Бюджеттик-финансылык саясат** |
| Совокупность экономических и административных мер, предпринимаемых правительством с целью стабилизации и повышения эффективности национальной экономики, с использованием, главным образом, бюджетных и налоговых инструментов. | Негизинен бюджеттик жана салыктык шаймандарды пайдалануу менен, улуттук экономиканы турукташтыруу жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында өкмөт тарабынан көрүлгөн экономикалык жана административдик чаралардын жыйындысы. |
| **Бюрократизм** | **Бюрократчылдык** |
| Совокупность свойств, качеств, признаков, характеризующих бюрократически организованную властно-управленческую систему. Это управленческая аномалия, суть которой в том, что властный субъект начинает постепенно утрачивать качества элемента в целостной системе отношения «субъект — объект», перестает в своей профессиональной деятельности ориентироваться на ту цель, для которой он создан, и начинает работать на себя, на сохранение и упрочение своего статуса, учитывая в первую очередь свои собственные интересы. | Бюрократтык уюштурулган бийликтик - башкаруу системасын мүнөздөгөн касиеттердин, сапаттардын жыйындысы. Бул башкаруу аномалиясы, анын маңызы мындай: бийлик кылуучу субъект акырындык менен "субъект-объект" деген бир бүтүн системанын элементтеринин сапатынан ажырай баштайт, өзүнүн кесиптик ишинде өзү аткаруу үчүн түзүлгөн максатка багыт албай калат жана биринчи кезекте жеке өзүнүн таламдарын эске алуу менен өзүнө, өз статусун сактоого жана бекемдөөгө иштеп калат. |
| **Бюрократия** | **Бюрократия** |
| (от фр. *bureau* — бюро, канцелярия и греч. κράτος — господство, власть) — под этим словом подразумевают то направление, которое принимает государственное управление в странах, где все дела сосредоточены в руках органов центральной правительственной власти, действующих по предписанию (начальства) и через предписание (подчинённым); также под бюрократией разумеют класс лиц, резко выделенный из остального общества и состоящий из этих представителей центральной правительственной власти. Направление, которое принимает государственное управление в странах, где все дела сосредоточены в руках органов | (фр. *bureau* — бюро, кеңсе жана грек. κράτος — үстөмдүк, бийлик) —ушул сөз менен буйруктама (башкаруучулар) боюнча жана буйруктама аркылуу (кол алдындагылар) аракеттенген, бардык иштер борбордук өкмөттүк бийлик органдарынын колуна топтолгон өлкөлөрдө мамлекеттик башкаруу кабыл алган багытты түшүнөбүз; ошондой эле бюрократия деп коомдун калган бөлүгүнөн кескин айырмаланган жана борбордук өкмөттүк бийлик алардын өкүлдөрүнөн турган адамдардын табын түшүнөбүз. Алдын ала жазылган Иеархия, структура, кызматчылар, иш кагаздарын жүргүзүү, кызматтар системасы, кызматтык нускамалар жана |

| | |
|---|---|
| центральной власти, действующих по предписанию и через предписание; также это организация, для которой характерны иерархия, структура, служащие, делопроизводство, система должностей, служебные инструкции и правила. | эрежелер мүнөздүү болгон уюм. |

## В

| Валовой внутренний продукт | Ички дүң продукт |
|---|---|
| Совокупная рыночная стоимость всей конечной продукции (товаров и услуг), произведённой в экономике страны за год, независимо от источника использованных ресурсов. | Ресурстарды пайдалануу булактарына карабастан, жыл ичинде өлкөнүн экономикасында өндүрүлгөн акыркы продуктунун (товарлардын жана кызматтардын) рыноктук жыйынды наркы. |
| **Вариативность** | **Вариативдүүлүк** |
| Свойство систем и явлений быть изменчивым, переменным, разнообразным, меняться, видоизменяться, колебаться и т.д. Вариативность является мерой организованности структур и функций систем, показателем качества управления в системе. | Системалардын жана көрүнүштөрдүн кубулма, өзгөрүлмө, ар түрдүү болуу, өзгөрүү, түрүн өзгөртүү, олку-солку болуу касиети. Вариативдүүлүк системалардын структураларын жана функцияларын уюштуруу чарасы, системадагы башкаруунун сапатынын көрсөткүчү болуп саналат. |
| **Ведомство** | **Ведомство** |
| Обобщенное название центральных органов государственного управления, осуществляющие координационную и контрольную деятельность. Это также специальные органы, образуемые правительством для решения конкретных вопросов – комиссии, советы, комитеты. | Координациялоочу жана контролдоочу ишти жүзөгө ашыруучу мамлекеттик башкаруунун борбордук органдарынын жалпыланган аталышы. Бул ошондой эле айкын маселелерди чечүү үчүн Өкмөт тарабынан түзүлгөн комиссиялар, кеңештер, комитеттер. |
| **Вербальные коммуникации** | **Вербалдык коммуникациялар** |
| Речевые коммуникации - устные и письменные. | Речтик коммуникациялар – оозеки жана жазуу. |
| **Верификация** | **Верификациялоо** |
| Проверка, проверяемость, способ подтверждения каких-либо теоретических | Тажрыйбалык маалымдамалар салыштыруу аркылуу кандайдыр-бир теория- |

| | |
|---|---|
| положений, алгоритмов, программ и процедур путем их сопоставления с опытными данными, алгоритмами и программами. Это также подтверждение соответствия конечного продукта предопределённым эталонным требованиям. | лык жоболорду, алгоритмдерди, программаларды жана жол-жоболорду текшерүү, текшерүүчүлүк, ырастоо ыкмасы. Бул ошондой эле акыркы продукттун алдын ала аныкталган эталондук талаптарга ылайык келишин ырастоо. |
| **Вероятность** | **Мүмкүнчүлүк** |
| Количественная мера возможности появления какого-либо события при определенных условиях и обстоятельствах | Белгилүү бир шарттарда, кырдаалдарда кандайдыр-бир окуянын келип чыгуу мүмкүнчүлүгүнүн сандык ченеми. |
| **Вето** | **Вето** |
| Право, означающее полномочие лица или группы лиц в одностороннем порядке заблокировать принятие того или иного решения. Оно может быть абсолютным или относительным. | Адамдын же адамдардын тобунун тигил же бул чечимди кабыл алууну бир жактуу тартипте токтотуп коюуга болгон ыйгарым укугун билдирген укук. Ал абсолюттук же салыштырмалуу болушу мүмкүн. |
| **Взяточничество** | **Паракорчулук** |
| Взяточничество представляет собой специально-должностное преступление; субъектом его может быть только должностное лицо, безразлично какого ведомства. Оно заключается в получении имущественной выгоды от частных лиц за действия или бездействие в пределах служебной компетенции должностного лица. Под должностным лицом, могущим быть субъектом преступления взяточничества, следует понимать не только лицо, состоящее на государственной службе, но и состоящее на службе общественной, выборной; не только лицо, занимающее постоянную должность, но и исполняющее временно возложенные на него государственной или общественной властью официальные обязанности. | Пара алуу атайын-кызматтык кылмыш болуп эсептелет; субъект болуп кызматкер адам эсептелет, анын кайсы ведомстводо иштегени баары бир. Бул кылмыш өз ичине кызматкер адамдын жеке адамдардан кызмат абалынын чегинде аракет кылып же тескерисинче аракет кылбай керек-жарактык пайда көрүүнү камтыйт. Пара алуу боюнча кылмышкер жооптуу кызматкер деп мамлекеттик кызматта эле турбастан, коомдук, шайлоочу кызматта тургандар да эсептелет; алардын ичине мамлекеттик жана коомдук бийликтин официалдык жүгү убактылуу артылгандар да болушу мүмкүн. |
| **Видение** | **Көрүнүш** |
| Краткая, лаконичная и вдохновляющая констатация того, чем организация/общество хотят стать и чего достичь в обозримом будущем, часто выраженная в конкурентных терминах. Она | Уюм/коом жакынкы келечекте болгусу, жеткиси, каалагысы келгенин кыска, так жана шыктандыруучу констатациялоо, ал көбүнчө атаандаш терминдер аркылуу билдирилет. Ал кеңири, |

| | |
|---|---|
| описывает широкие, активные стратегические намерения, а также описывает желаемый будущий результат, не указывая конкретно, как он будет достигнут. | активдүү стратегиялык ниеттерди, ошондой эле келечектеги каалаган натыйжаны баяндайт, мында ага кандайча жетишилери айкын көрсөтүлбөйт. |
| **Власть** | **Бийлик** |
| Способность и возможность оказывать определяющее воздействие на деятельность, поведение людей с помощью каких-либо средств – воли, авторитета, права, насилия. Это также политическое господство, система публичных органов. | Кандайдыр бир каражаттардын – эрктин, беделдин, укуктун, зомбулуктун жардамы менен адамдардын ишине, жүрүш-турушуна таасир тийгизүүнү аныктай турган жөндөмдүүлүк жана мүмкүнчүлүк. Бул ошондой эле саясий үстөмдүк, коомдук органдар системасы. |
| **Влияние** | **Таасир тийгизүү** |
| Использование конкретных средств, с помощью которых одно лицо вносит изменение в поведение, отношение и убеждение другого лица. | Айкын каражаттарды пайдалануу, анын жардамы менен бир адам экинчи адамдын жүрүш-турушуна, мамилесине жана ынанымына өзгөртүү киргизет. |
| **Внебюджетные средства** | **Бюджеттен тышкаркы каражаттар** |
| Внебюджетные средства – денежные средства государства, не включаемые в государственный бюджет и используемые для финансирования социальных нужд населения. Внебюджетные фонды аккумулируют денежные средства, взимаемые в виде отчислений от прибыли компаний. | Бюджеттен тышкаркы каражаттар – мамлекеттин мамлекеттик бюджетке киргизилбеген жана калктын социалдык муктаждыктарын финансылоо үчүн пайдаланыла турган акчалай каражаттары. Бюджеттен тышкаркы фонддор компаниялардын пайдасынан түшкөн чегерүүлөр түрүндө алынган акчалай каражаттарды топтойт. |
| **Внешний эффект** | **Сырткы эффект** |
| Любое воздействие (в виде стоимости или блага), происходящее от действия, влияющего на кого-то, кто не давал ясного согласия на получение этого воздействия. | Ушул таасирди алууга ачык макулдук бербеген кимдир-бирөөгө таасир тийгизген аракеттен улам келип чыккан ар кандай таасир (нарк же жыргалчылык түрүндө). |
| **Внешняя среда** | **Тышкы чөйрө** |
| Неконтролируемые факторы, которые воздействуют на внутреннюю структуру и процессы системы. Условно, ее можно разделить на макросреду и микросреду. | Системанын ички структурасына жана процесстерине таасир тийгизе турган контролдонбой турган факторлор. Аны шарттуу түрдө макро чөйрө жана микро чөйрө деп бөлүүгө болот. |

| Внутренняя среда | Ички чөйрө |
|---|---|
| Совокупность поддающихся контролю факторов внутри организации: ее цели, структура, задачи, технология и люди. | Уюмдун ичиндеги контролго алына турган факторлордун жыйындысы: анын максаттары, структурасы, милдеттери, технологиясы жана адамдар. |
| **Воздействие** | **Таасир тийгизүү** |
| Составляющая эффективности, отражающая уровень прямых и косвенных последствий вызванные осуществлением политики. | Эффективдүүлүктүн курамдык бөлүгү, саясатты жүзөгө ашыруудан улам келип чыккан тикелей жана кыйыр натыйжалардын деңгээлин чагылдырып турат. |
| **Воздействие политики** | **Саясаттын таасири** |
| Реальное изменение поведения или подходов, вызванное направленностью и продуктом политики. | Саясаттын продуктунун жана багытынын натыйжасында жүрүш-туруштун же мамилелердин айкын өзгөрүшү. |
| **Волюнтаризм** | **Өзүм билемдик** |
| Стремление реализовать желанные цели без учёта объективных обстоятельств и возможных последствий. Например, в экономике произвольные решения в хозяйственной практике, пренебрегающие объективными условиями и обоснованными рекомендациями. | Объективдүү жагдайларды жана мүмкүн болуучу кесепеттерди эске албастан каалаган максатын ишке ашырууга умтулуу. Мисалы, экономикада объективдүү шарттарды жана негиздүү сунуштарды этибарга албастан, чарбалык практикада өзү билип кабыл алынган чечимдер. |
| **Вопросы местного значения** | **Жергиликтүү маанидеги маселелер** |
| Вопросы непосредственного обеспечения жизнедеятельности населения муниципального образования, предусмотренные уставом муниципального образования в соответствии с Конституцией и законами. | Конституцияга жана мыйзамдарга ылайык муниципалдык түзүлүштүн уставында каралган, муниципалдык түзүлүштүн калкынын жашоо турмушун түздөн түз камсыз кылуу маселелери. |
| **Вторичные данные** | **Тышкаркы маалыматтар** |
| Данные, полученные из других источников (готовые чужие отчеты, публикации, результаты опросов, проведенные другими организациями), т.е. данные, полученные другими лицами и первоначально собранные для других целей. | Башка булактардан алынган малымдамалар (башка бирөөнүн даяр отчеттору, жарыяланган материалдар, башка уюмдар тарабынан жүргүзүлгөн сурамжылоолордун натыйжалары) б.а. башка адамдар тарабынан алынган жана адегенде башка максатар үчүн чогултулган маалымдамалар. |
| **Выборка** | **Тандап алуу** |
| Группа объектов, выбранная из гене- | Изилдөөлөр үчүн башкы жыйынды |

| | |
|---|---|
| ральной совокупности для исследования, представляет собой подмножество данной совокупности. | объектиден тандалып алынган объектилердин тобу, ушундай жыйындынын андан кийинки көптөгөн түрлөрүн билдирип турат. |
| **Выборы** | **Шайлоо** |
| Выборы - способ формирования органов государства и местного самоуправления с помощью голосования. Реализация гражданами своего права выбора является одной из важнейших форм их участия в управлении государством. Выборы осуществляются путём голосования (тайного, открытого), проводимого в соответствии с регламентом выборов. Это также инструмент легитимности государственной власти, они обеспечивают отбор политической элиты. | Шайлоолор – бул мамлекеттик жана жергиликтүү органдарды шайлоо аркылуу калыптандыруу. Жарандардын шайлоого катышуу укугун ишке ашыруусу мамлекетти башкаруунун олуттуу формаларынын бири деп эсептелет. Шайлоо добуш берүү (жашыруун, ачык) аркылуу жүзөгө ашырылат, добуш берүү шайлоонун регламентине ылайык жүргүзүлөт. Бул ошондой эле мамлекеттик бийликтин легитимдүүлүгүнүн шайманы, алар саясий элитаны тандап алууну камсыз кылат |
| **Вывод** | **Тыянак** |
| Интеллектуальное, умственное заключение, в ходе которого на основе какихлибо исходных положений формулируются суждения, логически вытекающие из них. | Интеллектуалдык, эс-акылдык корутунду, анын жүрүшүндө кандайдыр-бир баштапкы жоболордун негизинде, логикалык жагынан алардан келип чыга турган ой-жүгүртүү калыптан-дырылат. |
| **Выгоды** | **Пайдалар** |
| Прибыль, польза, извлекаемая из чегонибудь, преимущество, интерес (·чаще материальный). Результаты, являющиеся следствием альтернативных вариантов политики, которые рассматриваются как желательные некоторыми лицами принимающими решения. | Бир нерседен алынган киреше, артыкчылык, кызыкчылык (көбүнчө материалдык). Саясаттын альтернативалуу варианттарынын натыйжасы болуп эсептелген натыйжалар, алар чечим кабыл ала турган айрым адамдар тарабынан ылайыктуу катары кабыл алынат. |
| **Высшее руководство** | **Жогорку жетекчилик** |
| Должностные лица самого высокого уровня в органах исполнительной власти (избранные или назначенные). К ним относятся глава правительства, государства и политики высокого ранга, а также высшее руководство министерств. | Аткаруу бийлигинин органдарындагы эң жогорку деңгээлдеги кызмат адамдары (шайланган же дайындалган). Өкмөт, мамлекет башчысы жана жогорку рангдагы саясатчылар, ошондой эле министрликтердин жогорку жетекчилиги аларга таандык кылынат |

| | |
|---|---|
| **Внутренняя среда** | **Ички чөйрө** |
| Совокупность поддающихся контролю факторов внутри организации: ее цели, структура, задачи, технология и люди. | Уюмдун ичиндеги контролго алына турган факторлордун жыйындысы: анын максаттары, структурасы, милдеттери, технологиясы жана адамдар. |
| **Воздействие** | **Таасир тийгизүү** |
| Составляющая эффективности, отражающая уровень прямых и косвенных последствий вызванные осуществлением политики. | Эффективдүүлүктүн курамдык бөлүгү, саясатты жүзөгө ашыруудан улам келип чыккан тикелей жана кыйыр натыйжалардын деңгээлин чагылдырып турат. |
| **Воздействие политики** | **Саясаттын таасири** |
| Реальное изменение поведения или подходов, вызванное направленностью и продуктом политики. | Саясаттын продуктунун жана багытынын натыйжасында жүрүш-туруштун же мамилелердин айкын өзгөрүшү. |
| **Волюнтаризм** | **Өзүм билемдик** |
| Стремление реализовать желанные цели без учёта объективных обстоятельств и возможных последствий. Например, в экономике произвольные решения в хозяйственной практике, пренебрегающие объективными условиями и обоснованными рекомендациями. | Объективдүү жагдайларды жана мүмкүн болуучу кесепеттерди эске албастан каалаган максатын ишке ашырууга умтулуу. Мисалы, экономикада объективдүү шарттарды жана негиздүү сунуштарды этибарга албастан, чарбалык практикада өзү билип кабыл алынган чечимдер. |
| **Вопросы местного значения** | **Жергиликтүү маанидеги маселелер** |
| Вопросы непосредственного обеспечения жизнедеятельности населения муниципального образования, предусмотренные уставом муниципального образования в соответствии с Конституцией и законами. | Конституцияга жана мыйзамдарга ылайык муниципалдык түзүлүштүн уставында каралган, муниципалдык түзүлүштүн калкынын жашоо турмушун түздөн түз камсыз кылуу маселелери. |
| **Вторичные данные** | **Тышкаркы маалыматтар** |
| Данные, полученные из других источников (готовые чужие отчеты, публикации, результаты опросов, проведенные другими организациями), т.е. данные, полученные другими лицами и первоначально собранные для других целей. | Башка булактардан алынган малымдамалар (башка бирөөнүн даяр отчеттору, жарыяланган материалдар, башка уюмдар тарабынан жүргүзүлгөн сурамжылоолордун натыйжалары) б.а. башка адамдар тарабынан алынган жана адегенде башка максатар үчүн чогултулган маалымдамалар. |
| **Выборка** | **Тандап алуу** |
| Группа объектов, выбранная из гене- | Изилдөөлөр үчүн башкы жыйынды |

| | |
|---|---|
| ральной совокупности для исследования, представляет собой подмножество данной совокупности. | объектиден тандалып алынган объектилердин тобу, ушундай жыйындынын андан кийинки көптөгөн түрлөрүн билдирип турат. |
| **Выборы** | **Шайлоо** |
| Выборы - способ формирования органов государства и местного самоуправления с помощью голосования. Реализация гражданами своего права выбора является одной из важнейших форм их участия в управлении государством. Выборы осуществляются путём голосования (тайного, открытого), проводимого в соответствии с регламентом выборов. Это также инструмент легитимности государственной власти, они обеспечивают отбор политической элиты. | Шайлоолор – бул мамлекеттик жана жергиликтүү органдарды шайлоо аркылуу калыптандыруу. Жарандардын шайлоого катышуу укугун ишке ашыруусу мамлекетти башкаруунун олуттуу формаларынын бири деп эсептелет. Шайлоо добуш берүү (жашыруун, ачык) аркылуу жүзөгө ашырылат, добуш берүү шайлоонун регламентине ылайык жүргүзүлөт. Бул ошондой эле мамлекеттик бийликтин легитимдүүлүгүнүн шайманы, алар саясий элитаны тандап алууну камсыз кылат |
| **Вывод** | **Тыянак** |
| Интеллектуальное, умственное заключение, в ходе которого на основе каких-либо исходных положений формулируются суждения, логически вытекающие из них. | Интеллектуалдык, эс-акылдык корутунду, анын жүрүшүндө кандайдыр-бир баштапкы жоболордун негизинде, логикалык жагынан алардан келип чыга турган ой-жүгүртүү калыптан-дырылат. |
| **Выгоды** | **Пайдалар** |
| Прибыль, польза, извлекаемая из чего-нибудь, преимущество, интерес (·чаще материальный). Результаты, являющиеся следствием альтернативных вариантов политики, которые рассматриваются как желательные некоторыми лицами принимающими решения. | Бир нерседен алынган киреше, артыкчылык, кызыкчылык (көбүнчө материалдык). Саясаттын альтернативалуу варианттарынын натыйжасы болуп эсептелген натыйжалар, алар чечим кабыл ала турган айрым адамдар тарабынан ылайыктуу катары кабыл алынат. |
| **Высшее руководство** | **Жогорку жетекчилик** |
| Должностные лица самого высокого уровня в органах исполнительной власти (избранные или назначенные). К ним относятся глава правительства, государства и политики высокого ранга, а также высшее руководство министерств. | Аткаруу бийлигинин органдарындагы эң жогорку деңгээлдеги кызмат адамдары (шайланган же дайындалган). Өкмөт, мамлекет башчысы жана жогорку рангдагы саясатчылар, ошондой эле министрликтердин жогорку жетекчилиги аларга таандык кылынат |

| Гарантия | Кепилдик |
|---|---|
| Обеспечение осуществления, исполнения чего-л., поручительство. Это также документ, подтверждающий такое поручительство, обязательство. | Бир нерсени жүзөгө ашырууну, аткарууну камсыз кылуу, бул ошондой эле ушундай кепилдикти, милдеттенмени ырастаган документ. |
| **Гендер** | **Гендер** |
| Социальный пол, определяющий поведение человека в обществе и то, как это поведение воспринимается. Это то полоролевое поведение, которое определяет отношение с другими людьми: друзьями, коллегами, одноклассниками, родителями, случайными.<br>Совокупность социальных и культурных норм, которые общество предписывает выполнять людям в зависимости от их биологического пола. | Адамдын коомдогу жүрүш-турушунун аныктамасы жана анын жүрүш-турушунун кабыл алынышы, социалдык жыныс. Ошондой эле башка адамдар менен: достору, кесиптештери, класс-сташтары, ата-энеси, бөтөндөр менен мамиле кылууда жыныстык ролу.<br>Коом адамдардын биологиялык жынысына жараша аткарууну талап кылган социалдык жана маданий ченемдердин жыйындысы. |
| **Гендерный бюджет** | **Гендердик бюджет** |
| Бюджет, составленный с учетом потребностей и интересов, отражающих социально-половую структуру общества, в частности — интересов женщин; синоним — социополовой бюджет. | Социалдык-жыныстык структураны чагылдырчу, талаптар менен кызыкчылыктарды эсепке алуу менен түзүлгөн бюджет, мындайча айтканда – аялдардын; синоними – социожыныстык бюджет. |
| **Генеральная совокупность** | **Башкы жыйынды** |
| Совокупность всех объектов (единиц), по которым будут делаться выводы при изучении конкретной проблемы. Она состоит из всех объектов, которые подлежат изучению. | Айкын проблеманы изилдөөдө тыянактар чыгарыла турган бардык объекттердин (бирдиктердин) жыйындысы. Ал изилдене турган бардык объекттерден турат. |
| **Геополитика** | **Геосаясат** |
| Теория и практика международных отношений, основанных на учете взаимосвязи географических, социально-политических, военных, демографических, экономических и других факторов. | Эл аралык мамилелердин географиялык, социалдык-экономикалык, аскердик, демографиялык, экономикалык жана башка факторлордун өз ара байланышын эске алууга негизделген теория жана практика. |

| | |
|---|---|
| **Гипотеза** | **Гипотеза** |
| Предположение, о закономерностях или зависимостях какого-либо явления, которое предполагается, но должна быть доказана. | Келип чыгышы болжолдуу, бирок далилденүүгө тийиш болгон кандайдыр-бир көрүнүштүн мыйзам ченемдүүлүктөрү же көз карандылыктары туралу болжолдор. |
| **Глава района** | **Аким** |
| Должностное лицо, назначаемое для осуществления на праве единоначалия руководства деятельностью районной государственной администрации на территории района и обеспечения согласованной деятельности районных органов исполнительной власти и органов местного самоуправления, проведения единой государственной политики. | Райондун аймагында райондук мамлекеттик администрациянын ишине жеке башкаруу укугунда жетекчиликти жүзөгө ашыруу жана аткаруу бийлигинин райондук органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын макулдашылган ишин камсыз кылуу, мамлекеттик бирдиктүү саясатты жүргүзүү үчүн дайындалган кызмат адамы. |
| **Глава государства** | **Мамлекет башчысы** |
| Должностное лицо, занимающее высшее место в системе органов государства, обеспечивающее единство, устойчивость государственной власти, олицетворяющее государство во внутренней и внешней политике. В государствах с республиканской формой правления - избранный президент. | Мамлекеттик органдар системасында жогорку орунду ээлеген, мамлекеттик бийликтин биримдигин, туруктуулугун камсыз кылган, ички жана тышкы саясатта мамлекетти билдирип турган кызмат адамы. Республикалык башкаруу формасы менен мамлекеттерде – шайланган президент. |
| **Глава села** | **Айыл башчысы** |
| Лицо, назначенное главой местного самоуправления села с согласия схода жителей соответствующей территории для организации оперативного управления местными делами отдельно расположенных населенных пунктов. | Өзүнчө жайгашкан калктуу конуштардын жергиликтүү иштерин оперативдүү башкарууну уюштуруу үчүн тиешелүү аймактын тургундарынын жыйынынын макулдугу менен айылдын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун башчысы болуп дайындалган адам. |
| **Глобализация** | **Глобалдаштыруу** |
| Интеграция экономик стран мира благодаря расширению потока товаров, услуг, капитала, труда и идей. | Товарлардын, кызматтардын, капиталдын, эмгектин жана идеялардын агымынын кеңейишинин натыйжасында дүйнөдөгү өлкөлөрдүн экономикаларынын интеграцияланышы |
| **Господство** | **Үстөмдүк кылуу** |
| Организационное и законодательное | Коомдо башкаруучулук эмгекти, ага |

| | |
|---|---|
| оформление факта разделения в обществе управленческого труда и связанных с ним привилегий и исполнительской деятельности. | байланыштуу артыкчылыктарды жана аткаруучулук ишин бөлүштүрүү фактысын уюштуруучулук жана мыйзамдык жагынан жол-жоболоштуруу. |
| **Государственная администрация** | **Мамлекеттик администрация** |
| Органы исполнительной власти, предназначенные для проведения государственной политики и исполнения решений центральных органов государственной власти. | Аткаруу бийлигинин мамлекеттик саясатты жүргүзө турган жана мамлекеттик бийликтин борбордук органдарынын чечимдерин аткара турган органдары. |
| **Государственная власть** | **Мамлекеттик бийлик** |
| Выражение воли и силы государства, воплощенное в специально организованных органах власти. Их деятельность в направленных на обеспечение стабильности и порядка в обществе, защите его граждан путем использования различных методов, в том числе принуждения и военной силы. | Мамлекеттин эркин жана күчүн атайын уюштурулган бийлик органдары аркылуу жүзөгө ашыруу. Алардын иши ар кандай ыкмаларды, анын ичинде мажбурлоо чараларын жана аскердик күчтөрдү пайдалануу аркылуу коомдогу туруктуулукту жана тартипти камсыз кылууга, анын жарандарын коргоого багытталган. |
| **Государственная политика** | **Мамлекеттик саясат** |
| Совокупность целей и задач, практически реализуемых государством, а также средств, используемых при этом. Это также официальные заявления представителей органов государственной власти по общественным проблемам, о целях и намерениях по их решению. | Мамлекет тарабынан иш жүзүндө ишке ашырылып жаткан максаттардын жана милдеттердин, ошондой эле мында пайдаланылган каражаттардын жыйындысы. Бул ошондой эле мамлекеттик бийлик органдарынын өкүлдөрүнүн коомдук проблемалар, аларды чечүү боюнча максаттар жана ниеттер тууралуу расмий билдирүүлөрү. |
| **Государственная программа** | **Мамлекеттик программа** |
| Комплекс взаимосвязанных по ресурсам, срокам и исполнителям мероприятий, обеспечивающих эффективное решение важнейших государственных проблем на приоритетных направлениях развития страны. | Өлкөнү өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарындагы эң маанилүү мамлекеттик проблемаларды натыйжалуу чечүүнү камсыз кыла турган, ресурстары, мөөнөттөрү жана аткаруучулары өз ара байланышта болгон иш-чаралардын комплекси. |
| **Государственная служба** | **Мамлекеттик кызмат** |
| Профессиональная деятельность лиц, занимающих должности в государственных органах и их аппарате по | Мамлекеттик органдарда жана алардын аппараттарында мамлекеттин милдеттерин жана функцияларын |

| | |
|---|---|
| практическому выполнению задач и функций государства и получающих заработную плату за счет государственных средств. | практикалык аткаруу боюнча кызматтарды ээлеп турган жана мамлекеттик каражаттардын эсебинен эмгек акы алган адамдардын кесиптик иши. |
| **Государственная собственность** | **Мамлекеттик менчик** |
| Форма собственности, при которой имущество, в том числе средства и продукты производства, принадлежат государству полностью или на основе долевой либо совместной собственности. Государству могут принадлежать акции в акционерных обществах различных форм собственности; кроме того, государство может иметь в собственности любое имущество, необходимое для осуществления его функций. | Менчиктин формасы, анын тушунда мүлк, анын ичинде өндүрүш каражаттары жана продуктулары толугу менен же үлүштүк же болбосо биргелешкен менчиктин негизинде мамлекетке таандык болот. Менчигинин формасы ар кандай болгон акционердик коомдордун акциялары мамлекетке таандык болушу мүмкүн; мындан тышкары, мамлекет өзүнүн функцияларын жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон ар кандай мүлктүн менчик ээси болушу мүмкүн. |
| **Государственное регулирование** | **Мамлекеттик жөнгө салуу** |
| Управляющие воздействия государственных органов на экономические процессы и отношения с целью придания им направленности, устойчивости, поддержания их на определенном уровне посредством использования разнообразных инструментов государственного воздействия. | Мамлекеттик органдардын экономикалык процесстерге жана мамилелерге багыттуулук, туруктуулук берүү, мамлекеттик таасир тийгизүүнүн ар түрдүү шаймандарын пайдалануу аркылуу аларды белгилүү бир деңгээлде кармап туруу максатында аларга тийгизген башкаруучулук таасири. |
| **Государственное управление** | **Мамлекеттик башкаруу** |
| В широком смысле: целенаправленное воздействие государства, его органов на общество в целом, те или иные его сферы для выполнения стоящих перед обществом задач и функций. В узком смысле - это исполнительно-распорядительная деятельность государственных органов всех уровней. Это также: а) деятельность должностных лиц государственных органов по осуществлению государственной политики; б) отрасль науки, изучающая государственное управление, вскрывает его проблемы, разрабатывает предложения по их эффективному решению. | Кеңири мааниде алганда: коомдун алдында турган милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн мамлекеттин, анын органдарынын жалпы коомго, анын тигил же бул чөйрөлөрүнө максатка багытталган таасир тийгизиши. Тар мааниде алганда – бул бардык деңгээлдердеги мамлекеттик органдардын аткаруучу тескөөчү иши. Бул ошондой эле: а) мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруу боюнча иши; б) илимдин мамлекеттик башкарууну изилдеген, анын проблемаларын ачыкка чыгарган, аларды натыйжалуу чечүү боюнча сунуштарды иштеп чыга турган тармагы. |

| Государственно-частное партнёрство | Мамлекеттик- жеке менчик өнөктөштүк |
|---|---|
| Совокупность форм средне- и долгосрочного взаимодействия государства и бизнеса для решения общественно значимых задач на взаимовыгодных условиях. | Коомдук маанилүү милдеттерди өз ара пайдалуу шарттарда чечүү үчүн мамлекеттин жана бизнестин орто жана узак мөөнөттүү өз ара аракеттеринин формаларынын жыйындысы |
| **Государственные закупки** | **Мамлекеттик сатып алуулар** |
| Заказы на поставку товаров, выполнение работ, оказание услуг для государственных или муниципальных нужд. Основным способом их осуществления являются контракты заключаемые через конкурс. | Мамлекеттик же муниципалдык муктаждыктар үчүн товарларды жөнөтүүгө, жумуштарды аткарууга, кызматтарды көрсөтүүгө буюртмалар-ды берүү. Аларды жүзөгө ашыруунун негизги ыкмасы конкурс аркылуу түзүлгөн контракттар болуп эсептелет. |
| **Государственные полномочия** | **Мамлекеттик ыйгарым укуктар** |
| Права и обязанности органов государственной власти по решению вопросов, отнесенных к их ведению конституцией, законами, а также иными нормативными правовыми актами. | Мамлекеттик бийлик органдарынын Конституция, мыйзамдар, ошондой эле башка ченемдик укуктук актылар менен алардын карамагына таандык кылынган маселелерди чечүү боюнча укуктары жана милдеттери. |
| **Государственные расходы** | **Мамлекеттик чыгымдар** |
| Затраты государства на приобретение материальных благ или услуг, связанных с удовлетворением общественных потребностей. | Мамлекеттин коомдук керектөөлөрдү канааттандырууга байланыштуу материалдык жыргалчылыктарды кызматтарды сатып алууга кеткен чыгымдары. |
| **Государственные услуги** | **Мамлекеттик тейлөөлөр** |
| Результат деятельности в рамках компетенции государственного органа, направленной на реализацию прав, законных интересов физических или юридических лиц выполняемой по их официальному требованию. | Мамлекеттик органдын компетенциясынын алкагындагы, жеке жана юридикалык жактардын расмий талабы боюнча алардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын ишке ашырууга багытталган ишинин натыйжасы. |
| **Государственный аппарат** | **Мамлекеттик аппарат** |
| Совокупность государственных органов, наделенных определенными правами, имеющими свои обязанности, структуру и штаты, соответствующее | Белгилүү укуктар берилген, өзүнүн милдеттери, структурасы жана штаттары, тиешелүү материалдык-техникалык каражаттары бар мамлекеттик |

| | |
|---|---|
| материально-техническое средства. | органдардын жыйындысы. |
| **Государственный минимальный стандарт** | **Мамлекеттик минималдуу стандарт** |
| Установленный законодательством минимальный уровень гарантий социальной защиты, обеспечивающий удовлетворение важнейших потребностей человека. | Мыйзамдар тарабынан белгиленген, адамдын эң маанилүү керектөөлөрүн канааттандырууну камсыз кылган социалдык коргоонун кепилдигинин минималдуу деңгээли. |
| **Государственный орган** | **Мамлекеттик орган** |
| Самостоятельная структурная единица государственной власти, наделенная государственно-властными полномочиями, необходимыми для реализации функций определенной ветви власти. | Бийликтин белгилүү бир бутагынын функцияларын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон мамлекеттик-бийликтик ыйгарым укуктар берилген мамлекеттик бийликтин өз алдынча структуралык бирдиги. |
| **Государственный сектор** | **Мамлекеттик сектор** |
| Часть экономики, полностью контролируемая государственными органами и находящаяся в собственности государства. В нее входят: образование, здравоохранение, социальные услуги, общественный транспорт, государственные предприятия и корпорации. | Экономиканын мамлекеттик органдар тарабынан толугу менен контролдонгон жана мамлекеттин менчигинде болгон бөлүгү. Ага: билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык кызматтар, коомдук транспорт, мамлекеттик ишканалар жана корпорациялар кирет. |
| **Государственный служащий** | **Мамлекеттик кызматкер** |
| Лицо, находящееся на государственной службе и профессионально занимающееся деятельностью по обеспечению полномочий государственных органов. | Мамлекеттик кызматта иштеген жана мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын камсыз кылуу боюнча кесиптик иш жүргүзгөн адам. |
| **Государство** | **Мамлекет** |
| Социально-политическая организация общества, обладающая публичной властью, имеющая собственную структуру управления (государственный аппарат) и функции. Это также определенная территория с населением, на которую распространяется его юрисдикция. | Коомдук бийликке ээ болгон, өзүнүн башкаруучу жеке структурасы (мамлекеттик аппараты) жана функциялары бар, коомдун социалдык-саясий уюму. Бул ошондой эле анын юрисдикциясы жайылтыла турган калктуу белгилүү бир аймак. |
| **Гражданские инициативы** | **Жарандык демилгелер** |
| Самоорганизация граждан для взаимопонимания или защиты своих | Өз ара түшүнүүгө жетишүү же бийликтин же администрациянын (билим |

| | |
|---|---|
| интересов от ущемления их решениями властей или администрации (образование, транспорт, жилье). | берүү, транспорт, турак жай) чечимдеринин натыйжасында шек келтирилген өз таламдарын коргоо үчүн жарандардын өз алдынча уюмдашуусу. |
| **Гражданское общество** | **Жарандык коом** |
| Неконтролируемые государством организованные структуры населения (политические партии, общественные организации и т.д.) которые выражают различные интересы и потребности граждан, и основываются на непринуждаемых действиях, которые не нацелены на получение прибыли. | Калктын мамлекет тарабынан контролдонбой турган уюмдашкан структуралары (бизнес, саясий партиялар, коомдук уюмдар ж.б.) алар жарандардын ар кандай таламдарын жана керектөөлөрүн билдирет жана пайда алууга багытталбаган, мажбурланып жасалбаган аракеттерге негизделет. |
| **Гражданство** | **Жарандык** |
| Устойчивая политико-правовая связь человека и государства, выражающаяся в их взаимных правах и обязанностях. | Адамдын жана мамлекеттин туруктуу саясий-укуктук байланышы, бул алардын өз ара укуктарынан жана милдеттеринен көрүнөт. |
| **Грант** | **Грант** |
| Безвозмездные трансферты, предоставляемые республиканским бюджетом и направляемые в местные бюджеты для решения актуальных проблем на безвозмездной и безвозвратной основах. Это также: а) перевод денежных средств (и/или собственности) одним правительством другому; б) перевод денег правительством отдельной организации или отдельному индивидууму в определенных целях. | Акысыз жана кайтарылбай турган негизде актуалдуу проблемаларды чечүү үчүн республикалык бюджет тарабынан берилген жана жергиликтүү бюджеттерге жиберилген кайтарылбай турган трансферттер. Бул ошондой эле: а) бир өкмөт тарабынан экинчи өкмөткө акчалай каражаттарды (жана/же менчикти) которуу; б) өкмөт тарабынан белгилүү бир максаттарда акчаны өзүнчө уюмга же өзүнчө индивидуумга которуу. |
| **Группа** | **Топ** |
| Совокупность лиц, объединенных общей профессией, деятельностью, общностью интересов, взглядов и т.п. Это также совокупность тех или иных веществ, предметов, явлений, объединенных общностью признаков и свойств. | Жалпы кесиби, иши, таламдарынын, көз караштарынын жалпылыгы ж.б. боюнча бириккен адамдардын жыйындысы. Бул ошондой эле белгилеринин жана касиеттеринин жалпылыгы боюнча бириккен тигил же бул заттардын, предметтердин, көрүнүштөрдүн жыйындысы. |
| **Группы давления** | **Кысым көрсөтүү топтору** |
| Организованные группы (объединения, | Уюмдашкан топтор (бирикмелер, ке- |

| | |
|---|---|
| профсоюзы, корпорации и пр.), основной задачей которых является целенаправленное воздействие на органы государственной власти, политические партии и политических лидеров с целью обеспечения своих интересов (лоббирование) | сиптик бирдиктер, корпорациялар ж.б.), алардын негизги милдети өз таламдарын камсыз кылуу максатында мамлекеттик бийлик органдарына, саясий партияларга жана саясий лидерлерге максатка багытталган таасир тийгизүү (түрткүлөө) болуп саналат. |
| **Группы интересов** | **Таламдаш топтор** |
| Неправительственные и непартийные общественные объединения людей создающихся на постоянной или временной основе, для влияния на органы власти, с целью продвижения,защиты и обеспечения интересов конкретных социальных групп. | Айкын социалдык топтордун таламдарын алга жылдыруу, коргоо жана камсыз кылуу максатында бийлик органына таасир тийгизүү үчүн адамдардын туруктуу же убактылуу негизде түзүлгөн өкмөттүк эмес жана партиялык эмес коомдук бирикмелери. |
| **Губернатор** | **Губернатор** |
| Глава большой административно-территориальной единицы назначаемый центральным органом власти или избираемый населением. | Ири администрациялык-аймактык бирдиктин башчысы, ал бийликтин борбордук органы тарабынан дайындалат же калк тарабынан шайланат. |
| **Гуманитарная помощь** | **Гуманитардык жардам** |
| Вид безвозмездной помощи (содействия); средства для жизни, бесплатно распространяемые среди населения районов, охваченных гуманитарной катастрофой или стоящих на её грани. | Акысыз жардамдын (көмөк көрсөтүүнүн) түрү; гуманитардык катастрофага туш болгон же анын чегинде турган райондордун калкынын арасында жашоо үчүн акысыз таратыла турган каражаттар. |

## Д

| **Данные** | **Маалымдамалар** |
|---|---|
| Структурированная информация, фиксированная в определенной форме, пригодная для последующей обработки, хранения и передачи. Различают: а) первичные данные, полученные в ходе исследования в виде интервью, документальных записей о событиях, результатах анализа прессы и т.п.; б) вторичные данные, которые «извлекают» изучения научных публикаций | Белгилүү бир формада белгиленген, кийин иштеп чыгууга, сактоого жана берүүгө жарактуу структурага салынган маалымат. Алар төмөндөгүдөй айырмаланат: а) баштапкы малым-дамалар, алар изилдөөнүн жүрүшүндө алынган окуялар, басма сөздөгү талдоонун натыйжалары ж.б. тууралуу интервью, документтик жазмалар түрүндө болот; б) тышкаркы маалымдамалар, алар илимий басылмаларды изилдөөдөн же |

| | |
|---|---|
| или опросов экспертов. | эксперттердин сурамжылоолорунан «алынат». |
| **Дебаты** | **Дебаттар** |
| Обсуждение какого-либо вопроса, обмен мнениями, прения, споры. | Кандайдыр-бир маселени талкуулоо, пикир алышуу, жарыш сөздөр, талаштар. |
| **Девиантное поведение** | **Девианттык жүрүш-туруш** |
| Совершение поступков, которые противоречат нормам социального поведения в том или ином сообществе. Это также способ решения личностью внутреннего и внешнего конфликта путем отхода от системы общепринятых норм и ценностей и выработку собственных. | Тигил же бул коомчулуктагы социалдык жүрүш-туруштун ченемдерине карама-каршы келген жосундарды жасоо. Бул ошондой эле инсандын жалпы кабыл алынган ченемдерден жана баалуулуктардан четтөө жана жеке өзүнүн ченемдерин иштеп чыгуу аркылуу ички жана тышкы конфликттерди чечишинин ыкмасы. |
| **Дедукция** | **Дедукция** |
| Метод получения знаний о частях или аспектах изучаемого предмета на основании имеющихся знаний о предмете в целом. Это также рассуждения от общего к частному. | Жалпы предмет жөнүндө колдо болгон билимдердин негизинде изилденип жаткан предметтин бөлүктөрү же аспектилери жөнүндө билимдерге ээ болуунун ыкмасы. Бул ошондой эле жалпыдан жекеге карай ой жүгүртүү. |
| **Дезинформация** | **Жалган маалымат таратуу** |
| Процесс манипулирования информацией, как то: введение кого-либо в заблуждение путём предоставления неполной информации или полной, но уже не нужной информации, искажения контекста, искажения части информации. | Кандайдыр-бир түрдө маалыматты манипуляциялоо процесси: толук эмес же кереги жок болуп калган маалыматты толук берүү аркылуу кимдир-бирөөнү адаштыруу, контекстти бурмалоо, маалыматтын бир бөлүгүн бурмалоо. |
| **Действие нормативного акта** | **Ченемдик актынын колдонулушу** |
| Действие нормативно-правовых актов очерченных во времени, в пространстве и по кругу охватываемых этими актами лиц. | Ченемдик укуктук актылардын ушул актылар менен камтылган адамдарга карата убакыт, мейкиндик жана чөйрө боюнча колдонулушу. |
| **Действия в рамках политики** | **Саясаттын алкагындагы аракеттер** |
| Последовательность действий, осуществляемых согласно некоторому альтернативному варианту политики и | Саясаттын айрым бир альтернативалуу вариантына ылайык жүзөгө ашырылган жана белгилүү бир |

| | |
|---|---|
| направленных на достижение определенных ценностей. | баалуулуктарга жетишүүгө багытталган аракеттердин ырааттуулугу. |
| **Декларация** | **Декларация** |
| Официальное заявление; обычно в форме декларации провозглашаются основные принципы внешней или внутренней политики государства, программные положения политических партий, основные положения деятельности международных организаций в конкретной области международных отношений. Это также название некоторых документов (например, декларация о доходах, таможенная декларация). | Расмий билдирүү; адатта мамлекеттин тышкы же ички саясатынын негизги принциптери, саясий партиялардын программалык жоболору, эл аралык уюмдардын ишинин эл аралык мамилелердин айкын жагындагы негизги жоболору. Бул ошондой эле айрым документтердин аталышы (мисалы, кирешелер жөнүндө декларация, бажылык декларация). |
| **Декомпозиция** | **Декомпозиция** |
| Расчленение системы на более простые части - элементы. Способом членения может выступать система – подсистема – элементы. | Системаны алда канча жөнөкөй бөлүктөргө - элементтерге жиктештирүү. Система – чакан система – элементтер жиктештирүү ыкмасы болушу мүмкүн. |
| **Деконцентрация** | **Деконцентрация** |
| Перераспределение обязанностей по разработке и принятию решений, финансовых и управленческих полномочий среди различных уровней центральных органов власти. | Бийликтин борбордук органдарынын ар кандай деңгээлдеринин ортосунда чечимдерди иштеп чыгуу жана кабыл алуу боюнча милдеттерди жана финансылык жана башкаруучулук ыйгарым укуктарды кайра бөлүштүрүү. |
| **Делегирование полномочий** | **Ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү** |
| Передача министерствами и ведомствами большего объема полномочий и предоставление большей автономии в разработке и принятии решений подчиненным органам, а в рамках самих министерств – их структурным подразделениям и непосредственным руководителям. | Министрликтер жана ведомстволор тарабынан ыйгарым укуктардын көпчүлүк көлөмүн өзүнө баш ийген органдарга өткөрүп берүү жана чечимдерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда кеңири автономия берүү, ал эми министрликтердин өзүнүн алкагында алардын структуралык бөлүмдөрүнө жана тикелей жетекчилерине өткөрүп берүү. |
| **Делегированные государственные полномочия местного самоуправления** | **Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктары** |
| Полномочия, осуществляемые органа- | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу |

| | |
|---|---|
| ми местного самоуправления по поручению и от имени государства. По делегированным государственным полномочиям органы самоуправления подотчетны перед соответствующими органами государственной власти. | органдарынын мамлекеттин тапшырмасы жана анын атынан жүзөгө ашырылган ыйгарым укуктары. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча мамлекеттик органдардын тиешелүү органдарынын алдында отчет берет. |
| **Делегитимизация** | **Делегитимизация** |
| Потеря политическим режимом своей легитимности, неспособность власти обеспечить участие общества в управлении государством. | Саясий режимдин өзүнүн легитимдүүлүгүн жоготушу, бийликтин мамлекетти башкарууга коомдун катышуусун камсыз кылууга жөндөмсүздүгү. |
| **Делиберация экономики** | **Экономиканын делиберациясы** |
| Процесс, который заключается в усилении государственного контроля над экономикой: административном установлении цен и тарифов, замораживании заработной платы, свертывании рынков товаров, труда и капиталов. Возрастает «закрытость» экономики; происходит сокращение участия страны в мировых хозяйственных связях в результате роста протекционизма, расширения спектра тарифных и нетарифных ограничений импорта и экспорта. Как целостная политика делиберализация экономики проводилась тоталитарными режимами, взявшими курс на автаркию и подготовку к войне. Элементы делиберализации экономики в отдельных странах усиливаются или ослабляются в зависимости от социально-экономической ситуации, общенациональных интересов и господствующих в данный момент представлений о них. Проведение политики делиберализации экономики зависит также от соотношения сил различных слоев и выражающих их интересы партий, так называемых групп давления. | Мамлекеттин экономиканы көзөмөлдөөсүн күчөтүү процесси: тарифтерди жана бааларды административдик бекитүү, айлыктарды өстүрбөй кармап туруу, товарлар, эмгек, капитал рыногун жабуу. Экономиканын "жабыктыгы" күчөйт; протекционизмдин өсүүсү менен мамлекеттин дүйнөдөгү башка чарбачылык байланыштар кыскарат, экспорт менен импортто тарифтик жана тарифтик эмес чектөөлөрдүн спектри кеңейет. Экономиканын делиберациясы тоталитардык режимдеги жана согушка даярданган, автаркияга курс алган мамлекеттер тарабынан бир бүтүн саясат катары пайдаланылчу. Кээ бир мамлекеттерде экономиканын делиберациясынын элементтери социалдык-экономикалык кырдаалга, жалпы улуттук кызыкчылыкка, жана ошол учурдагы алар жөнүндө элестетүүлөргө байланыштуу. Экономиканы делиберация саясатын өткөрүү ар кандай партиялардын кызыкчылыгын билдирген түрдүү катмарлардын, мындайча айтканда басым жасоочу топтордун күчүнүн катышына жараша болот. |
| **Демография** | **Демография** |
| Наука о закономерностях воспроизводства населения, о зависимости его | Калктын санынын өсүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү, анын мүнөзүнүн |

| | |
|---|---|
| характера от социально-экономических, природных условий, миграции, изучающая численность, территориальное размещение и состав населения, их изменения, причины и следствия этих изменений и дающая рекомендации по их улучшению. | социалдык-экономикалык, табигый шарттарга, миграцияга көз карандылыгы тууралуу, калктын санын, аймактык жайгашуусун жана курамын, алардын өзгөрүшүн, ушул өзгөрүүлөрдүн себептерин жана натыйжаларын изилдей турган жана аларды жакшыртуу боюнча сунуштарды бере турган илим. |
| **Демократизация** | **Демократиялаштыруу** |
| Процесс внедрения демократических начал и ценностей, переустройство государства, общества на демократических основах. | Демократиялык башталыштарды жайылтуу процесси, мамлекетти, коомду демократиялык негиздерде кайра куруу. |
| **Демократия** | **Демократия** |
| (др.-греч. δημοκρατία — «власть народа», от δῆμος — «народ» и κράτος — «власть») — политический режим, в основе которого лежит метод коллективного принятия решений с равным воздействием участников на исход процесса или на его существенные стадии. Хотя такой метод применим к любым общественным структурам, на сегодняшний день его важнейшим приложением является государство, так как оно обладает большой властью. | (айыркы.-грек. δημοκρατία — «элдик бийлик», δῆμος — «эл» жана κράτος — «бийлик») – деген сөздөн алынган – саясий режим, анын негизинде процесстин чечилишине же анын олуттуу стадияларына катышуучулардын бирдей таасир тийгизиши менен, чечимди жамаатык кабыл алуу ыкмасы жатат. Мындай ыкманы ар кандай коомдук структураларга колдонуу мүмкүн болгону менен, бүгүнкү күндө анын маанилүү тиркемеси мамлекет болуп эсептелет, анткени, анын бийлиги күчтүү. |
| **Депутатский запрос** | **Депутаттык сунуш-талап** |
| Обращение депутата к государственным органам, должностным лицам с требованием предоставления информации, проведения проверок и разъяснений по указанным в запросе вопросам. | Депутаттын сунуш-талапта көрсөтүлгөн маселелер боюнча маалымат берүү, текшерүү жүргүзүү жана түшүндүрүү талабы менен мамлекеттик органдарга, кызмат адамдарына кайрылышы. |
| **Дерево проблем** | **Проблемалар дарагы** |
| Один из методов анализа. Графическое изображение иерархической зависимости проблем друг от друга – причина-следствие. | Анализдин бир методу. Проблемалардын бири бирине иерархиялык байланыштуулугунун графикалык сүрөтү-себеп-натыйжа. |
| **Дерево целей** | **Максаттар дарагы** |
| Графическая схема, показывающая | Жалпы максаттарды чакан максат- |

| | |
|---|---|
| разбивку общих целей на подцели, последних - на подцели следующего уровня и т.д. | тарга, аларды андан кийинки чакан максаттарга ж.б. бөлүүнү көрсөткөн графикалык система. |
| **Дерегулирование** | **Кайра жөнгө салуу** |
| Ослабление ограничений на частное предпринимательство в некоторых секторах экономики, стимулирование саморегулирования. | Өзүн өзү башкарууну стимулдаштыруу, экономиканын айрым секторлорунда жеке ишкердикке карата чектөөлөрдү басаңдатуу. |
| **Дескриптивный подход** | **Дескриптивдүү мамиле** |
| Совокупность логически непротиворечивых положений, описывающих причины и следствия действий в рамках политики. | Саясаттын алкагындагы себептерди жана натыйжаларды баяндаган логикалык жагынан карама-каршы келбеген жоболордун жыйындысы. |
| **Деспотия** | **Деспотия** |
| Форма государственного правления, когда верховная государственная власть сконцентрирована в руках абсолютного правителя или узкой группы лиц, которые вправе свободно распоряжаться судьбой своих подданных. Это также тоталитарное правление, сопровождающееся репрессиями, подавлением гражданских свобод, контролем и слежкой за подданными государства. | Мамлекеттик башкаруунун формасы, мында мамлекеттик бийлик абсолюттук башчынын же адамдардын тар чөйрөсүнөн топтолот, алар өз букараларынын тагдырын каалагандай тескөөгө укуктуу болот. Бул ошондой эле репрессиялар, жарандык эркиндиктерди басмырлоо, мамлекеттин букараларын контролдоо жана аңдуу менен коштолгон тоталитардык башкаруу. |
| **Детерминанты политики** | **Саясаттын детерминантары** |
| Факторы, которые можно считать существенными для формирования политики (экономика, культура, общественное мнение, политические партии и т.д.). | Саясатты калыптандыруу үчүн олуттуу деп эсептөөгө боло турган факторлор (экономика, маданият, коомдук пикир, саясий партиялар ж.б.) |
| **Дефиниция** | **Дефиниция** |
| Логическая операция раскрывающая содержание (смысл) слова посредством описания существенных и отличительных признаков предметов или явлений, обозначаемых данным словом. | Аталган сөз менен билдирилген, предметтер менен көрүнүштөрдүн олуттуу жана айырмалоочу белгилерин баяндоо аркылуу сөздүн мазмунун (манисин) ачып бере турган логикалык операция. |
| **Дефицит** | **Тартыштык** |
| Недостача, недостаточность чего-либо. | Бир нерсенин жетпей калышы, жетиш- |

| | |
|---|---|
| Например, нехватка какого-либо ресурса или превышение расходов бюджета над доходами (бюджетный дефицит). | сиздиги. Мисалы, кандайдыр-бир ресурстун жетишсиздиги же бюджеттин чыгашаларынын кирешелерден ашып кетиши (бюджеттик дефицит). |
| **Децентрализация** | **Борбордон ажыратуу** |
| Передача полномочий и ответственности за выполнение государственных функций от центральных органов власти к подчиненным или квазинезависимым правительственным организациям либо частному сектору. | Мамлекеттик функцияларды аткаруу үчүн ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти бийликтин борбордук органдарынан өздөрүнө баш ийген же квази көз карандысыз уюмдарга же жеке менчик секторуна өткөрүп берүү. |
| **Диагностика** | **Диагностика** |
| Система мероприятий, в том числе и аналитических, направленных на определение величины отклонения состояния системы от желаемого или нормативного и основных причин этого отклонения, для выработки управленческих воздействий для приведения системы в нужное состояние. | Системаны керектүү абалга алып келүү үчүн башкаруучулук таасирлерди иштеп чыгуу үчүн системанын каалаган же ченемдик абалдан четешинин чоңдугун жана ушул четтөөнүн негизги себептерин аныктоого багытталган иш-чаралардын, анын ичинде аналитикалык иш-чаралардын системасы. |
| **Диаграмма** | **Диаграмма** |
| Графически представленная зависимость одной величины от другой с помощью геометрических объектов (точек, линий, фигур различной формы и различных цветов) и вспомогательных элементов (осей координат, условных обозначений, заголовков и т.п.). | Геометриялык объектилердин (чекиттердин, сызыктардын, ар кандай формадагы жана ар кандай түстөгү фигуралардын) жана көмөкчү элементтердин (координат октордун, шарттуу белгилердин, аталыштардын ж.б.) жардамы менен бир чоңдуктун экинчи чоңдукка графикалык жагынан көрсөтүлгөн көз карандылыгы. |
| **Диалог** | **Диалог** |
| Разговор между двумя или несколькими лицами, представителями организаций. Например, представителей властей с гражданами или их представителями. | Эки же бир нече адамдын, уюмдардын өкүлдөрүнүн бири бири менен сүйлөшүүсү. Мисалы, бийлик өкүлдөрүнүн жарандар же алардын өкүлдөрү менен сүйлөшүүсү. |
| **Диверсификация** | **Диверсификациялоо** |
| Ориентация на разнообразие и разностороннее развитие деятельности; одновременное развитие многих, не связанных друг с другом видов производства; увеличение коли- | Иштин өнүгүшүнүн ар түрдүүлүгүнө жана көп багыттуулугуна багыт алуу; өндүрүштүн бири-бири менен байланышпаган көптөгөн түрлөрүн бир мезгилде өнүктүрүү; продукциялардын |

| | |
|---|---|
| чества видов и наименований продукции и услуг; проникновение компании в другие отрасли. | жана кызматтардын түрлөрүнүн жана аталыштарынын санын өстүрүү; компаниянын башка тармактарга өтүшү. |
| **Дизайн** | **Дизайн** |
| Деятельность, синтез проектного мышления и творчества, целью которой является определение формальных качеств объекта. Это также облачение образов и абстракций в конкретные формы. | Иш, долбоордук ой-жүгүртүүнүн жана чыгармачылыктын синтези, анын максаты объектинин формалдуу сапаттарын аныктоо болуп саналат. Бул ошондой эле образдарды жана абстракцияларды айкын формаларга айландыруу. |
| **Дискриминация** | **Дискриминациялоо (Басмырлоо)** |
| Намеренное ограничение или лишение прав, преимуществ каких-л. лиц, организаций или государств по признакам расы, национальности, государственной принадлежности, имущественного положения, политических или религиозных убеждений и т.п. | Расалык, улуттук белгилери, мамлекеттик таандуулугу, мүлктүк абалы, саясий жана диний ынанымдары ж.б. боюнча кандайдыр-бир адамдардын, уюмдардын же мамлекеттин укуктарын атайылап чектөө же укугунан ажыратуу. |
| **Дискурс** | **Дискурс** |
| Процесс интеграции аналитической рефлексии и аналитической коммуникации; целостная, социально обусловленная единица рефлексии и коммуникаций. | Аналитикалык рефлексия менен аналитикалык коммуникациялардын интеграциялануу процесси; рефлексиянын жана коммуникациялардын социалдык жагынан шартталган бирдиги. |
| **Дискуссия** | **Дискуссия** |
| Обсуждение какого-либо вопроса на собрании, заседании. | Чогулушта, отурумда кандайдыр-бир маселени талкуулоо. |
| **Дисперсионный анализ** | **Дисперциялык талдоо жүргүзүү** |
| Анализ изменчивости признака под влиянием каких-либо контролируемых переменных факторов. | Кандайдыр-бир контролдоочу өзгөрүлмө факторлордун таасири алдында белгинин өзгөрүшүнө талдоо жүргүзүү. |
| **Диссонанс** | **Диссонанс** |
| Явление, вносящее разлад во что-нибудь, резко отличающееся от всего прочего, противоречащее общему порядку. | Бир нерсени буза турган, бардык башка нерселерден айырмаланган, жалпы тартипке карама-каршы келген көрүнүш. |
| **Доклад** | **Баяндама** |
| Публичное сообщение в виде развер- | Белгилүү бир тема боюнча кеңири |

| | |
|---|---|
| нутого изложения на определенную тему; устное или письменное сообщение руководителю. | баяндалган ачык билдирүү; жетекчиге оозеки же жазуу жүзүндө билдирүү жасоо. |
| **Докладная записка** | **Баяндама кат** |
| Вид аналитического документа, цель которого привлечь внимание руководства к неотложным проблемам и предложить пути их решения. | Аналитикалык документтин түрү, анын максаты кечиктирилгис проблемаларга жетекчиликтин көңүлүн буруу жана аны чечүүнүн жолдорун сунуш кылуу болуп эсептелет. |
| **Документ** | **Документ** |
| Сообщение, содержащее информацию в фиксированном виде (обычно письменном) и предназначенное для ее передачи, хранения, практического применения. | Белгиленген түрдөгү маалыматты камтыган (адатта жазуу жүзүндөгү) жана аны берүү, сактоо, иш жүзүндө колдонуу үчүн арналган билдирүү. |
| **Дотация** | **Дотация** |
| Денежные средства, выдаваемые из государственного бюджета в безвозвратном порядке для покрытия дефицита финансовых ресурсов предприятий и организаций, местных бюджетов. | Ишканалардын жана уюмдардын, жергиликтүү бюджеттердин финансылык ресурстарынын тартыштыгын жабуу үчүн мамлекеттик бюджеттен кайтарылгыс тартипте бериле турган акчалай каражаттар. |
| **Доход** | **Киреше** |
| Денежные средства или материальные ценности, полученные государством, физическим или юридическим лицом в результате какой-либо деятельности. | Кандайдыр-бир иштин натыйжасында мамлекет, жеке же юридикалык жак тарабынан алынган акчалай каражаттар же материалдык баалуулуктар. |
| **Доход государства** | **Мамлекеттин кирешеси** |
| Финансовые и иные ресурсы, поступающие в казну и используемые государством для осуществления государством своих функций. | Казынага түшкөн жана мамлекет тарабынан өзүнүн функцияларын жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланыла турган финансылык жана башка ресурстар. |
| **Драфт** | **Драфт** |
| Распоряжение о выплате денежной суммы третьей стороне по тратте. Употребляется также в смысле "черновик". Например, в компьютерных делах - черновой режим печати принтеров. | Тратт боюнча үчүнчү жакка акчалай сумманы төлөп берүү жөнүндө тескеме. Ошондой эле «сомоло» манисинде да колдонулат. Мисалы, компьютердик иштерде принтерде басып чыгаруунун сомоло режими. |

## Ж

| Жалоба | Даттануу |
|---|---|
| Обращение гражданина в государственные или иные публичные органы, их должностным лицам, в судебные органы по поводу нарушения его прав и законных интересов. | Жарандын өзүнүн укуктарынын жана мыйзамдуу талаптарынын бузулушу жаатында мамлекеттик же башка коомдук органдарга, алардын кызмат адамдарына, сот органдарына кайрылышы. |

## З

| Заинтересованные органы власти | Бийликтин таламдаш органдары |
|---|---|
| Органы власти, с которыми должны согласовываться те или иные вопросы, относящиеся к данному процессу политики или они заинтересованы в реализации предлаемой политики. | Сунушталган саясаттын ишке ашышына кызыкдар же саясаттын аталган процессине тиешелүү болгон тигил же бул маселелер макулдашыла турган бийлик органдары. |
| **Займ** | **Насыя** |
| Передача в собственность денежных средств либо иных активов от займодавца к заемщику, при условии последующего возврата через определенный промежуток времени. | Убакыттын белгилүү бир мезгилинен кийин кайтарып берүү шарты менен насыя берүүчүнүн акчалай каражаттарды же башка активдерди насыя алуучунун менчигине өткөрүп бериши. |
| **Заказчик** | **Буюртмачы** |
| Юридическое или физическое лицо, сделавшее заказ другой стороне, - изготовителю, продавцу, поставщику товаров и услуг. В публичной политике заказчиком на аналитический документ является государственный орган. | Экинчи тарапка – товарларды жана кызматтарды даярдоочуга, сатуучуга, жөнөтүүчүгө буюртма берген юридикалык же жеке жак. Коомдук саясатта мамлекеттик орган аналитикалык документтин буюртма жасоочусу болот. |
| **Заключение** | **Корутунду** |
| Документ, содержащий мнение, вывод учреждения, комиссии, специалиста по какому-либо документу или вопросу. | Кандайдыр-бир документ же маселе боюнча мекеменин, комиссиянын, адистин пикирин, тыянагын камтыган документ. |
| **Закон** | **Мыйзам** |
| Нормативный правовой акт, принимае- | Өзгөчө тартипте кабыл алына турган |

| | |
|---|---|
| мый в особом порядке и обладающий высшей юридической силой. Он выражает государственную волю по ключевым вопросам регулирования общественной и государственной жизни. | жана эң жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук акт. Ал коомдук жана мамлекеттик турмушту жөнгө салуунун өзөктүү маселелери боюнча мамлекеттин эркин билдирет. |
| **Закон Паретто** | **Паретто мыйзамы** |
| Описывает процесс распределения доходов - распределение низких доходов подвержено резким скачкам и непредсказуемым колебаниям, однако – при достижении некоторого уровня – оно приобретает вполне определенную зависимость: чем выше доход, тем меньшее число людей его получает. Это также принцип 20/80, означающий что 20% усилий дают 80% результата, а остальные 80% усилий — лишь 20% результата. | Кирешелерди бөлүштүрүү процессин баяндайт – төмөнкү кирешелерди бөлүштүрүү кескин секириктерге жана алдын ала билүүгө болбой турган термелүүлөргө тартылат, бирок айрым бир деңгээлге жеткенден кийин ал толук аныкталган көз карандылыкка ээ болот: киреше канчалык жогору болсо, аны адамдардын ошончо аз саны алат. Бул ошондой эле 20%дык күч-аракеттер 80%дык натыйжа берет, ал эми калган 80%дык күч-аракеттер 20%дык натыйжа берет деген принцип. |
| **Законность** | **Мыйзамдуулук** |
| Политико-правовой режим или принцип реального действия права в государстве, при котором государственные органы, должностные лица и граждане строго соблюдают правовые нормы и, в первую очередь, законы. | Мамлекеттеги саясий-укуктук режим же укуктун айкын аракетинин принциби, мунун тушунда мамлекеттик органдар, кызмат адамдары жана жарандар укуктук ченемдерди, биринчи кезекте мыйзамдарды бекем сакташат. |
| **Законодательная власть** | **Мыйзам чыгаруу бийлиги** |
| Избранные народом представительные органы, призванные разрешать проблемы общества путем принятия законов. Общее наименование органа законодательной власти – парламент, состоит из депутатов, избираемых путем выборов. | Эл тарабынан шайланган, мыйзамдарды кабыл алуу аркылуу коомдун проблемаларын чечүүгө чакырылган өкүлчүлүктүү органдар. Мыйзам чыгаруу бийлиги органынын жалпы аталышы – парламент шайлоо аркылуу шайланган депутаттардан турат. |
| **Законодательная инициатива** | **Мыйзам чыгаруу демилгеси** |
| Официальное внесение законопроекта в законодательное учреждение в соответствии с установленной процедурой. Круг органов и лиц, имеющих право законодательной инициативы, определяется в конституции | Белгиленген жол-жоболорго ылайык мыйзамдын долбоорун мыйзам чыгаруучу мекемеге расмий киргизүү. Мыйзам чыгарууга демилге көтөрүүгө укугу бар органдардын жана адамдардын чөйрөсү Конституцияда аныкталат. |

| Законопроект | Мыйзам долбоору |
|---|---|
| Текст предлагаемого к принятию закона, подготовленный для внесения в законодательный орган или на референдум. По субъекту законодательной инициативы законопроекты подразделяются на правительственные, депутатские и т.д. | Мыйзам чыгаруучу органга же референдумга киргизүү үчүн даярдалган, кабыл алуу үчүн сунуш кылынып жаткан мыйзамдын тексти. Мыйзам чыгарууга демилге көтөрүү субъектиси боюнча мыйзам долбоорлору өкмөттүк, депутаттык ж.б. болуп бөлүнөт. |
| **Закрытый вопрос** | **Жабык маселе** |
| Вопрос, ограничивающий ответы респондентов предварительно определенными категориями ответов. Примерами являются вопросы с ответами «да/нет» или выбор из некоторого множества вариантов. | Алдын ала аныкталган жооптордун категориялары менен респонденттердин жоопторун чектеген маселе. «Ооба/жок» деген жооптору бар суроолор же көп варианттардын ичинен тандап алуу ушуга мисал болот. |
| **Занятость** | **Иш менен камсыз болуу** |
| Деятельность трудоспособного населения, связанная с производством материальных и духовных благ с целью удовлетворения личных и общественных потребностей, и приносящая заработок, трудовой доход. | Эмгекке жарактуу калктын жеке жана коомдук керектөөлөрдү канааттандыруу максатында материалдык жана руханий жыргалчылыктарды өндүрүүгө байланыштуу жана эмгек акы, эмгектик киреше алып келе турган иши. |
| **Затор (перегруженность)** | **Артыкбаш топтолуу (ашыкча күч келтирүү)** |
| Ситуация при которой количество пользователей какого-либо блага превышает масштаб его употребляемости и соотвественно начинает снижаться качество этого блага. Примерами могут служить заторы на дорогах, множество отдыхающих в парках и на городских пляжах и т.д. | Кандайдыр-бир жыргалчылыкты пайдалануучулардын саны аны керектөөнүн масштабынан ашып кеткен кырдаал, мында ушул жыргалчылыктын сапаты төмөндөй баштайт. Жолдордо артыкбаш топтолгон машиналар, сейил бактарда жана шаардык пляждарда эс алган адамдардын санынын көп болушу ушуга мисал боло алат. |
| **Защита информации** | **Маалыматты коргоо** |
| Комплекс организационных, правовых и технических мер по предотвращению угроз информационной безопасности и устранению их последствий. | Маалыматтык коопсуздукка коркунуч келтирүүнү болтурбай коюу жана алардын кесепеттеринен арылуу боюнча уюштуруучулук, укуктук жана техникалык чаралардын комплекси. |
| **Зеленая книга** | **Жашыл китеп** |
| Аналитический документ о конкретных | Бул проблеманы чечүү үчүн өкмөттүн |

| | |
|---|---|
| проблемах общества, который направлен на включение решения этих проблем в политическую повестку правительства. Он очерчивает спектр, поле проблем, которые предлагаются для обсуждения, присылаются заинтересованным сторонам, которых пригласили к процессу консультаций/ дискуссий. | саясий повесткасына коюлган - коомдун айкын проблемалары жөнүндө аналитикалык документ. Ал талкуу үчүн сунуш кылынган, консультациялар/ дискуссиялар процессине чакырылган таламдаш тараптарга бериле турган проблемалардын спектрин, чөйрөсүн белгилеп берет. |
| **Земельная доля** | **Жер үлүшү** |
| Условная часть площади земельного участка, не отграниченная на местности, имеющая целевое назначение, усредненное количественное и качественное выражение в праве общей собственности на землю. Также это доля в праве на земельный участок при совместно-долевой форме собственности (аренде) земельного участка. Выражается в форме простой дроби. | Жайгашкан жеринде чектелбеген, максаттуу багыты бар, жерге болгон жалпы жеке менчик укугунда орточо сандык жана сапаттык мааниде болгон жер аянтынын шарттуу бөлүгү. Бул ошондой эле жер участогуна биргелешкен-үлүштүк формадагы менчик укугунун (ижара) үлүшү. Жөнөкөй бөлчөк формасында билдирилет. |
| **Знание** | **Билим** |
| Информация, необходимая субъекту управления для его деятельности, обеспечения дальнейшего развития объекта управления. Она определяет целенаправленную деятельность всей системы управления. | Башкаруу субъектисинин иши, башкаруу объектисин андан ары өнүктүрүүнү камсыз кылуу үчүн зарыл болгон маалымат. Ал башкаруунун бүткүл системасынын максатка багытталган ишин аныктап турат. |

## И

| | |
|---|---|
| **Ивент-анализ** | **Инвент-талдоо жүргүзүү** |
| Прикладная аналитическая методика изучения динамики событий или последовательности событийных данных. | Окуялардын динамикасын же окуялардын маалымдамаларынын ырааттуулугун изилдөөнүн прикладдык аналитикалык методикасы. |
| **Идентификация** | **Идентификациялоо** |
| Признание тождественности, отождествление объектов, опознание. Это также распознавание образов, образование аналогий, обобщений и их классификация, анализ знаковых систем и др. | Окшоштукту таануу, объектилерди окшоштуруу, таануу. Бул ошондой эле образдарды таануу, аналогияларды, жалпылоолорду түзүү жана аларды классификациялоо, белгилик системаларга талдоо жүргүзүү ж.б. |

| Идентичность | Окшоштук |
|---|---|
| Свойство человека, связанное с его ощущением собственной принадлежности к определенной группе — политической партии, народу, религиозной конфессии, расе и пр. Это также свойство индивида оставаться самим собой в изменяющихся социальных ситуациях и является результатом осознания индивидом самого себя в качестве человеческой личности, отличающейся от других. | Адамдын өзүнүн белгилүү бир топко – саясий партияга, элге, диний конфессияга, расага ж.б. таандык экендигин сезишине байланыштуу касиети. Бул ошондой эле индивиддин өзгөргөн социалдык шарттарда өзү менен өзү болуп калышынын касиети болот жана индивиддин өзүн башкалардан айырмаланган адамдык инсан катары аңдап билишинин натыйжасы болуп саналат. |
| **Идеология** | **Идеология** |
| Система концептуально оформленных взглядов и идей, выражающая интересы различных социальных классов, групп, обществ, в которой осознаются и оцениваются отношения людей к действительности и друг к другу, а также либо санкционируются существующие в обществе формы господства и власти (консервативные идеологии), либо обосновываются их преобразования (радикальные, революционные идеологии). | Ар кандай социалдык таптардын, топтордун, коомдордун таламдарын билдирген концептуалдуу жол-жоболоштурулган көз караштар менен идеялардын системасы, мында адамдардын чыныгы дүйнөгө карата жана бирибирине карата мамилелери аңдалып-билинет жана бааланат, ошондой эле коомдо орун алган үстөмдүктүн жана бийликтин формаларына санкцияланат (консервативдүү идеологиялар), же болбосо алардын кайра түзүлүшү (радикалдуу, революциялык идеологиялар) негизделет. |
| **Иерархия** | **Иерархия** |
| Структура управления, в которой нижестоящие подразделения и должностные лица подчинены вышестоящим, по строго определенным ступеням. К таким структурам относят линейную, функциональную и комбинацию линейных и функциональных структур управления. | Башкаруу структурасы, мында төмөн турган бөлүмдөр жана кызмат адамдар бекем аныкталган баскычтар боюнча жогору тургандарга баш ийет. Мындай структураларга башкаруунун сызыктуу, функционалдык менен сызыктуу жана функциялык структуралардын комбинациясын таандык кылышат. |
| **Избирательная комиссия** | **Шайлоо комиссиясы** |
| Коллегиальный орган, ведающий организацией и проведением выборов, обеспечивает контроль за соблюдением избирательного законодательства, определяют результаты выборов. Их состав может формироваться по разному – парламентом, правительством, органами местного самоуправления, вышестоящими избирательными | Шайлоону уюштурууну жана өткөрүүнү жүргүзө турган коллегиалдуу орган, шайлоо мыйзамдарынын сакталышын контролдойт, шайлоонун натыйжаларын аныктайт. Алардын курамы ар кандай калыптандырылышы мүмкүн - парламент, өкмөт, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жогору турган шайлоо комиссиялары аркылуу |

| | |
|---|---|
| комиссиями. | калыптандырылышы мүмкүн. |
| **Импичмент** | **Импичмент** |
| Процедура отстранения от должности высокопоставленного государственного чиновника, вплоть до главы государства, судом парламента по тяжкому уголовному обвинению. | Мамлекеттин башчысына чейинки чиновникти жогорку кызматтагы мамлекеттик чиновникти, сот тарабынан оор жазыктык айыптоо боюнча парламентти четтетүүнүн жол-жобосу. |
| **Имитация** | **Окшошуу** |
| 1) Подражание; подделка, видимость, суррогат, то есть заменитель, обладающий лишь некоторыми свойствами заменяемого предмета (эрзац).<br>2) Подражание кому-или чему-либо, воспроизведение. | 1) Тууроо; окшоштуруу, көрүнүш, суррогат, айырбаштоочусу бар нерсе, алмаштыруучу нерсенин кээ бир касиети бар нерсе (эрзац).<br>2) Бир нерсени же бирөөнү тууроо, кайра жасоо. |
| **Инаугурация** | **Инаугурациялоо** |
| Торжественная церемония официального вступления в должность высшего лица государства. | Мамлекеттин жогорку адамынын кызматка расмий киришүүсүнүн салтанаттуу аземи. |
| **Инвентаризация** | **Инвентаризациялоо** |
| Действия по документальному подтверждению наличия, состояния и оценки имущества и обязательств организации с целью обеспечения достоверности данных учета и отчетности, а также сохранности материальных ценностей. | Эсепке алуунун жана отчеттуулуктун маалымдамаларынын аныктыгын, ошондой эле материалдык баалуулуктардын сакталышын камсыз кылуу максатында мүлктүн болушун, абалын жана баа берүүнү документтер менен ырастоо боюнча аракеттер. |
| **Инвестиции** | **Инвестициялар** |
| Долгосрочные вложения капитала в экономику с целью получения прибыли. | Пайда алуу максатында капиталды экономикага узак мөөнөттүү салуу. |
| **Инвестиционная политика** | **Инвестициялык саясат** |
| Комплекс мер государства по поддержке инвестиционной активности хозяйствующих субъектов, распределению бюджетных капиталовложений. | Чарба жүргүзүүчү субъекттердин инвестициялык активдүүлүгүнө колдоо көрсөтүү, бюджеттик капиталдык салымдарды бөлүштүрүү боюнча мамлекеттик чаралардын комплекси. |
| **Индекс** | **Индекс** |
| Цифровой статистический показатель, выражающий в процентах последовательные изменения каких-либо явлений. | Кандайдыр-бир көрүнүштөрдүн ырааттуу өзгөрүүлөрүн пайыз менен көрсөткөн санариптик статистикалык көрсөткүч. |

| | |
|---|---|
| **Индекс человеческого развития** | **Адамдын өнүгүшүнүн индекси** |
| Средняя величина из валового внутреннего продукта на душу населения, ожидаемой продолжительности жизни и уровня образования,. отнесенных к наивысшей в мире. | Ички дүң продуктунун калктын жан башына туура келген орточо чоңдугу, өмүрдүн узактыгынын жана билимдин деңгээлинин дүйнөдө жогорку чекке таандык кылынган күтүлгөн чендери |
| **Индикативное планирование** | **Индикативдүү пландаштыруу** |
| Процесс формирования системы параметров (индикаторов), характеризующих состояние и развитие экономики страны, соответствующие государственной социально-экономической политике, и установления мер государственного воздействия на социальные и экономические процессы с целью достижения указанных индикаторов. | Системанын мамлекеттин социалдык-экономикалык саясатына ылайык келген, өлкөнүн экономикасынын абалын жана өнүгүшүн мүнөздөгөн параметрлерин (индикаторлорун) калыптандыруу жана аталган индикаторлорго жетишүү максатында социалдык жана экономикалык процесстерге мамлекеттик таасир тийгизүү чараларын белгилөө процесси. |
| **Индикатор** | **Индикатор** |
| Количественный или качественный показатель для измерения или отслеживания прогресса отдельных этапов реализации проекта, программы или стратегии. | Долбоорду, программаны же стратегияны ишке ашыруунун айрым этаптарынын прогрессин ченөөнүн же байкоо жүргүзүүнүн сандык же сапаттык көрүнүшү. |
| **Индикаторы воздействия** | **Таасир тийгизүүнүн индикаторлору** |
| Показатели, которые дают информацию о последствиях вмешательства властей при проведении определенной политики. | Белгилүү бир саясатты жүргүзүүгө бийликтердин кийлигишүүсүнүн кесепеттери жөнүндө маалымат бере турган көрсөткүчтөр |
| **Индукция** | **Индукция** |
| Выведение общих знаний из частных фактов, движение от фактов к теории, от частного к общему. | Жалпы билимдерди жеке фактылардан бөлүп чыгуу, фактыдан теорияны карай, жеке фактыдан жалпы фактыны карай кыймыл. |
| **Инкрементализм** | **Инкрементализм** |
| Подход к разработке политики, основанный на незначительных изменениях существующей политики. | Орун алган саясаттын олуттуу эмес өзгөрүүлөрүнө негизделген саясатты иштеп чыгууга карата мамиле. |
| **Иностранные инвестиции** | **Чет өлкөлүк инвестициялар** |
| Форма участия иностранного капитала в реализации инвестиционных проектов на территории страны-реципиента инвести- | Өлкөнүн-инвестициялардын реципиентинин аймагында инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга чет өлкөлүк |

| | |
|---|---|
| ций, которая характеризуется в активном участии инвестора (или его представителей) в деятельности организации. Позволяет реализовывать крупные и важные проекты, а кроме того в страну поступают новейшие технологии, новые практики управления и т.п. | капиталдын катышуусунун формасы, ал инвестордун (же анын өкүлүнүн) уюмдун ишине активдүү катышуусу менен мүнөздөлөт. Ири жана маанилүү долбоорлорду ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет, мындан тышкары өлкөгө соңку жаңы технологиялар, башкаруунун жаңы практикалары ж.б. келет. |
| **Институты** | **Институттар** |
| Сформировавшиеся правила, нормы общественной жизни, структуры и механизмы, обеспечивающие их выполнение. Это также: а) организационно оформленные способы осуществления деятельности и власти на основе правовых норм; б) совокупность норм права в одной области общественных отношений (институт государственной службы, институт частной собственности и др.). | Коомдук турмуштун калыптанып калган эрежелери, ченемдери, структурасы жана алардын аткарылышын камсыз кылып турган механизмдери. Бул ошондой эле: а) укуктук ченемдердин негизинде ишти жана бийликти жүргүзүүнүн уюштуруучулук жагынан жол-жоболоштурулган ыкмалары; б) коомдук мамилелердин бир жагындагы (мамлекеттик кызмат институту, жеке менчик институту ж.б.) укуктук ченемдердин жыйындысы. |
| **Институциированные группы интересов** | **Институтташтырылган таламдаш топтор** |
| Заинтересованные группы, для которых свойственно организационное объединение и сплоченность. Такие группы владеют необходимыми знаниями о процессе разработки политики и понимают, как контактировать с представителями власти. | Уюштуруучулук биримдик жана баш кошкондук мүнөздүү болгон таламдаш топтор. Ушундай топтор саясатты иштеп чыгуу процесси жөнүндө зарыл билимдерге ээ болот жана бийлик өкүлдөрү менен кандай байланышта болууну түшүнөт. |
| **Институционализация** | **Институтташтыруу** |
| Процесс определения и закрепления социальных норм, правил, статусов и ролей, приведение их в систему, способную действовать в направлении удовлетворения некоторой общественной потребности. | Коомдук айрым керектөөлөрдү канааттандыруу багытында аракеттенүүгө жөндөмдүү болгон социалдык ченемдерди, эрежелерди, статустарды жана ролдорду аныктоо жана бекемдөө процесси. |
| **Институциональная политика** | **Институттук саясат** |
| Проводимые государством меры, действия по формированию новых, устранению старых или трансформации имеющихся собственнических, трудовых, финансовых, социальных и других экономических институтов. | Мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн чаралар, колдо болгон жеке менчик, эмгектик, финансылык, социалдык жана башка экономикалык институттардын жаңыларын түзүү жана эскилерин четтетүү боюнча аракеттер. |

| Институциональные ограничения | Институттук чектөөлөр |
|---|---|
| Ограничения, налагаемые статьями конституции, способом организации государства и общества, их структурой, а также сложившимися в обществе убеждениями и верованиями. Они ограничивают приемлемость одних альтернатив и содействуют выбору других альтернатив с точки зрения сложившихся традиций, устоев или институтов общества. | Конституциянын статьяларына, мамлекетти жана коомду уюштуруунун ыкмасына, алардын структурасына, коомдо калыптанган ынанымдарга жана ишенимдерге негизделген чектөөлөр. Алар коомдо калыптанган каада-салттардын, түшүнүктөрдүн же институттардын көз карашынан алганда айрым альтернативалардын алгылыктуулугун чектейт жана башка альтернативаларды тандап алууга көмөк көрсөтөт. |
| **Институциональный подход** | **Институттук мамиле** |
| Подход к анализу политики концентрирующий внимание на структурах, политических институтах и формально-правовых особенностях. | Структураларга, саясий институттарга жана формалдуу - укуктук өзгөчөлүктөргө олуттуу көңүл бурган саясатка карата мамиле. |
| **Инструкция** | **Нускама** |
| Нормативный акт, издаваемый государственными органами в пределах их компетенции на основании и во исполнение законов, указов, постановлений и распоряжений правительства. Это также свод правил, устанавливающий определенный порядок деятельности и способ осуществления чего-либо. | Өздөрүнүн компетенцияларынын чектеринде жана негизинде мыйзамдарды, жарлыктарды, өкмөттүн токтомдорун жана тескемелерин аткаруу боюнча мамлекеттик органдар тарабынан чыгарылган ченемдик акт. Бул ошондой эле иштин белгилүү бир тартибин жана бир нерсени жүзөгө ашыруунун ыкмасын белгилеген эрежелердин жыйнагы. |
| **Инструменты политики** | **Саясаттын шаймандары** |
| Непосредственные средства, определяющие как, какими способами реализуется политика или программа. | Саясат же программа кантип, кандай ыкмалар менен ишке ашырыларын түздөн-түз аныктай турган каражаттар. |
| **Интегрированный анализ политики** | **Саясатка интеграцияланган талдоо жүргүзүү** |
| Получение и преобразование информации как до, так и после утверждения действий в рамках политики. | Саясаттын алкагындагы аракеттер бекитилгенге чейин жана бекитилгенден кийин алынган жана кайра өзгөртүлгөн маалымат. |
| **Интервью** | **Интервью** |
| Сбор данных путем получения ответов на подготовленные вопросы. | Даярдалган суроолорго жооп алуу аркылуу маалымдамаларды чогултуу. |
| **Интерпретация** | **Интерпретациялоо** |
| Пояснение, толкование фактов и собы- | Белгилүү бир эрежелерге ылайык фак- |

| | |
|---|---|
| тий в соответствии с определенными правилами. | тыларды жана окуяларды түшүндүрүү, чечмелөө. |
| **Информационное общество** | **Маалыматтык коомчулук** |
| Формирующееся состояние индустриально развитых стран, связанное с новой ролью информации во всех сторонах их жизнедеятельности, качественно новым уровнем производства, переработки и распространения информации. | Индустриялык жагынан өнүккөн өлкөлөрдүн калыптанып жаткан абалы, ал алардын жашоо турмушунун бардык жактарындагы маалыматтын жаңы ролу, өндүрүштүн сапаттык жагынан жаңы деңгээли, маалыматты кайра иштетүү жана жайылтуу менен байланыштуу болот. |
| **Информация** | **Маалымат** |
| Сведения, передаваемые устным, письменным или каким-либо другим способом. | Оозеки, жазуу жүзүндө же кандайдыр бир башка жол менен берилген маалымдоолор. |
| **Инфраструктура** | **Инфраструктура** |
| (от лат. infra - под, структура) совокупность отраслей, предприятий и организаций, входящих в эти отрасли, видов их деятельности, призванных обеспечивать, создавать условия для нормального функционирования производства и обращения товаров, а также жизнедеятельности людей. Различают производственную и социальную инфраструктуру. В инфраструктуру включают дороги, связь, транспорт, складское хозяйство, внешнее энергоснабжение, водоснабжение, спортивные сооружения, озеленение, предприятия по обслуживанию населения. Иногда к инфраструктуре относят науку, образование, здравоохранение. | (лат. infra - чакан структура) тармактардын, ушул тармакка кирген ишканалар менен уюмдардын, алардын өндүрүштүн жана товарларды жүгүртүүнүн кадыресе иш жүргүзүшү, ошондой эле адамдардын жашоо турмушу үчүн шарттарды камсыз кылууга, түзүүгө чакырылган ишинин түрлөрүнүн жыйындысы. Өндүрүштүк жана социалдык инфраструктура деп бөлүнөт. Жолдор, байланыш, транспорт, кампа чарбасы, энергия менен тышкы камсыздоо, суу менен камсыз кылуу, спорттук курулуштар, жашылдандыруу, калкты тейлөө боюнча ишканалар инфраструктурага киргизилет. Кээде илим, билим берүү, саламаттык сактоо да инфраструктурага киргизилет. |
| **Исключаемость** | **Четтетип салуучулук** |
| Свойство частных благ, заключающееся в том, что отдельного человека можно исключить из числа потребителей этих благ | Жеке жыргалчылыктардын касиети, ал айрым адамды ушул жыргалчылыктарды керектөөчүлөрдүн катарынан чыгарып салууну билдирет. |
| **Исполнительная власть** | **Аткаруу бийлиги** |
| Назначаемые либо выбираемые исполнительно-распорядительные органы власти, призванные реализовать принятые законы и осуществлять оперативно-хозяйственную деятельность. | Бийликтин дайындалган же шайланган, кабыл алынган мыйзамдарды ишке ашырууга жана оперативдүү-чарбалык ишти жүзөгө ашырууга чакырылган аткаруучу-тескөөчү органдары. |

| Исполнительская деятельность | Аткаруучулук иш |
|---|---|
| Способность государственной организации или органа власти экономно приобретать ресурсы и эффективно их использовать, а также действовать результативно при достижении промежуточных и конечных целей. | Мамлекеттик уюмдун же бийлик органынын орточо аралыктуу жана акыркы максаттарга жеткен кезде ресурстарды үнөмдүү сатып алууга жана аларды натыйжалуу пайдаланууга, ошондой эле натыйжалуу аракеттенүүгө жөндөмдүүлүгү. |
| **Исследование** | **Изилдөөлөр** |
| Поиск новых знаний или систематическое расследование с целью установления фактов. Это также процесс изучения чего-либо основанное на применении научного метода, предоставляет научную информацию и теории для объяснения природы и свойств окружающего мира. | Фактыларды белгилөө максатында жаңы билимдерди издөө же системалуу изилдөө жүргүзүү. Бул ошондой эле илимий ыкманы колдонууга негизделген, курчап турган чөйрөнүн жаратылышын жана касиеттерин түшүндүрүү үчүн илимий маалыматты жана теорияны билдирет. |
| **Исследование исходной ситуации** | **Баштапкы кырдаалды изилдөө** |
| Анализ, описывающий ситуацию до действия по реализации политики, относительно которой можно оценивать прогресс или делать сравнения. | Саясатты ишке ашыруу боюнча аракеттер жасалганга чейинки кырдаалды баяндаган талдоо жүргүзүү, бул жаатта прогресске баа берүүгө же салыштыруу жасоого болот. |
| **Исследование политики** | **Саясатты изилдөө** |
| Изучение политики, при котором основное внимание уделяют взаимосвязям между переменными, отражающим социальные проблемы, и переменными, которыми можно управлять с помощью государственной политики. | Саясатты иликтөө, мында социалдык проблемаларды чагылдырып турган өзгөрүлмө маанилердин жана мамлекеттик саясаттын жардамы менен башкарууга боло турган маанилердин ортосундагы өз ара байланыштарга негизги көңүл бурулат. |
| **Истеблишмент** | **Истеблишмент** |
| Совокупность людей, занимающих ключевые позиции в социально-политической системе, являющихся опорой существующего общественного строя и формирующих общественное мнение. Это также совокупность институтов, с помощью которых эти люди поддерживают существующий социальный порядок. | Социалдык-саясий системада өзөктүү позицияларды ээлеген, орун алган коомдук түзүлүштүн тиреги болуп эсептелген жана коомдук пикирди калыптандырып турган адамдардын жыйындысы. Бул ошондой эле ушул адамдар алардын жардамы менен орун алган социалдык тартипти кармап турган институттардын жыйындысы. |
| **Источник информации** | **Маалымат булагы** |
| Лицо или организация, генерирующая, сообщение, производящая информацию. | Маалыматты генерациялаган, чыгарган жак же уюм. |

| Итерация | Итерация |
| --- | --- |
| (лат. iteratio — я повторяю) — в широком смысле слова: термин, обозначающий повторение какого-либо действия, явления или процесса. В узком смысле слова наиболее часто применяется для описания поэтапного процесса. | (лат. iteratio — мен кайталайм) — сөздүн кеңири маанисинде алганда: кандайдыр-бир аракеттин, көрүнүштүн же процесстин кайталанышын билдирген термин. Сөздүн тар маанисинде алганда процессти этаптуу баяндап берүү үчүн кыйла көп колдонулат. |

## К

| Канал связи | Байланыш каналы |
| --- | --- |
| Линия связи, среда коммуникации; устройство для передачи информации. | Байланыш линиясы, коммуникациялар чөйрөсү; маалымат берүү үчүн түзүлүш. |
| **Качественное исследование** | **Сапаттуу изилдөө** |
| Главное отличие качественных методов, что данные собираются со сравнительно небольшой группы респондентов и не анализируются при помощи статистики, в то время как при использовании количественных методов исследуется большая группа людей, а данные в дальнейшем анализируются с помощью статистических методов. В основном качественные исследования используются для обозначения проблемы и выработки гипотез. Также они могут использоваться в качестве предварительных к количественным исследованиям для определения основных показателей. Из-за небольшого размера группы респондентов результаты качественных исследований нельзя обобщать на все население. Однако они могут быть чрезвычайно полезны для изучения того или иного вопроса, оценки различных программ. Кроме того, качественные методы позволяют, в отличие от количественных, выявить внутренние мотивы и побуждения людей. Исследование, которое проводится путем фокус-групп, опросов, интервью. | Сапаттуу изилдөөнүн негизги айырмачылыгы – андагы маалыматтар аз топтогу респонденттер тарабынан чогултулуп, статистика катары изилденбейт. Ал эми сандык изилдөө методунда көптөгөн адамдардын тобу изилденип, андан алынган маалыматтар статистикалык методдор менен изилденет. Негизинен сапаттык изилдөөлөр проблеманы белгилөө жана гипотеза иштеп чыгуу үчүн пайдаланылат. Ошондой эле алар сапаттуу изилдөөлөргө даярдык катары негизги көрсөткүчтөрдү белгилеп алуу үчүн пайдаланылат. Сапаттык изилдөөлөрдүн натыйжасын респонденттердин тобунун аздыгына байланыштуу бардык калкка мүнөздүү деп караса болбойт. Бирок алар тигил же бул суроону изилдөө, түрдүү программаларды баалоо катары өтө пайдалуу. Сапаттык изилдөө методдору сандык изилдөө методуна караганда адамдардын ички себебин, каалоосун да билдирет.<br>Фокустоптор, сурамжылоолор, интервью аркылуу жүргүзүлө турган изилдөөлөр. |
| **Качество документа** | **Документтин сапаты** |
| Степень соответствия параметров документа требованиям, предъявляемым к оформлению, содержанию, возможности его использования по назначению, | Документтин параметрлеринин жолжоболоштурууга, мазмунуна, аны багыты боюнча пайдалануунун мүмкүнчүлүгүнө, баштапкы маалыматты салышты- |

| | |
|---|---|
| сопоставимости исходной информации, применению современных методов и подходов, обоснованности управленческого решения. | рууга, заманбап ыкмаларды жана мамилелерди колдонууга, башкаруучулук чечимдин негиздүүлүгүнө карата коюла турган параметрлерге ылайык келишинин даражасы. |
| **Кейнсианство** | **Кейнсчилдик** |
| Макроэкономическая теория, автором которой является всемирно известный ученый-экономист Дж.М. Кейнс. Кейнсианское учение, объясняющее действие ряда экономических механизмов, основывается на следующих положениях: а) уровень занятости определяется объемом производства; б) общий спрос не всегда устанавливается на уровне, соответствующем объему платежных средств, Так как часть этих средств откладывается в виде сбережений; в) объем производства фактически определяется предпринимательскими ожиданиями уровня эффективного спроса в предстоящий период, которые содействуют инвестированию капитала; г) при равенстве между инвестициями и сбережениями, свидетельствующем о сравнимости банковской процентной ставки и процентной эффективности капиталовложений, акт инвестирования и акт сбережений становятся практически независимыми. | Макроэкономикалык теория, анын автору бүткүл дүйнөгө белгилүү окумуштуу-экономист Ж.М. Кейс болуп саналат. Бир катар экономикалык механизмдердин аракетин түшүндүргөн Кейнстин окуусу төмөндөгү жоболорго негизделет: а) иш менен камсыз кылуунун деңгээли өндүрүштүн көлөмү менен аныкталат; б) жалпы сунуш-талап ар дайым эле төлөм каражаттарынын көлөмүнө ылайык келген деңгээлде белгилене бербейт. Анткени, ушул каражаттардын бир бөлүгү аманат түрүндө сактоого берилет; в) өндүрүштүн көлөмү иш жүзүндө капиталды инвестициялоого көмөк көрсөткөн алдыдагы мезгилдеги эффективдүү сунуш-талаптын ишкер тарабынан күтүлгөн деңгээли менен аныкталат; г) инвестициялар менен аманаттар бирдей болуп, банктык пайыздык чен менен капиталдык салымдардын пайыздык эффективдүүлүгүн күбөлөндүргөндө, инвестициялоо актысы жана аманаттар актысы иш жүзүндө бири бирине көз каранды болбой калат. |
| **Кейс-стадии** | **Кейс-стадия** |
| Метод изучения путем описания и анализа реальных или вымышленных управленческих, экономических и социальных ситуаций. Позволяет изучить ситуацию, разобраться в сути проблем, предложить возможные решения и выбрать лучшее из них. Исследовательский проект, в котором в качестве предмета исследования выбирается единичный случай или несколько избранных примеров социальной сущности и определяется совокупность методов их изучения. | Айкын же ойдон чыгарылган башкаруучулук, экономикалык жана социалдык кырдаалдарды баяндоо жана талдоо жүргүзүү аркылуу иликтөө ыкмасы. Кырдаалды иликтөөгө, проблеманын маңызын түшүнүүгө, мүмкүн болуучу чечимдерди сунуш кылууга жана алардын ичинен мыктысын тандап алууга мүмкүнчүлүк берет. Изилдөөчү долбоор, мында изилденүүнү предмет катары социалдык маанидеги бир же бир нече окуя бөлүнүп каралып, аны изилөөнүн бир нече амалдары аныкталат. |
| **Классификация** | **Классификациялоо** |
| Распределение понятий, предметов, | Белгилүү бир чөйрөнүн түшүнүктөрүн, |

| | |
|---|---|
| явлений и процессов, определенной сферы по определенным классам, категориям, группам для их систематизации, упорядочения, анализа, прогнозирования и т.п. | предметтерин, көрүнүштөрүн жана процесстерин системага салуу, тартипке келтирүү, талдоо жүргүзүү, болжолдоо ж.б. үчүн бөлүштүрүү. |
| **Кластер** | **Кластер** |
| Объединение нескольких однородных элементов, которое может рассматриваться как самостоятельная единица, обладающая определёнными свойствами. | Бир түрдүү бир нече элементтин биригиши, ал белгилүү бир касиети бар, өз алдынча бирдик катары каралышы мүмкүн. |
| **Кластеризация** | **Кластерлештирүү** |
| Процедура идентификации сходных характеристик и группирования на этом основании сходных объектов. | Окшош мүнөздөмөлөрдү идентификациялоонун жана ушул негизде окшош объектилерди топтоштуруунун жол-жобосу. |
| **Кластерный анализ** | **Кластердик талдоо жүргүзүү** |
| Многомерная статистическая процедура по разбиению заданной выборки объектов (ситуаций) на подмножества, называемые кластерами, так, чтобы каждый кластер состоял из схожих объектов, а объекты разных кластеров существенно отлича-лись. | Объекттердин (кырдаалдардын) берилген тандоолорун кластерлер деп аталган көп жактарга бөлүштүрүү боюнча көп ченемдүү статистикалык жол-жобо, мында ар бир кластер окшош объекттерден туруугa, ал эми ар кандай класстерлердин объекттери олуттуу айырмаланып турууга тийиш. |
| **Клептократия** | **Клептократия** |
| Положение, когда государственные чиновники, функционеры правящей партии и лидеры общественных организаций систематически используют своё служебное положение для личного обогащения. | Мамлекеттик чиновниктер, башкаруучу партиянын функционерлери жана коомдук уюмдардын лидерлери өздөрүнүн кызматтык абалын системалуу түрдө жеке байыш үчүн пайдаланган абал. |
| **Клиент** | **Кардар** |
| Общее название субъекта, использующего некоторые услуги. | Айрым кызматтарды пайдаланган субъекттин жалпы аталышы. |
| **Коалиция** | **Коалиция** |
| Объединение, союз, существующий на добровольных началах для достижения общей цели каких-л. государств, партий, организаций и т.п. | Кандайдыр-бир мамлекеттердин, партиялардын, уюмдардын ж.б. жалпы максаттарына жетишүү үчүн ыктыярдуу башталыштарда иш жүргүзгөн бирикмеси, бирлиги. |

| Ковариация | Ковариация |
|---|---|
| Связь между изменениями одного явления и изменениями другого. | Бир көрүнүштүн өзгөрүшү менен экинчи көрүнүштүн өзгөрүшүнүн ортосундагы байланыш. |
| **Кодификация** | **Кодификациялоо** |
| Упорядочивание какого-либо текста, перенумерация его частей, разделение на главы, подглавы, параграфы, а также для облегчения цитирования, ссылок при работе с данным текстом. Это также деятельность компетентных государственных органов, направленная на переработку несистематизированного правового массива, заключающаяся в создании новых нормативно-правовых актов, содержащих в себе гармонизированные и взаимосвязанные нормы. | Кандайдыр бир текстти тартипке келтирүү, анын бөлүктөрүн кайра номурлоо, бөлүмдөргө, бөлүмчөлөргө, параграфтарга бөлүү, ошондой эле бул текст менен иштөөдө цитата алууну жеңилдетүү үчүн шилтемелер. Бул ошондой эле системаланбаган укуктук массивди кайра иштетүүгө багытталган, туура келген жана өз ара байланыштуу ченемдерди өзүнө камтыган жаңы ченемдик укуктук актыларды түзүүдөн турган компетенттүү мамлекеттик органдардын иш аракети. |
| **Кодификация законодательства** | **Мыйзам чыгаруу кодификациясы** |
| Форма коренной переработки действующих нормативных актов в определенной сфере отношений, способ качественного упорядочения законодательства, обеспечения его согласованности и компактности, а также расчистки нормативного массива, освобождения от устаревших, не оправдавших себя норм. | Мамилелердин белгилүү бир чөйрөсүндө колдонулган ченемдик актыларды түптамырынан кайра иштеп чыгуунун формасы, мыйзамдарды сапаттык жагынан тартипке келтирүүнүн ыкмасы, анын макулдашылгандыгын жана компакттуулугун, ошондой эле ченемдик массивди тазалоонун, эскирген, өзүн актабаган ченемдерден бошотуунун формасы. |
| **Количественное исследование** | **Сандык изилдөөлөр** |
| Количественное исследование представляет собой сбор и анализ первичной информации. Исследования подобного рода, как правило, проводятся, когда необходимы точные, статистически выверенные численные данные. В основе методик количественных исследований всегда лежат четкие математические и статистические модели, что позволяет в результате иметь точные количественные значения изучаемых показателей.<br>Исследование, в котором данные получают в виде цифр, процентов, графиков и таблиц. | Баштапкы маалыматты топтоп жана анализдеп сандык катышын изилдөө. Мындай түрдөгү изилдөө көбүнчө так, статистикалык текшерилген сандык маалыматтар керек болгондо жүргүзүлөт. Сандык изилдөөлөрдүн методикасынын негизинде дайыма математикалык так жана статистикалык моделдер жатат жана натыйжасында изилденүүчү көрсөткүчтүн так сандык катышын алганга мүмкүнчүлүк алат.<br>Изилдөө, мында маалымдамалар санариптер, пайыздар, графиктер жана таблицалар түрүндө алынат. |

| Коллегия | Коллегия |
|---|---|
| Группа лиц, имеющая право совместного решения вопросов, отнесенных к ее компетенции. Это также орган принятия решений в системе управления, по выработке согласованного мнения представителей различных управленческих звеньев и структур для принятия последующих решений соответствующим органом власти. | Өзүнүн компетенциясына таандык кылынган маселелерди биргелешип чечүүгө укуктуу адамдардын тобу. Бул ошондой эле башкаруу системасында чечимдерди кабыл ала турган, бийликтин тиешелүү органы тарабынан кийинки чечимдерди кабыл алуу үчүн ар кандай башкаруу звенолорунун жана структарларынын өкүлдөрүнүн макулдашылган пикирин иштеп чыгуу боюнча орган. |
| **Коллективные блага** | **Жамааттык жыргалчылыктар** |
| Блага, производимые главным образом, в государственном секторе и являющиеся неисключаемыми, поскольку никто не наделен правами собственности на них и все могут потреблять эти блага одновременно. | Негизинен мамлекеттик сектордо өндүрүлгөн жана жокко чыгарылбай турган жыргалчылыктар, анткени, аларга эч кимдин менчик укугу жок жана алардын бардыгы ушул жыргалчылыктарды бир эле мезгилде керектей алат. |
| **Коллективный проект** | **Коллективдик долбоор** |
| Тип организации и проведения исследовательской работы несколькими специалистами, согласовывающими друг с другом не только основные, но частично и второстепенные процедуры научного поиска; приобретает заметную роль в современной аналитической практике при проведении междисциплинарных исследований. | Илимий изденүн негизги гана эмес, ошондой эле экинчи даражадагы жолжоболорун макулдашкан бир нече адистин изилдөө ишин уюштуруунун жана өткөрүүнүн тиби; заманбап аналитикалык практикада дисциплиналар аралык изилдөөлөрдү жүргүзүү практикасында белгилүү орунга ээ болууда. |
| **Коллизия** | **Коллизия** |
| Столкновение противоположных сил, стремлений, взглядов и интересов. | Карама-каршы күчтөрдүн, умтулуулардын, көз караштардын жана таламдардын кагылышы. |
| **Коллизия законов** | **Мыйзамдар коллизиясы** |
| Расхождение содержания двух или более действующих нормативных актов, изданных по одному и тому же вопросу. Это также отношение между нормами, выступающее в форме различия или противоречия при регулировании одного фактического отношения. | Бир эле маселе боюнча чыгарылган, колдонулуп жаткан эки же андан ашык ченемдик актылардын мазмунунун ылайык келбеши. Бул ошондой эле бир фактылай мамилени жөнгө салууда айырмачылык же карама-каршылык формасында чыккан ченемдердин ортосундагы мамиле. |

| Команда | Команда |
|---|---|
| Группа людей, которые разделяют цели, ценности и общие подходы к реализации совместной деятельности, имеют взаимо-дополняющие навыки и т.д. | Биргелешкен ишти ишке ашырууга карата максаттарды, баалуулуктарды жана жалпы мамилелерди тең бөлүшкөн, бири-бирин толуктап турган көндүмдөргө ээ болгон ж.б. адамдардын тобу. |
| **Комиссия** | **Комиссия** |
| Орган, создаваемый для выполнения каких-либо определенных функций (избирательная комиссия, счетная комиссия, ревизионная комиссия) или проведения специальных мероприятий. Это также орган, состоящий из официально выбранных или назначенных представителей, полномочных решать вопросы, проблемы по контролю, надзору, разрешению споров. | Аныкталган кандайдыр-бир функцияларды аткаруу же атайын иш чараларды өткөрүү үчүн түзүлгөн орган (шайлоо комиссиясы, эсептөө комиссиясы). Бул ошондой эле контролдоо, көзөмөлдөө,талаштарды чечүү боюнча маселелерди, проблемаларды чечүүгө ыйгарым укуктуу, расмий түрдө шайланган же дайындалган өкүлдөрдөн турган орган. |
| **Комитет** | **Комитет** |
| Объединение, созданное с целью решения политических либо общественных задач, а также государственный орган исполнительной власти и структурная единица в системе органов законодательной власти. | Саясий же коомдук милдетти чечүү максатында түзүлгөн бирикме, ошондой эле аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы жана мыйзам чыгаруу бийлиги органдарынын системасындагы структуралык бирдик. |
| **Комментарий** | **Комментарий** |
| Разъяснение какого-либо текста; это также рассуждения, пояснительное и критическое замечания о чем-либо. | Кандайдыр-бир текстке түшүнүк берүү; бул ошондой эле бир нерсе тууралуу ой жүгүртүү, түшүнүк берүү жана сынпикир айтуу. |
| **Коммуникативная компетентность** | **Коммуникациялык компетенттүүлүк** |
| Включает коммуникативные способности, коммуникативные знания, коммуникативные умения адекватное коммуникативным задачам и достаточные для их решения. | Коммуникациялык жөндөмдүүлүктөрдү, коммуникациялык билимдерди, коммуникациялык милдеттерге адекваттуу келген жана аларды чечүү үчүн жетиштүү болгон коммуникациялык билгичтикти камтып турат. |
| **Коммуникационные барьеры** | **Коммуникациялык тоскоолдуктар** |
| Факторы, уменьшающие возможности успешной коммуникации. | Ийгиликтүү коммуникациянын мүмкүнчүлүгүн азайткан факторлор. |

| Коммуникационные стратегии | Коммуникациялык стратегиялар |
|---|---|
| Существуют следующие типы коммуникационных стратегий - презентация, манипуляция и конвенция. Основными их средствами являются: для презентации - послание, для манипуляции - сообщение, для конвенции - диалог. Презентационный тип является пассивной коммуникацией; манипуляционный тип является активной коммуникацией, конвенциональный тип является интерактивной коммуникацией. | Коммуникациялык стратегиялардын төмөндөгүдөй типтери бар: бет ачар, манипуляция жана конвенция. Төмөндөгүлөр: бет ачар үчүн – кайрылуу, манипуляция үчүн – кабарлоо, конвенция үчүн – диалог негизги каражаттар болуп саналат. Бет ачар тиби пассивдүү коммуникация; манипуляциялык тип активдүү коммуникация, конвенциялык тип интерактивдүү коммуникация болуп эсептелет. |
| **Коммуникационный план** | **Коммуникациялык план** |
| Направлен на реализацию коммуникативного потенциала аналитического документа и на изменение поведения и побуждение целевой аудитории к совершению определенных действий. Включает: а) четкое определение группы аудитории, на которые должно быть оказано воздействие; б) связное и логичное описание действий, которые необходимо предпринять, чтобы добиться поставленной цели или решить обозначенную проблему; в) выбор каналов коммуникации и т.д. | Аналитикалык документтин коммуникациялык потенциалын ишке ашырууга жана максаттуу аудиториянын жүрүш-турушун өзгөртүүгө жана белгилүү бир аракеттерди жасоого түрткү берүүгө багытталган. Ал: а) таасир тийгизиле турган аудиториянын топторун так аныктоону; б) алдыга коюлган максатка жетишүү же белгиленген проблеманы чечүү үчүн көрүлө турган зарыл аракеттердин байланыштуу жана логикалуу баяндамасын; в) коммуникациялардын каналдарын тандап алууну ж.б. |
| **Коммуникация** | **Коммуникация** |
| (от лат. communicatio - обмен, связь, разговор) - 1. Процесс передачи информации, включающий адресанта, каналы, кодирование, дешифровку, содержание, эффективность, контроль за ситуацией, намерение адресата.<br><br>2. Акт общения между людьми посредством передачи символов, целью которого является взаимопонимание.<br><br>3. Обмен информацией любого вида между различными системами связи. Процесс передачи информации от одного индивида или группы к другой с использованием различных средств и каналов. Выделяют следующие виды коммуникаций: вертикальные и горизонтальные, внутренние и внешние, | (лат. communicatio – алмашуу, байланыш, сүйлөшүү). 1. Маалыматты адресантка, каналга берүү процесси, коддоо, дешифровкалоо, мазмун, эффективдүүлүк, кырдаалды көзөмөлдөө, адресаттын ниети.<br><br>2. Адамдар арасында символдорду берүү аркылуу баарлашуу акты, максаты түшүнүшүү.<br><br>3. Түрдүү байланыш системалар ортосундагы түркүн маалыматтардын алмашышы. Ар кандай каражаттарды жана канал-дарды пайдалануу менен маалыматты бир индивидден же топтон башкаларга берүү процесси. Коммуникациялар төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөт: вер-тикалдуу жана |

| | |
|---|---|
| межличностные и межгрупповые и т.д. | горизонталдуу, ички жа-на тышкы, инсандар аралык жана топ-тор аралык ж.б. |
| **Компаративизм** | **Компаративизм** |
| Применение сравнительно-исторического метода в некоторых науках. Это также совокупность методик и процедур, используемых в сравнительно-историческом изучении для установления сходства и различий, связей и т.д. | Айрым илимдерде салыштырма-тарыхый ыкманы колдонуу. Бул ошондой эле окшоштукту жана айырмачылыкты, байланыштарды ж.б. белгилөө үчүн салыштырма тарыхый изилдөөдө пайдаланылган ыкмалар менен жол-жоболордун жыйындысы. |
| **Компенсационная дискриминация** | **Компенсацияланууучу басмырлоо** |
| Приём на работу с намеренным предоставлением преимуществ традиционно дискриминируемым группам; первоначально политическая программа, направленная на ликвидацию расовой дискриминации | Салттуу түрдө басмырланган топторго атайылап артыкчылык берүү менен жумушка кабыл алуу; адегенде расалык басмырлоону жоюуга багытталган саясий программа болгон. |
| **Компетентность** | **Компетенттүүлүк** |
| От лат. competens – способный. И означает оно, по сути, умение делать хорошо, то, что делаешь. Критерием истинной компетентности является конечный результат. | Лат. тилинен competens – айрыкча. Бул жасаган нерсеңди жакшы жасоо деген маанини берет. Компетенттүүлүктүн чыныгы критерийи соңку натыйжа болуп эсептелет. |
| **Компетенция** | **Компетенция** |
| 1) Область знаний, круг вопросов, в которых кто-либо. хорошо осведомлен.<br>2) Круг полномочий, прав какого-либо органа или должностного лица. | 1) Кимдир-бирөө жакшы билген билимдин тармагы.<br>2) Жооптуу кызматкердин же кандайдыр бир органдын полномочиесинин чөйрөсү. |
| **Компиляция** | **Компиляция** |
| (от лат. compilatio, букв. -ограбление) - сочинительство на основе чужих исследований или произведений без самостоятельной обработки источников; работа, составленная таким методом. | (лат. compilatio, сөзмө-сөз -тоноо) – булактарды өз алдынча иштеп чыкпастан, башка бирөөлөрдүн изилдөөлөрүнүн же чыгармаларынын негизинде чыгарма жаратуу; ушундай ыкма менен жасалган иш. |
| **Компромисс** | **Компромисс** |
| Модификации предложений или альтернатив, касающихся политики, призванные сделать их политически | Саясатка тиешелүү сунуштарды же альтернативаларды саясий жагынан алгылыктуу кылууга чакырылган мо- |

| | |
|---|---|
| приемлемыми. | дификациялар. |
| **Конвенционализация** | **Конвенционалдаштыруу** |
| Коммуникативный процесс нахождения такой позиции или точки зрения, которая позволяет вначале понимать адресатам друг друга, а затем и достигать консенсуса. | Дарек ээлерине адегенде бири-бирин түшүнүүгө, андан кийин консенсуска жетишүүгө мүмкүнчүлүк бере турган позицияны же көз караштьı табуунун коммуникациялык процесси. |
| **Кондоминиум** | **Кондоминиум** |
| От лат.- con - вместе и dominium – владение. Совместное владение, обладание единым объектом, чаще всего домом, недвижимым имуществом. Кондоминимум представляет собой товарищество домовладельцев, которое определяет порядок реализации ими своих прав по владению, пользованию и распоряжению общей собственностью. К объектам общей собственности домовладельцев относятся: межквартирные лестничные клетки, лестницы, лифты, лифтовые и иные шахты, коридоры, крыши, технические этажи и подвалы и т.п., являющиеся общей собственностью. Домовладельцы несут расходы, связанные с содержанием, строительством, эксплуатацией, ремонтом, пропорционально размеру общей площади, находящейся в собственности члена кондоминимума. | Лат. con - бирге жана dominium – ээлик кылуу. Бир нерсеге чогуу ээлик кылуу, көбүнчө үй, кыймылсыз мүлк менен. Кондоминимум үй ээлеринин шериктештигин, ээлик кылган нерсесине жалпы менчиктик укуктун, пайдалануунун, тартибин белгилейт. Үй ээлеринин жалпы ээлигине; квартира аралык клеткалар, тепкичтер, лифтер, лифттик жана башка шахталар, коридорлор, чатыр, техникалык этаждар жана подвалдар ж.б. киришет. Үй ээлери кондоминимумдун мүчөлөрүнө жалпы размерден пропорционалдуу бөлүндүсүнө барабар жердин ремонтуна, эксплуатациясына, куруусуна байланышкан чыгашасын төлөйт. |
| **Конечные цели** | **Жыйынтыктоочу максаттар** |
| Такое воздействие продукта деятельности правительства на общество, которое оно намеревалось получить в соответствии например с заявленными целями, законами, официальными постановлениями. | Мисалы, билдирилген максаттарга, мыйзамдарга, расмий токтомдорго ылайык өкмөт жетишүүгө ниеттенген иштин коомго тийгизген таасири. |
| **Конкурентность частных благ** | **Жеке жыргалчылыктардын атаандаштыгы** |
| Свойство некоторых общественных благ быть конкурентыми ввиду их возможной нехватки. Примером таких благ могут служить скамейки в общественном парке, которых может не хватать | Айрым коомдук жыргалчылыктардын жетишсиздигинен улам, алардын атаандаш болушунун касиети. Коомдук сейил бактагы каалагандардын баарына жетишпей турган отургучтар ушуга |

| | |
|---|---|
| на всех желающих. | мисал боло алат. |
| **Консенсус** | **Консенсус** |
| Согласие индивидов относительно норм и целей социальной общности, членами которой они являются, а также относительно распределения ролей и вознаграждений внутри этой общности. Это также метод принятия управленческих решений на основе общего согласия и отсутствия принципиальных возражений у большинства заинтересованных лиц. | Индивиддердин өздөрү мүчөлөрү болуп эсептелген социалдык жалпылыктын ченемдери жана максаттары, ошондой эле ушул жалпылыктын ичинде ролдорду жана сый акыларды бөлүштүрүү жаатында макулдашуусу. Бул ошондой эле жалпы макулдашуунун жана таламдаш жактардын көпчүлүгүндө принциптүү каршы пикирлердин жок болушунун негизинде башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу. |
| **Консерватизм** | **Консерватизм** |
| Тип мышления и поведения, характеризующийся укреплением и стабилизацией основ существующего обществ, устройства, оправданием статус-кво. Это также идеологическая ориентация и политическое движение, противостоящие социальным изменениям, отстаивающие сохранение традиционных ценностей и порядков. | Орун алган коомдун, түзүлүштүн негиздерин чыңдоо жана турукташтыруу менен мүнөздөлгөн ой-жүгүртүүнүн жана жүрүш туруштун тиби. Бул ошондой эле социалдык өзгөрүүлөргө каршы турган, салттуу баалуулуктарды жана тартиптерди сактоону жактаган идеологиялык багыт жана саясий кыймыл. |
| **Консолидированный бюджет** | **Консолидацияланган бюджет** |
| Свод бюджетов всех уровней бюджетной системы страны. Он включает республиканский бюджет и местные бюджеты и используется при прогнозировании, расчетах, анализе. | Өлкөнүн бюджеттик системасынын бардык деңгээлдердеги бюджеттеринин жыйындысы. Ал республикалык бюджетти жана жергиликтүү бюджеттерди камтып турат жана болжолдоодо, эсептөөлөрдө, талдоо жүргүзүүдө колдонулат. |
| **Конституция** | **Конституция** |
| Нормативно-правовой акт высшей юридической силы государства (основной закон), закрепляющий основы политической, правовой и экономической систем данного государства, основы правового статуса личности. Это также совокупность правовых норм, определяющих высшие органы государства, порядок их формирования и функционирования, их взаимные отношения и компетенцию, а также принципиальное положение индивида по отношению к | Аталган мамлекеттин саясий, укуктук жана экономикалык системаларынын негиздерин, инсандын укуктук статусунун негиздерин бекемдеген, мамлекеттин эң жогорку юридикалык күчүн бекемдеген ченемдик укуктук акт. Бул ошондой эле мамлекеттин жогорку органдарын, аларды калыптандыруунун жана иш жүргүзүшүнүн тартибин, алардын өз ара мамилелерин жана компетенциясын, ошондой эле индивиддин мамлекеттик бийликке карата |

| | |
|---|---|
| государственной власти. | принциптүү абалын аныктаган укуктук ченемдердин жыйындысы. |
| **Консультирование** | **Консультация берүү** |
| Процесс, в ходе которого выявляются проблемы клиента и возможности их решения; это также форма оказания помощи клиенту в отношении содержания, процесса или структуры решения задачи или проблемы за которые консультант сам не отвечает. | Процесс, анын жүрүшүндө кардардын проблемалары жана аларды чечүүнүн мүмкүнчүлүктөрү аныкталат; бул ошондой эле милдетти же проблеманы чечүүнүн консультант өзү жооп бербей турган мазмуну, процесси же структурасы жагынан кардарга жардам көрсөтүүнүн формасы. |
| **Контекст** | **Мазмуну** |
| Завершенный в смысловом отношении устной или письменный отрывок, для определения смысла входящей в него фразы или даже слова. Он весьма важен для толкования документов в сфере управленческой практики. | Мазмунуна карата аяктаган оозеки же жазуу түрүндө үзүндүлөр, анын маанисине кирген фразаны же сөздү аныктоо үчүн. Башкаруу практика чөйрөсүндө документтерди түшүндүрүү үчүн өтө маанилүү болот. |
| **Контент** | **Контент** |
| Информационные ресурсы, их содержимое, например, информационное наполнение веб-сайта, документа и т.д. | Маалыматтык ресурстар, алардын мазмуну, мисалы, веб-сайтты маалымат, документ менен толтуруу. |
| **Контент-анализ** | **Контенттик талдоо жүргүзүү** |
| Количественный анализ текстов и текстовых массивов с целью последующей содержательной интерпретации выявленных числовых закономерностей. | Аныкталган санариптик мыйзам ченемдүүлүктөрдү андан ары мазмундуу интерпретациялоо максатында тексттерге жана тексттик массивдерге сандык талдоо жүргүзүү. |
| **Контингент** | **Контингент** |
| (от лат. contingens, родительный падеж contingentis — достающийся на долю), 1) Совокупность людей, образующих однородную в каком-либо отношении группу, категорию. Например, коллектив рабочих завода, служащих учреждения, учащихся учебного заведения, состав воинской части и т. п. 2) Установленная для определённой цели норма, предельное количество. Например, К. приёма в высшие учебные заведения. | (лат. contingens, илик жөндөмөсү contingentis — үлүшкө калган), 1) Кандайдыр-бир жагынан бир тектүү топту, категорияны түзүп турган адамдардын жыйындысы. Мисалы, заводдун жумушчуларынын тобу, мекеменин кызматчылары, окуу жайынын окуучулары, аскердик бөлүктүн курамы ж.б. 2) Белгилүү бир максат үчүн белгиленген ченем, чектелген сан. Мисалы, жогорку окуу жайына кабыл алууда. |

| Конференция | Конференция |
|---|---|
| Собрание, совещание представителей правительственных, научных, общественных и других организаций и групп для обсуждения тех или иных вопросов политики, власти, перспектив общественного развития и т. п. | Саясаттын, бийликтин, коомдун өнүгүшүнүн келечегинин тигил же бул маселелерин талкуулоо ж.б. үчүн өкмөттүк, илимий, коомдук жана башка уюмдардын чогулушу, кеңешмеси. |
| **Конфессия** | **Конфессия** |
| Особенность вероисповедания в пределах определённого религиозного учения, а также объединение верующих, придерживающихся этого вероисповедания. | Белгилүү бир диний окуунун чектеринде дин тутуунун өзгөчөлүгү, ошондой эле ушул динге ишенүүнү колдогондордун бирикмеси. |
| **Конфликт интересов** | **Кызыкчылыктар конфликти** |
| Ситуация когда государственный или муниципальный служащий имеет частный или личный интерес, достаточный для того, чтобы прямо или косвенно влиять на объективное решение вопросов, входящих в круг его служебных обязанностей. | Мамлекеттик же муниципалдык кызматкердин өзүнүн кызматтык милдеттеринин чөйрөсүнө кирген маселелердин объективдүү чечилишине тикелей же кыйыр таасир тийгизиши үчүн жеке же өздүк кызыгы болгон учурдагы кырдаал. |
| **Конфликт политический** | **Саясий конфликт** |
| Столкновение субъектов политики в их взаимном стремлении реализовать свои интересы и цели, связанные прежде всего с достижением власти или ее перераспределением, а также с изменением их политического статуса. | Баарыдан мурда өздөрүнүн бийликке жетишүүгө же аны кайра бөлүштүрүүгө, ошондой эле алардын саясий статусун өзгөртүүгө байланыштуу өздөрүнүн таламдарын жана максаттарын ишке ашырууга өз ара умтулууда саясаттын субъекттеринин кагылышы. |
| **Конформизм** | **Конформизм** |
| Приспособленчество, пассивное принятие существующего социального порядка, господствующих мнений и т.п. Это также принятие индивидом определенного мнения «под нажимом», под давлением общества или группы. | Орун алган социалдык тартипке, үстөмдүк кылган пикирлерге ж.б. ыңгайлашуу ж.б. Бул ошондой эле коомдун же топтун «кысымы алдында» индивид тарабынан белгилүү бир пикирди кабыл алуу. |
| **Концепт** | **Концепт** |
| Формулировка, умственный образ, общая мысль, понятие. Это также смысловое значение имени (знака), т. е. содержание понятия, объем которого | Жол-жобо, аң-сезимдүү образ, жалпы ой-пикир, түшүнүк. Бул ошондой эле аттын (белгинин) маанилик маңызы, б.а. түшүнүктүн мазмуну, анын көлөмү |

| | |
|---|---|
| есть предмет этого имени. | ушул аттын предмети болот. |
| **Концепция** | **Концепция** |
| Совокупность взаимосвязанных представлений, взглядов на какую-либо проблему. Это также определенный способ трактовки каких-либо явлений, руководящая идея для их освещения; ведущий замысел, конструктивный принцип различных видов деятельности. | Кандайдыр-бир проблемага карата өз ара байланыштуу түшүнүктөрдүн, көз караштардын жыйындысы. Бул ошондой эле кандайдыр бир көрүнүштү аныктоонун жетектөөчү идея, түрдүү аракеттердин конструктивдүү принципти, жетектөөчү ойлонум. |
| **Концепция политики** | **Саясаттын концепциясы** |
| Документ политики для внешнего пользования. Коммуникативная цель концепции политики – помочь руководству проинформировать общественность о выбранной политике с целью удовлетворения потребности или использования новых возможностей. | Саясаттын тышка пайдаланыла турган документи. Саясаттын концепциясынын коммуникациялык максаты – жетекчиликке керектөөлөрдү канаатандыруу же жаңы мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу максатында тандалып алынган саясат жөнүндө коомчулукка маалымат берүүдө жардам берүү болуп саналат. |
| **Конъюнктура** | **Конъюнктура** |
| Стечение обстоятельств, сложившаяся обстановка, создавшееся положение в какой-либо области общественной жизни, способные повлиять на исход, итог чего-л. Это также совокупность признаков, характеризующих состояние экономики или политики в определенный период. | Коомдук турмуштун кайсыл-бир жагында бир нерсенин жыйынтыгына таасир тийгизиши мүмкүн болгон кырдаалдардын туш келиши, калыптанган кырдаал, түзүлгөн абал. Бул ошондой эле экономиканын жана саясаттын белгилүү бир мезгилдеги абалын мүнөздөгөн белгилердин жыйындысы. |
| **Кооперация** | **Кооперация** |
| Форма организации труда, при которой значительное число людей совместно участвует в одном и том же или разных, но связанных между собой процессах труда. Это также совокупность организационно оформленных самодеятельных добровольных объединений взаимопомощи рабочих, мелких производителей, в том числе крестьян, служащих для достижения общих целей в различных областях экономической деятельности. | Эмгекти уюштуруунун формасы, мунун тушунда адамдардын олуттуу саны эмгектин бир же ар кандай, бири-бири менен байланышта болгон процесстерине катышат. Бул ошондой эле жумушчулардын, чакан өндүрүүчүлөрдүн, анын ичинде дыйкандардын, кызматчылардын экономикалык иштин ар кандай жактарында жалпы максаттарга жетишүү үчүн уюштуруучулук жагынан жол-жоболоштурулган өз демилгелүү, ыктыярдуу өз ара жардам берүү бирикмелеринин жыйындысы. |

| Координация | Координациялоо |
|---|---|
| Согласование действий различных организационных структур и индивидов при решении определенных проблем для достижения поставленных целей. | Алдына коюлган максатка жетишүү үчүн белгилүү бир проблемаларды чечүүдө ар кандай уюштуруучулук структуралардын жана индивиддердин аракеттерин ыраатташтыруу. |
| **Корпоративные аналитические документы** | **Корпоративдүү аналитикалык документтер** |
| Документы, имеющие цель предоставить руководству (Кабинету министров) результаты анализа потребностей/возможностей, варианты курса действий, а также предполагаемые результаты реализации политики. | Жетекчиликке (Министрлер кабинетине) берилүүгө тийиш болгон документтер, керектөөлөргө/мүмкүнчүлүктөргө талдоо жүргүзүүнүн натыйжалары, аракеттердин курсунун варианттары, ошондой эле саясатты ишке ашыруунун болжолдонуп жаткан натыйжалары. |
| **Корреляционный анализ** | **Корреляциялык талдоо жүргүзүү** |
| Метод обработки статистических данных, с помощью которого измеряется теснота связи между двумя или более переменными. | Статистикалык маалымдамаларды иштеп чыгуунун ыкмасы, мунун жардамы менен эки же андан ашык өзгөрүлмө көрсөткүчтүн ортосундагы байланыштын тыгыздыгы ченелет. |
| **Корреляция** | **Корреляция** |
| Степень связи между двумя или большим количеством переменных. | Өзгөрөлмө көрсөткөчтөрдө\үн эки же андан ашык санынын ортосундагы байланыштын даражасы. |
| **Коррупция** | **Коррупция** |
| Преступление, заключающееся в прямом использовании должностным лицом прав, предоставленных ему по должности, в целях личного обогащения. Это также подкуп должностных лиц, их продажность. | Кызмат адамы тарабынан ага кызматы боюнча берилген укуктарды жеке баюу максатында тикелей колдонууну билдирген кылмыш. Бул ошондой эле кызмат адамдарын сатып алуу, алардын саткындыгы. |
| **Коучер** | **Коучер** |
| Это персональный тренер, который сопровождает клиента в поиске своей результативности. Он помогает понять, каких навыков не хватает и как их наработать. Помогает рассматривать ситуации и принимать решения, помогает освоить новый опыт. | Бул жеке машыктыруучу, ал өзүнүн натыйжалуулугун билүү үчүн кардарды коштоп жүрөт. Ал кандай көндүмдөрүн жетишпей жаткандыгын жана аларга кантип жетишүүгө болорун түшүнүүгө жардам берет. Кырдаалды карап чыгууда жана чечим кабыл алууда |

| | |
|---|---|
| | жардам берет, жаңы тажрыйбаны өздөштүрүүгө көмөктөшөт. |
| **Креативность** | **Креативдүүлүк** |
| Свойство процесса структурирования проблемы, когда результат анализа является новым и важным; такой процесс анализа является нетрадиционным и требует настойчивости и веских причин для его проведения. | Талдоо жүргүзүүнүн натыйжасы жаңы жана маанилүү болгон кезде, проблеманы структуралаштыруу процессинин касиети; талдоо жүргүзүүнүн ушундай процесси салттуу эмес болуп эсептелет жана аны жүргүзүү үчүн талап кылуучулукту жана олуттуу себептерди талап кылат. |
| **Кризис** | **Кризис** |
| Резкий поворот в каком-либо положении, состоянии. Это также крупное происшествие, затрагивающее безопасность людей, окружающей среды, репутацию организации, которое требует немедленного внимания к себе или постоянного контроля и которое получило или может получить широкие неблагоприятные отзывы. | Кандайдыр-бир абалдагы, учурдагы кескин бурулуш. Бул ошондой эле адамдардын коопсуздугуна, айланачөйрөнү коргоого, уюмдун беделине шек келтирген ири окуя, ал өзүнө карата токтоосуз көңүл бурууну же туруктуу көзөмөлдү талап кылат, ал кеңири жагымсыз пикирлерди алды же алышы мүмкүн. |
| **Кризис политический** | **Саясий кризис** |
| Расстройство политической системы, нарушение ее нормального функционирования, заключающееся в том, что значительная часть граждан отказывает ключевым звеньям власти в своей поддержке, выражая несогласие с осуществляемой в стране политикой, проявляет недовольство ею и тем самым не позволяет политической системе успешно осуществлять свои функции. | Саясий системанын бузулушу, анын кадыресе иш жүргүзүшүнүн бузулушу, ал мындан көрүнөт, жарандардын олуттуу бөлүгү өлкөдө жүзөгө ашырылып жаткан саясатка макул эместигин билдирүү менен, бийликтин өзөктүү звеносуна колдоо көрсөтүүдөн баш тартат жана ушуну менен саясий системага өзүнүн функцияларын ийгиликтүү жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк берет. |
| **Критерий** | **Критерий** |
| Признак или показатель, на основании которого производится оценка, классификация, определение. | Белги же көрсөткүч, анын негизинде баа берүү, классификациялоо, аныктоо жүргүзүлөт. |
| **Критерий осуществимости** | **Жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүнүн критерийлери** |
| Ряд вопросов на которые следует дать ответы. Осуществим ли предложенный вариант политики с технической точки | Жооп берилүүгө тийиш болгон бир катар суроолор. Техникалык көз караштан алганда саясаттын сунуш кылынган |

| | |
|---|---|
| зрения? Базируется ли предложение на современных теоретических и технических представлениях? Существуют ли доказательства того что выбор данного варианта политики действительно позволяет достичь желаемых результатов? Подтверждает ли теория желаемую причинно - следственную связь между действиями и результатами? | вариантын жүзөгө ашыруу мүмкүнбү? Сунуш заманбап теориялык жана техникалык түшүнүктөргө негизделгенби? Саясаттын аталган вариантын тандап алуу каалагана натыйжа-ларга жетишүүгө чындыгында эле мүмкүнчүлүк берээринин далилдери барбы? Теория аракеттер менен натыйжалардын ортосундагы каалаган себептик-натыйжалык байланышты ырастайбы? |
| **Критерий оценивания политики** | **Саясатка баа берүүнүн критерийлери** |
| Определенные правила или стандарты, согласно которым оцениваются результаты политики: результативность, эффективность, адекватность, справедливость, соответствие общественным устремлениям, целесообразность. | Белгилүү бир эрежелер же стандарттар, аларга ылайык саясаттын натыйжалары: натыйжалуулугу, эффективдүүлүгү, адекваттуулугу, адилеттүүлүгү коомдук умтулууларга ылайык келиши максатка ылайыктуулугу. |
| **Круглый стол** | **Тегерек стол** |
| Форма генерирования и обсуждения идей, значимых для различных групп общественности. | Коомчулуктун ар кандай топтору үчүн маанилүү болгон идеяларды генерациялоонун жана талкуулоонун формасы. |
| **Культура** | **Маданият** |
| Специфический способ организации и развития человеческой жизнедеятельности, представленный в продуктах материального и духовного производства, в системе социальных норм и учреждений, в духовных ценностях, в совокупности отношений людей к природе, между собой и к самим себе. | Адамдын жашоо турмушун уюштуруунун жана өнүктүрүүнүн атайын ыкмасы, ал материалдык жана руханий өндүрүштүн продуктуларынан, социалдык ченемдер жана мекемелер системасынан, руханий баалуулуктардан, адамдардын табиятка, бири-бирине жана жеке өзүнө карата мамилелеринин жыйындысы. |
| **Культура политическая** | **Саясий маданият** |
| Исторически сложившаяся в обществе совокупность представлений, ценностей, и образцов поведения, относящихся к сфере власти и граждан. | Бийлик жана жарандар чөйрөсүнө таандык кылынган, коомдо тарыхый жагынан калыптанган түшүнүктөрдүн, баалуулуктардын жана жүрүш-туруш үлгүлөрүнүн жыйындысы. |
| **Курултай (собрание)** | **Курултай (чогулуш)** |
| Собрание представителей местных сообществ с целью обсуждения вопро- | Жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнүн жалпы кызыгууну билдирген масе- |

| | |
|---|---|
| сов, представляющих общий интерес. | лелерди талкулоо максатындагы чогулушу. |

## Л

| Левая идеология | Солчул идеология |
|---|---|
| Направление и идеологии, целью которых являются социальное равноправие и улучшение жизненных условий для наименее привилегированных слоёв общества. К ним относят социализм, социал-демократию, коммунизм, социальный либерализм и анархизм. | Коомдун привилегиясы аз катмарларынын социалдык тең укуктуулугу жана жашоо шарттарын жакшыртуу идеологиянын багыты болуп эсептелет. Аларга социализмди, социал-демократияны, коммунизмди, социалдык либерализмди жана анархизмди таандык кылууга болот. |
| **Легальность** | **Легалдуулук** |
| Выражает формально-юридическую законность, объектом которой может быть власть, политические институты, политическая деятельность. Она устанавливается и гарантируется властью. | Формалдуу-юридикалык мыйзамдуулукту билдирет, анын объектиси бийлик, саясий институттар, саясий иш болушу мүмкүн. Ал бийлик тарабынан белгиленет жана кепилдикке алынат. |
| **Легимитизация** | **Легимиттештирүү** |
| Правовой или конституционный процесс принятия законов, норм и других видов политических решений. Это также процедура общественного признания какого-л. действия, события или факта, действующего лица. | Мыйзамдарды, ченемдерди жана саясий чечимдердин башка түрлөрүн кабыл алуунун укуктук же конституциялык процесси. |
| **Легитимация** | **Легитимация** |
| Признание или подтверждение законности какого-либо права, чьего-либо Полномочия. | Кандайдыр-бир укуктун, бир нерсеге болгон укуктун, ыйгарым укуктун мыйзамдуулугун таануу же ырастоо. |
| **Легитимность** | **Легитимдүүлүк** |
| Деятельность, которая основывается на законах, других документах и решениях официальных органов. | Мыйзамдарга, башка документтерге жана расмий органдардын чечимдерине негизделген иш. |
| **Либерализация экономики** | **Либералдаштыруу** |
| Отмена или ослабление государственного контроля над разными ви- | Экономикалык иштин ар кандай түрлөрүнө жана экономикалык параметр- |

| | |
|---|---|
| дами экономической деятельности и экономиическими параметрами. | лерге мамлекеттик контролдукту алып салуу же азайтуу. |
| **Либеральная демократия** | **Либералдуу демократия** |
| Форма общественно-политического устройства на основе представительной демократии, в котором воля большинства и способность избранных представителей осуществлять власть ограничены во имя защиты прав меньшинства и свобод отдельных граждан. Для нее характерно «открытое общество», характеризуемое терпимостью, плюрализмом, сосуществованием и конкуренцией самого широкого спектра общественно-политических взглядов. | Коомдук саясий түзүлүштүн өкүлчүлүктүү демократиянын негизиндеги формасы, мында көпчүлүктүн эркин жана шайланган өкүлдөрдүн бийликти жүргүзүү жөндөмдүүлүгү азчылыктын укуктарын жана айрым жарандардын эркиндиктерин коргоонун атынан чектелген. Ал үчүн чыдамдуулук, коомдук-саясий көз караштардын абдан кеңири плюрализми, жанаша жашоо жана атаандаштык менен мүнөздөлгөн «ачык коом» мүнөздүү болот. |
| **Лидер** | **Лидер** |
| Лицо в какой-либо группе (организации), пользующееся большим, признанным авторитетом, обладающее влиянием, которое проявляется как управляющие действия. Это также человек, способный объединить людей для достижения определенной цели. | Кандайдыр-бир топто (уюмда) чоң, таанылган беделге ээ болгон, таасирдүү адам, бул башкаруучу аракеттер катары көрүнөт. Ошондой эле белгилүү бир максаттарга жетүү үчүн адамдарды бириктирүүгө жөндөмдүү адам. |
| **Лидеры мнений** | **Пикирлердин лидерлери** |
| Люди, способные влиять на установки или поведения других индивидов в нужном направлении. | Башка индивиддердин туткан жолуна же жүрүш-турушуна керектүү багытта таасир тийгизүүгө жөндөмдүү адамдар. |
| **Лицензия** | **Лицензия** |
| Лицензия – это термин, обозначающий официальный документ, который разрешает ее обладателям осуществление указанного в лицензии вида деятельности на территории страны выдачи документа или на международном уровне. По своей сути является разрешением выданным на осуществление какого-то определенного типа деятельности. При этом в лицензии строго оговаривается, при каких условиях может осуществляться лицензируемая деятельность. | Лицензия – бул ошол документти берген мамлекетте же эл аралык деңгээлде лицензияда жазылган ишкердүүлүктү ишке ашырууга мүмкүн-чүлүк берүүчү официалдуу документ. Негизинде кандайдыр бир ишкердик менен алектенүүгө берилген макулдук. Лицензияда лицензияланып жаткан ишкердик кандай шартта ишке ашырылаары так көрсөтүлөт. Айрым аракеттерди аткарууга укук берген документ (макулдашуу). |
| **Лицо без гражданства** | **Жарандыгы жок адам** |
| Физическое лицо, не имеющее какого- | Кандай бир жарандыгы же букаралыгы |

| | |
|---|---|
| либо гражданства или подданства и не обладающее доказательствами, которые могли бы установить принадлежность его к какому-либо гражданству или подданству. | жок жана анын кандайдыр-бир жарандыкка же букаралыкка таандык экендигин белгилей ала турган далилдери жок жеке адам. |
| **Лицо принимающее решение** | **Чечим кабыл ала турган жак** |
| Человек или группа людей, на которых возложена функция окончательного выбора одного из возможных вариантов политического решения. | Өзүнө саясий чечимдин мүмкүн болуучу варианттарынын ичинен бирин бир отоло тандап алуу функциясы жүктөлгөн адам же адамдардын топтору. |
| **Лоббирование** | **Түрткү берүү** |
| Совокупность действий частных и общественных организаций, воздействующих на принятие решений законодательной или исполнительной властью. | Жеке жана коомдук уюмдардын мыйзам чыгаруучу же аткаруучу бийликтин чечимдерди кабыл алышына таасир тийгизе турган аракеттеринин жыйындысы. |
| **Лояльность** | **Лоялдуулук** |
| Верность действующим законам, постановлениям органов власти, иногда только формальная, внешняя. Это также корректное, благожелательное отношение к кому-либо или чему-либо. | Колдонуудагы мыйзамдарга, бийлик органдарынын токтомдоруна ишенимдүүлүк, ал кээде жөн гана формалдуу, тышкаркы болот. Бул кимдир-бирөөгө же бир нерсеге сылык, кайрымдуу мамиле жасоо. |

## М

| | |
|---|---|
| **Макроэкономические проблемы** | **Макроэкономикалык проблемалар** |
| Проблемы, которыми занимается наука макроэкономика. К ним относятся: экономический рост, экономические циклы, безработица, общий уровень цен, денежное обращение, уровень ставки процента, государственный бюджет, торговый баланс и другие. | Макроэкономика илими иш жүргүзө турган проблемалар. Аларга: экономикалык өсүш, циклдер, жумушсуздук, баалардын жалпы деңгээли, акча жүгүртүү, пайыздын ставкасынын деңгээли, мамлекеттик бюджет, соода балансы жана башкалар таандык кылынат. |
| **Мандат** | **Мандат** |
| Юридическое отношение представительства, а также документ, удостоверяющий законность этого представительства. Например, депутатский ман- | Өкүлчүлүктүн юридикалык мамилеси, ошондой эле ушул өкүлчүлүктүн мыйзамдуулугун ырастай турган документ. Мисалы, депутаттык мандат бийликтин |

| | |
|---|---|
| дат удостоверяет законность полномочий депутата какого-либо представительного органа власти. | кайсыл-бир өкүлчүлүктүү органынын депутатынын ыйгарым укуктарынын мыйзамдуулугун күбөлөндүрөт. |
| **Манипуляция** | **Манипуляция** |
| Манипуляция – это вид психологического воздействия, которое ведёт к скрытому возбуждению у другого человека намерений, не совпадающих с его существующими желаниями. Это также использование стимулов, которые заранее предопределяют реакцию на них, и которые используются именно для того, чтобы вызвать такую реакцию. | Манипуляция – бул психологиялык таасирдин бир түрү, ал экинчи адамдын өзүндөгү каалоолору менен ылайык келбеген ниеттердин көмүскө түрдө пайда болушуна алып келет. Бул ошондой эле аларга карата реакцияны пайда кылган түрткүлөрдү пайдалануу жана алар ушундай реакцияны пайда кылышы үчүн мамиле кылат. |
| **Маргинал** | **Маргинал** |
| Человек, находящийся на границе различных социальных групп, систем, культур и испытывающий влияние их противоречащих друг другу норм, ценностей, и т. д. | Ар кандай социалдык топтордун, системалардын, маданияттардын чек арасында турган жана алардын бири бирине карама-каршы келген ченемдерин жана баалуулуктардын таасирин баштан кечирген адам. |
| **Маргинализация** | **Маргиналдаштыруу** |
| Процесс разрушения гражданского общества, проявляющийся в распаде социальных групп, разрыве традиционных связей между людьми, потере индивидами объективной принадлежности к той или иной социальной общности, извращении эстетических, этических, правовых, физиологических и иных общечеловеческих норм и ценностей, превращении людей в духовных и социальных люмпенов, полностью зависимых от непредсказуемых и бесконтрольных действий властей, демагогов и авантюристов. | Жарандык коомдун бузулуу процесси, ал социалдык топтордун бузулушунан, адамдардын ортосундагы салттуу байланыштарды түзүүдөн, индивиддер тарабынан тигил же бул социалдык жалпылыкка объективдүү таандуулугун жоготуудан, эстетикалык, этикалык, укуктук, физиологиялык жана башка жалпы адамзатка таандык ченемдерди жана баалуулуктарды бурмалоодон, адамдарды бийликтердин, демагогдордун жана авантюристтердин алдын ала айтууга болбой турган жана контролго алынбай турган аракеттерине толугу менен көз каранды болгон руханий жана социалдык люмпендерге айландыруудан көрүнүп турат. |
| **Массовая коммуникация** | **Массалык коммуникациялар** |
| Распространение сообщений через печать, радио, телевидение и другие каналы передачи информации среди численно больших рассредоточенных | Маалымат берүү жана адамдардын баа беришине, пикирлерине жана жүрүш-турушуна таасир тийгизүү максатында билдирмелерди басма сөз, радио, теле |

| | |
|---|---|
| аудиторий с целью информирования и оказания воздействия на оценки, мнения и поведение людей. | көрсөтүү жана башка каналдары аркылуу топтоштурулган саны жагынан көп аудиториялардын арасында жайылтуу. |
| **Математическая модель** | **Математикалык модель** |
| Приближенное описание какого-либо класса явлений, выраженное с помощью математических знаков и зависимостей. | Кандайдыр бир көрүнүштөрдүн классынын математикалык белгилердин жана көз карандылыктын жардамы менен билдирилген жакындаштырылган баяндамасы. |
| **Матрица** | **Матрица** |
| Математический объект, записываемый в виде прямоугольной таблицы, которая представляет собой совокупность строк и столбцов, на пересечении которых находятся её элементы. | Тик бурчтуу таблица түрүндө жазылган математикалык объект, ал саптар менен тилкелердин жыйындысын билдирет, алардын кесилишкен жерлеринде элементтер жайгашат. |
| **Медиатор** | **Медиатор** |
| Третье нейтральное, независимое лицо (посредник), помогающее сторонам разрешить имеющийся конфликт, спор. | Тараптарга орун алган конфликтти, талашты чечүүдө жардам берген, үчүнчү бейтарап, көз карандысыз адам (ортомчу). |
| **Медиация** | **Медиация** |
| Процесс совместного решения проблемы участниками конфликта, шансы которого на успех высоки в силу особых процессуальных условий и профессиональной помощи медиатора в осуществлении взаимодействия сторон на пути к урегулированию спора. | Конфликттин катышуучулары тарабынан проблеманы биргелешип чечүү процесси, өзгөчө процесстик шарттардан жана медиатордун талашты жөнгө салуунун жолунда тараптардын өз ара аракеттерин жүзөгө ашырууга кесиптик жардам беришинен улам алардын ийгиликке жетишүү мүмкүнчүлүгү жогору. |
| **Междисциплинарный анализ** | **Дисциплиналар аралык талдоо жүргүзүү** |
| Использование методов различных наук, таких как политология, экономика, социология и других дисциплин в анализе публичной политики. | Саясатты үйрөнүү, экономика, социология сыяктуу ар кандай илимдердин жана коомдук саясатка талдоо жүргүзүүнүн башка дисциплиналарынын ыкмаларын пайдалануу. |
| **Менторство** | **Менторчулук** |
| Традиция американской школы, основанная на индивидуальной работе со слушателями по преимуществу младшего преподавательского состава (ас- | Америкалык мектептин салты, ал угуучулар, басымдуу түрдө окутуучулардын кенже курамы (аспиранттар, жогорку окуу жайларындагы ассистенттер) менен индивидуалдуу иш алып барууга |

| | |
|---|---|
| пирантов, ассистентов в вузе). | негизделген. |
| **Местное самоуправление** | **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу** |
| Признаваемая и гарантируемая Конституцией страны самостоятельная и под свою ответственность деятельность населения по решению непосредственно или через избираемые органы вопросов местного значения, исходя из интересов населения, его исторических и иных местных традиций. | Өлкөнүн Конституциясы тарабынан таанылган жана кепилдикке алынган, калктын таламдарына, анын тарыхый жана башка жергиликтүү башка салттарына негизденүү менен жергиликтүү маанидеги маселелерди түздөн түз же шайланган органдар аркылуу өз алдынча жана өз жоопкерчилиги менен чечүү боюнча калктын иши. |
| **Местное сообщество** | **Жергиликтүү жамаат** |
| Население, постоянно проживающее на территории аильного, поселкового, городского кенешей, объединенное общими интересами в решении под свою ответственность вопросов местного значения через свои представительные, исполнительно-распорядительные и другие органы. | Айылдык, шаарчалык, шаардык кеңештердин аймагында туруктуу жашаган, жергиликтүү маанидеги маселелерди өздөрүнүн өкүлчүлүктүү, аткаруучу-тескөөчү жана башка органдары аркылуу өзүнүн жоопкерчилиги алдында чечүү боюнча жалпы таламдарга бириккен калк. |
| **Местный бюджет** | **Жергиликтүү бюджет** |
| Форма образования и расходования денежных средств, предназначенных для финансового обеспечения задач и функций местного самоуправления. | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун милдеттерин жана функцияларын финансылык камсыз кылуу үчүн арналган акчалай каражаттарды түзүүнүн жана чыгымдоонун формасы. |
| **Местный кенеш (совет)** | **Жергиликтүү кеңеш** |
| Представительный орган местного самоуправления - выборный коллегиальный орган местного самоуправления, избираемый непосредственно населением соответствующей административно-территориальной единицы и наделенный полномочиями решать вопросы местного значения. | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү административдик-аймактык бирдигинин калкы тарабынан түздөн-түз шайланган, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө ыйгарым укук берилген, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун шайланган коллегиалдуу органы. |
| **Метод** | **Ыкма** |
| Типовой инструмент или прием аналитической работы, позволяющий приобретать, обрабатывать и оценивать в познавательном отношении информацию. | Аналитикалык иштин типтүү шайманы же ыкмасы, ал маалыматты таанып билүү жагынан алууга, иштеп чыгууга жана баа берүүгө мүмкүнчүлүк берет. |
| **Метод Дельфи** | **Дельфинин ыкмасы** |
| Способ получения субъективных, основанных на оценочных суждениях вели- | Эксперттердин тобунун итеративдүү такталуучу бааларынын жардамы ме- |

| | |
|---|---|
| чин с помощью итеративно уточняемых оценок группы экспертов. | нен чоңдуктардын баалама пикирлерине негизделген субъективдүү маалымдамаларды алуунун ыкмасы. |
| **Методика** | **Методика** |
| Система приемов (операций) и соответствующих им объектов, фиксирующая практический опыт деятельности; это система, призванная воспроизводить и распространять накопленный ею опыт. | Иштин практикалык тажрыйбасын белгилеп турган өздөрүнө ылайыктуу объектилерди кабыл алуунун (операциялардын) системасы; бул система өзү топтогон тажрыйбаны көбөйтүп өстүрүүгө жана жайылтууга чакырылган. |
| **Методология** | **Методология** |
| Совокупность подходов и моделей, принципов и методов. Это также совокупность приемов, путей и способов, с помощью которых проводится изучение исследуемого предмета. | Мамилелердин жана моделдердин, принциптердин жана ыкмалардын жыйындысы. Бул изилденүүчү предметти иликтөө жүргүзүлүп жаткан ыкмалардын, жолдордун жана амалдардын жыйындысы. |
| **Методы социального проектирования** | **Социалдык долбоорлоонун методдору** |
| Определенным способом упорядоченная деятельность субъекта социального проектирования. Для этого используют: методику матрицы идей, методику вживания в роль, метод аналогии, метод ассоциации, методику мозгового штурма, методику синектики и т.п. | Социалдык долбоорлоо субъектисинин белгилүү бир ыкма менен тартипке салынган ыкмасы. Бул үчүн: идеялардын матрицасынын методикасын, ролго кирүү методикасын, аналогия методун, ассоциация методун, акыл чабуулу методикасын, синектика методикасын ж.б. пайдаланышат. |
| **Минимальный размер оплаты труда** | **Эмгек акынын минималдуу өлчөмү** |
| Установленный минимум оплаты труда в час, день или месяц, который работодатель может (должен) платить своему работнику, и за который работник может законно продать свой труд. | Эмгек акынын саатка, күнгө же айга белгиленген, жумуш берүүчү өзүнүн кызматкерине төлөй ала турган (тийиш болгон), ал үчүн кызматкер өзүнүн эмгегин мыйзамдуу сата турган алуусунун минимуму. |
| **Министерство** | **Министрлик** |
| Центральный орган государственного управления, осуществляющий руководство порученной ему отраслью экономического, социально-культурного и административно-политического строительства. | Өзүнө тапшырылган экономикалык, социалдык-маданий жана административдик-саясий курулуштун тармагына жетекчиликти жүзөгө ашыра турган, мамлекеттик башкаруунун борбордук органы. |

| Министр без портфеля | Портфелсиз министр |
|---|---|
| Член правительства, который не руководит министерством и/или иным центральным органом исполнительной власти, но имеет полномочное право голоса на заседаниях правительства, а также выполняет отдельные поручения премьер-министра. | Өкмөттүн мүчөсү, ал министрликке жана/же аткаруу бийлигинин башка борбордук органына жетекчилик кылбайт, бирок өкмөттүн отурумунда добуш берүүгө толук ыйгарым укугу бар, ошондой эле Премьер-министрдин айрым тапшырмаларын аткарат. |
| **Мировоззрение** | **Көз караш** |
| Совокупность взглядов, оценок, принципов, определяющих самое общее видение, понимание мира, места в нем человека, а также — жизненные позиции, программы поведения, действий людей. Оно придаёт человеческой деятельности организованный, осмысленный и целенаправленный характер. | Абдан жалпы көрүнүштү аныктаган, дүйнөнү көрүүнү, андагы адамдын ордун, ошондой эле адамдардын турмуштук позицияларын, жүрүш-туруш программаларын аныктап турган көз караштардын, баа берүүлөрдүн, принциптердин жыйындысы. Ал адамдын ишине уюштурулган, ойлонулган жана максатка багытталган мүнөз берет. |
| **Миссия** | **Миссия** |
| Главная цель организации, ее предназначение, то, ради чего она создана, в чем ее отличие от ей подобных. | Уюмдун, анын арналышынын, анын эмне үчүн түзүлгөндүгүнүн, башкы максаты, анын өзү сыяктуу башка уюмдардан айырмачылыгы. |
| **Многомерный статистический анализ** | **Көп ченемдүү статистикалык талдоо** |
| Раздел математической статистики, объединяющий методы изучения статистических данных, относящихся к объектам, которые характеризуются несколькими качественными или количественными признаками. | Бир нече сапаттык же сандык белгилер менен мүнөздөлгөн объектилерге таандык болгон статистикалык маалымдамаларды изилдөөнүн ыкмаларын бириктирип турган математикалык статистиканын бөлүмү. |
| **Модели политики** | **Саясаттын моделдери** |
| Упрощенное представление отдельных аспектов политики от проблемной ситуации до оценки воздействия принятой политики. | Саясаттын проблемалуу кырдаалдан тартып кабыл алынган саясатын таасирине баа берүүгө чейинки айрым аспектилеринин жөнөкөйлөтүлгөн түшүнүгү. |
| **Моделирование** | **Моделдештирүү** |
| Исследование объекта управления путем построения и изучения его модели, применение существенных свойств мо- | Башкаруу объектисинин моделин түзүү жана иликтөө аркылуу, моделдеш-тирилип жаткан объектинин олуттуу касиет- |

| | |
|---|---|
| делируемого объекта к познанию мало изученных реальных социальных систем. | терин аз иликтенген айкын социалдык системаларга карата колдонуу аркылуу башкаруу объектисин изилдөө. |
| **Модератор** | **Модератор** |
| Лицо, отвечающее за соблюдение участниками установленных норм поведения. Это также: а) лицо, проводящее социологические исследования; ведущий фокус-групп; б) человек, являющийся пользователем какого-либо форума, блога или другого ресурса в сети интернет, где имеет место живое общение между участниками, наделанный расширенными правами. | Катышуучулардын жүрүш-турушунун белгиленген ченемдеринин сакташына жооп берген адам. Бул ошондой эле: а) социологиялык изилдөө жүргүзгөн адам; фокус-топтордун алып баруучусу; б) Интернет тармагындагы кандайдыр-бир форумдун, блогдун же башка ресурстун пайдалануучусу болгон адам, ал жерде кеңири укуктар берилген катышуучулардын ортосунда жандуу баарлашуу жүрөт. |
| **Модернизация** | **Модернизациялоо** |
| Улучшение государственного управления, экономики и других сфер общественной жизни, приведение их в соответствие с новыми требованиями. | Мамлекеттик башкарууну, экономиканы жана коомдук турмуштун башка чөйрөлөрүн жакшыртуу, аларды жаңы талаптарга ылайык келтирүү. |
| **Мозговой штурм** | **Акыл чабуулу** |
| Метод генерирования идей, целей, стратегий, которые помогают идентифицировать и осмыслить проблемные ситуации. | Идеяларды, максаттарды, стратегияларды генерациялоонун ыкмасы, алар проблемалуу кырдаалдарды идентификациялоого жана аңдап-түшүнүүгө жардам берет. |
| **Мозговой центр** | **Ой жүгүртүү борбору** |
| Исследовательская организация, нацеленная на разработку новых идей, подходов или программ. Она дает рекомендации для политиков и государственных чиновников. | Жаңы идеяларды, мамилелерди же программаларды иштеп чыгууга багытталган илимий уюм. Ал саясатчылар жана мамлекеттик чиновниктер үчүн сунуштарды берет. |
| **Монархия** | **Монархия** |
| Форма правления, при которой верховная государственная власть принадлежит одному лицу — монарху (королю, царю, императору, герцогу, эрцгерцогу, султану, эмиру, хану и т. д.) и передаётся по наследству. | Башкаруу формасы, анын тушунда жогорку мамлекеттик бийлик бир адамга – монархка (королго, падышага, императорго, герцогго, эрцгерцогго, султанга, эмирге, ханга ж.б. таандык болот жана мурасталып берилип турат. |

| Монетизация льгот | Жеңилдиктерди моneталаштыруу |
|---|---|
| Замена натуральных льгот денежными компенсациями. | Натуралай жеңилдиктерди акчалай компенсациялоо менен алмаштыруу. |
| **Мониторинг** | **Мониторинг** |
| Процесс регулярного сбора и анализа информации в целях наблюдения и контроля достижения результата и хода процесса реализации проектов, программ и стратегий. | Долбоорлорду, программаларды жана стратегияларды ишке ашыруу процессинин жүрүшүн байкоо жана контролдук жүргүзүү максатында маалыматты үзгүлтүксүз жыйноо, талдоо жүргүзүү, натыйжага жетүү процесси. |
| **Мониторинг политики** | **Саясаттын мониторинги** |
| Наблюдение за состоянием политических процессов, протекающих в обществе, оценка результативности действий и прогноз состояния политической сферы. | Коомдо болуп жаткан саясий процестердин абалына байкоо жүргүзүү, аракеттенүүнүн майнаптуулугуна баа берүү жана саясий чөйрөнүн абалын болжолдоо. |
| **Монополия** | **Монополия** |
| Предприятие, действующее на рынке при отсутствии значимых конкурентов. | Олуттуу атаандаштары жок рынокто иш жүргүзгөн ишкана. |
| **Мораторий** | **Мораторий** |
| Решение об отсрочке или воздержании от каких-либо действий на определенный или на неопределенный срок. Например, отсрочка или полное прекращение платежей по долговым обязательствам. Мораторий может быть объявлен по согласию сторон или быть односторонним, официальным и фактическим. | Кандайдыр-бир аракеттерди белгилүү бир мөөнөткө же аныкталбаган мөөнөткө кийинкиге калтыруу же токтотуу жөнүндө чечим. Мисалы, карыздык милдеттенмелер боюнча төлөмдөрдү кийинкиге калтыруу же толугу менен токтотуу. Мораторий тараптардын макулдугу менен жарыяланышы же бир тараптуу, расмий жана фактылай болушу мүмкүн. |
| **Мультипликатор** | **Мултипликатор** |
| Числовой коэффициент, показывающий, во сколько раз сумма прироста/сокращения национального продукта, дохода или денежного обращения превышает инициирующую такое изменение сумму инвестиций, правительственных расходов, налоговых отчислений или вкладов в финансово-кредитные учреждения. | Улуттук продуктун, кирешенин же акчаны жүгүртүүнүн өсүшүнүн/ кыскарышынын суммасы инвестициялардын, өкмөттүк чыгымдардын, салыктык чегерүүлөрдүн же финансылык-кредиттик мекемелерге салымдардын суммасын ушундай өзгөртүүгө демилге көтөрүүдөн канча эсе жогору экендигин көрсөткөн сандык коэффициент. |

| Мультрациональность | Мультсарамжалдуулук |
|---|---|
| Обоснованные аргументы, выдвигаемые на многочисленных рациональных основаниях: техническом, экономическом, юридическом, социальном или сущностном. | Техникалык, экономикалык, юридикалык, социалдык же маңыздык негиздерде көп сандаган сарамжалдуу негиздерде көрсөтүлүп жаткан негиздүү аргументтер. |
| **Муниципалитет** | **Муниципалитет** |
| Совокупность выборных органов местного управления и самоуправления. Он состоит из выборной коллегии во главе с мэром или бургомистром, а также исполнительного аппарата. Это также самоуправляемая община. | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана өз алдынча башкаруунун шайлануучу органдарынын жыйындысы. Ал мэр же бургомистр башында турган шайлануучу коллегиядан, ошондой эле аткаруучу аппараттан турат. Бул ошондой эле өзүн өзү башкара турган жамаат. |
| **Муниципальный заказ** | **Муниципалдык буюртма** |
| Муниципальный заказ – это заказ на закупку товаров, выполнение работ, оказание услуг, формируемый от имени органов местного самоуправления, финансируемый из местного бюджета и направленный на удовлетворение муниципальных нужд. | Муниципалдык буюртма – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атынан калыптандырылган, жергиликтүү бюджеттен финансыланган жана муниципалдык муктаждыктарды канаттандырууга багытталган товарларды сатып алуу, жумуштарды аткаруу. Кызматтарды көрсөтүү үчүн берилген буюртма. |
| **Муниципальный служащий** | **Муниципалдык кызматкер** |
| Служащий, занимающий определенную должность в муниципальном органе, т.е. органе местного самоуправления. | Муниципалдык органда, б.а. жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында белгилүү бир кызматты ээлеген кызматкер. |
| **Мэрия** | **Мэрия** |
| Орган муниципального управления, а также здание, помещение этого органа управления. | Муниципалдык башкаруу органы, ошондой эле ушул башкаруу органы жайгашкан имарат. |

## Н

| Наблюдение | Байкоо жүргүзүү |
|---|---|
| Метод сбора данных, суть которого со- | Маалымдамаларды жыйноонун ыкмасы |

| | |
|---|---|
| стоит в том, что исследователь наблюдает и регистрирует события и процессы. | анын маңызы боюнча изилдөөчү окуяга жана процесстерге байкоо жүргүзөт жана каттайт. |
| **Набор данных** | **Маалымдамалардын топтому** |
| Набор взаимосвязанных элементов информации, используемых исследователем с целью получения ответа на поставленные в исследовании вопросы. | Изилдөөчү тарабынан изилдөөнүн алдына коюлган маселелерге жооп алуу максатында пайдаланылган маалыматтын өз ара байланыштуу элементтеринин топтому. |
| **Налоги** | **Салыктар** |
| Обязательные платежи, взимаемые государством (центральными и местными органами власти) с физических и юридических лиц в государственные и местные бюджеты. Это также форма финансовых отношений, обеспечивающих распределение и перераспределение национального дохода в соответствии с экономическими и социальными задачами. | Мамлекет тарабынан (бийликтин борбордук жана жергиликтүү органдары тарабынан) жеке жана юридикалык жактардан мамилекеттик жана жергиликтүү бюджеттерге алынуучу милдеттүү төлөмдөр. Бул ошондой эле экономикалык жана социалдык милдеттерге ылайык улуттук кирешени бөлүштүрүүнү жана кайра бөлүштүрүүнү камсыз кыла турган финансылык мамилелердин формасы. |
| **Налоговая политика** | **Салыктык саясат** |
| Определение налоговых платежей и льгот, определяющих налоговую систему страны и режим налогообложения предпринимательской деятельности. | Өлкөнүн салык системасын жана ишкердик кылууга салык салуунун режимин аныктай турган салыктык төлөмдөрдү жана жеңилдиктерди аныктоо. |
| **Народ** | **Эл** |
| Население, объединенное принадлежностью к одному государству; жители страны. Это также: а) нация, национальность, народность; б) основная часть трудящегося населения страны; в) то же, что: люди (обычно много людей). | Бир мамлекетке таандык болгондугуна байланыштуу бириккен калк, өлкөнүн тургундары. Бул ошондой эле: а) улут, улуттуулук, элдүүлүк; б) өлкөнүн эмгектенген калкынын негизги бөлүгү; в) ошол эле адамдар (адатта көп адамдар). |
| **Народовластие** | **Эл бийлиги** |
| Форма правления, при которой власть принадлежит народу; демократия. | Башкаруунун формасы, анын тушунда бийлик элге таандык болот; демократия. |
| **Население** | **Калк** |
| Совокупность людей, проживающих | Бир жерде, кандайдыр-бир жерде (жер |

| | |
|---|---|
| где-либо, в каком-либо месте (на земном шаре, в каком-либо государстве, в какой-либо стране, области и т.п.). | шарында, кайсыл-бир мамлекетте, кандайдыр-бир өлкөдө, облуста ж.б. жашаган адамдардын жыйындысы. |
| **Насилие** | **Зомбулук** |
| Применение силы для достижения чего-либо, принудительное воздействие на кого-либо, что-либо. Это также притеснение; беззаконие, злоупотребление властью. | Бир нерсеге жетишүү үчүн күч колдонуу, кимдир-бирөөгө, бир нерсеге мажбурлоочу таасир тийгизүү. Бул ошондой эле кысымга алуу, мыйзамсыздык, бийликти кыянаттык менен пайдалануу. |
| **Наука о государственной политике** | **Мамлекеттик саясат жөнүндө илим** |
| Наука о политике, которая изучает фундаментальные проблемы, возникающие в процессе постоянной трансформации политики и политических процессов для служения демократическим целям. | Саясат жөнүндө илим, ал демократиялык максаттарга кызмат кылуу үчүн саясаттын туруктуу трансформацияланышынын процессинде жана саясий процесстерде келип чыга турган пайдубалдуу проблемаларды иликтейт. |
| **Национализм** | **Улутчулдук** |
| Идеология и направление политики, базовым принципом которых является тезис о ценности нации как высшей формы общественного единства и её первичности в государствообразующем процессе. Это также возведение в ранг государственной политики эгоизма какой-либо нации. | Идеология жана саясаттын багыты, алардын базалык принциби коомдук биримдиктин жогорку формасы катары улуттун баалуулугу жана мамлекетти түзүү процессиндеги анын түпкүлүктүүлүгү жөнүндө тезис болуп саналат. |
| **Национальная безопасность** | **Улуттук коопсуздук** |
| Защищенность жизненно важных интересов личности, общества и государства в различных сферах жизнедеятельности от внешних и внутренних угроз, обеспечивающая устойчивое развитие страны. | Жашоо-турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө инсандын, коомдун жана мамлекеттин турмуштук маанилүү таламдарынын тышкы жана ички коркунучтардан корголгондугу, өлкөнүн туруктуу өнүгүшүн камсыз кылуу. |
| **Национальная идея** | **Улуттук идея** |
| Форма познания жизни народа, не только отражающая устройство жизни народа, но и направленная на преобразование устройства жизни. | Элдин жашоо турмушун таанып билүүнүн формасы, мында элдин турмушунун түзүлүшү гана чагылдырылбастан, жашоону куруунун кайра түзүлүшүнө багытталат. |
| **Национальные интересы** | **Улуттук таламдар** |
| Осознанные потребности государства, | Мамлекеттин аңдап-түшүнүлгөн керек- |

| | |
|---|---|
| определяемые экономическими и геополитическими отношениями, культурно-историческими традициями, необходимостью обеспечения безопасности, защитой населения от внешних и внутренних угроз и вызовов. | төөлөрү, алар экономикалык жана геосаясий мамилелер, маданий-тарыхый каада-салттар, коопсуздукту камсыз кылуунун зарылдыгы, калкты тышкы жана ички коркунучтардан жана чакырыктардан коргоо менен аныкталат. |
| **Национальный доход** | **Улуттук киреше** |
| Сумма первичных доходов полученных населением страны в связи с их прямым или косвенным участием в производстве валового внутреннего продукта своей страны и другого государства. | Өлкөнүн калкынын өз өлкөсүнүн жана башка мамлекеттин ички дүң продуктун өндүрүүгө тикелей же кыйыр катышуусуна байланыштуу өлкөнүн калкы тарабынан алынган баштапкы кирешелердин суммасы. |
| **Невербальные коммуникации** | **Вербалдуу эмес коммуникациялар** |
| Обмен информацией через изменение выражения лица, жесты и движения тела. | Бети-башты өзгөртүү, жаңсоо жана дене кыймылы аркылуу маалымат алмашуу. |
| **Независимость** | **Көз карандысыздык** |
| Отсутствие подчиненности, несвязанность в чем-либо обстоятельствами, чужой волей и т.д. Например, способность человека действовать в соответствии со своими интересами и целями, опираясь на познание объективной действительности. | Баш ийбегендик, бир нерсе боюнча жагдайларга, бирөөнүн эркине ж.б. байланыштуу болбоо. Мисалы, адамдын объективдүү чындыкты таанып-билүүгө таянуу менен өзүнүн таламдарына жана максаттарына ылайык аракеттенүүгө жөндөмдүүлүгү. |
| **Некоммерческая организация** | **Коммерциялык эмес уюмдар** |
| Организация, не имеющая целью извлечение прибыли или не распределяющая полученную прибыль между своими участниками. Они создаются в форме общественных объединений или религиозных организаций, некоммерческих партнерств, учреждений, автономных некоммерческих организаций, социальных, благотворительных и иных фондов, ассоциаций и союзов. | Пайда алуу максатын көздөбөгөн же алынган пайданы өзүнүн катышуучуларынын арасында бөлүштүрбөгөн уюм. Алар коомдук бирикмелер же диний уюмдар, коммерциялык эмес өнөктөр, мекемелер, автономиялуу коммерциялык эмес уюмдар, социалдык, кайрымдуулук жана башка фонддор, ассоциациялар жана бирдиктер формасында түзүлөт. |
| **Неопределенность** | **Анык эместик** |
| Отсутствие достаточно полной информации о прошлых, настоящих и особенно будущих событиях, тенденциях, условиях и ценностях, влиянии объек- | Өткөндөгү, азыркы жана айрыкча келечектеги окуялар, объективдүү жана субъективдүү факторлордун шарттары жана баалуулуктары жөнүндө жетиш- |

| | |
|---|---|
| тивных и субъективных факторов. | түү түрдө толук маалыматтын жоктугу. |
| **Неправительственная организации** | **Өкмөттүк эмес уюм** |
| Объединение, общество, фонд благотворительный фонд или другое юридическое лицо, которое не считается частью правительственной структуры и не работает ради получения прибыли. | Бирикме, коом, фонд, кайрымдуулук фондусу же башка юридикалык жак, алар өкмөттүк структуранын бир бөлүгү болуп эсептелбейт жана пайда алуу үчүн иштебейт. |
| **Несостоятельность рынка** | **Рыноктун жараксыздыгы** |
| Неспособность рыночной системы обеспечить потребителей определенными благами вообще, либо на наиболее желательном оптимальном уровне. | Рыноктук системанын керектөөчүлөрдү жалпы эле жыргалчылыктар, же болбосо алда-канча талапка ылайык оптималдуу деңгээлде камсыз кылууга жөндөмсүздүгү. |
| **Нехватка ресурсов** | **Ресурстардын жетишсиздиги** |
| Одно из основных положений анализа публичной политики, предполагающее недостаток ресурсов для решения возникающих проблем и, соответственно, предполагающее выбор наиболее эффективного решения соразмерно возможным ресурсам | Коомдук саясатка талдоо жүргүзүүнүн негизги жоболорунун бири, ал келип чыккан проблемаларды чечүү үчүн ресурстардын жетишсиздигин билдирген жана тиешелүү түрдө мүмкүн болуучу ресурстарга ылайык келген алда канча натыйжалуу чечимди тандап алууну билдирет. |
| **Нецелевое использование средств** | **Каражаттарды максатка ылайыксыз пайдалануу** |
| Направление и использование средств, например, бюджетных средств, на цели, не соответствующие условиям получения указанных средств определенным утвержденным бюджетом. | Каражаттарды, мисалы, бюджеттик каражаттарды бекитилген бюджетте көрсөтүлгөн каражаттарды алуунун шарттарына ылайык келбеген максаттарга багыттоо жана пайдалануу. |
| **Номадизм** | **Номадизм** |
| Кочевой образ жизни. У многих тюркских кочевых народов исторически было распространено набеговое хозяйство. В научном смысле кочевничество (номадизм, (от греч. νομάδες, nomádes — кочевники) — особый вид хозяйственной деятельности и связанных с ним социокультурных характеристик, при которых большинство населения занимается экстенсивным кочевым скотоводством. | Жашоонун көчмөн образы. Көптөгөн көчмөн түрк элдеринде көчмөндүк чарбачылык тарыхый жагынан жайылтылган. Илимий мааниде алганда көчмөнчүлүк (номадизм, (гректин. νομάδες, nomádes —көчмөндөр) — чарба жүргүзүүнүн өзгөчө түрү жана ага байланыштуу социалдык-маданий мүнөздөмөлөр, анын тушунда калктын көпчүлүгү экстенсивдүү көчмөндүк мал чарбасы боюнча иш жүргүзөт. |

| Номенклатура | Номенклатура |
|---|---|
| Круг должностных лиц, назначение или утверждение которых относится к компетенции какого-либо вышестоящего органа. Это также совокупность или перечень терминов, названий, употребляемых в какой-л. Области знаний, специальности и т.п. | Дайындоо же бекитүү кайсыл-бир жогору турган органдын компетенциясына кирген кызмат адамдарынын чөйрөсү. Бул ошондой эле билимдердин, адистиктердин бир жагында ж.б. колдонулган терминдердин, аталыштардын жыйындысы же тизмеси. |
| **Норма права** | **Укуктун ченеми** |
| Общеобязательное, формально определённое правило поведения, зафиксированное или закреплённое государством, обеспеченное его силой, закрепляющее права и обязанности участников общественных отношений и являющееся критерием оценки поведения, как правомерного, так и неправомерного. | Мамлекет тарабынан белгиленген же бекемделген, анын күчү менен камсыз кылынган, коомдук мамилелердин катышуучуларынын укуктарын жана милдеттерин бекемдеген жана укукка ылайык да, ошондой эле укукка ылайык келбеген жүрүш-турушка баа берүүнүн критерийлери болуп эсептелген жалпыга милдеттүү, формалдык жагынан аныкталган жүрүш-туруш эрежеси. |
| **Нормативный анализ политики** | **Саясатка ченемдик талдоо жүргүзүү** |
| Анализ политики, направленный на создание, критическую оценку и распространение утверждений основанных на знаниях, относительно ценностей политики как сферы взаимодействия интересов для прошлого нынешнего и будущего поколения. | Өткөн, азыркы жана келечектеги муун үчүн таламдардын өз ара аракеттенишинин чөйрөсү катары саясаттын баалуулуктары жагында билимдерге негизделген, сын бааларды түзүүгө ырастамаларды жайылтууга багытталган талдоо жүргүзүү. |
| **Нормативный документ** | **Ченемдик документ** |
| Документ, устанавливающие правила, общие принципы и характеристики, касающиеся определенных видов деятельности или их результатов. | Иштин айрым түрлөрүнө же алардын натыйжаларына тиешелүү эрежелерди, жалпы принциптерди жана мүнөздөмөлөрдү белгилей турган документ. |
| **Ноу-хау** | **Ноу-хау** |
| Технические, управленческие или другие знания и практический опыт технического, коммерческого, финансового и иного характера, представляющие новшество и коммерческую тайну, которая не оформляется патентом. | Техникалык, коммерциялык, финансылык жана башка мүнөздөгү коммерциялык сырды билдирген, патент менен жол-жоболоштурулбаган техникалык, башкаруучулук же башка билимдер жана практикалык тажрыйба. |

| Обзор | Обзор |
|---|---|
| Документ, составленный в целях информирования подведомственных и других организаций о работах в той или иной области или о деятельности группы учреждений в определенный период. | Өзүнө баш ийген жана башка уюмдарга тигил же бул жактагы иштер жөнүндө маалымат берүү максатында же белгилүү бир мезгилдеги мекемелердин топторунун иши жөнүндө түзүлгөн документ. |
| **Обра́тная пропорциона́льность** | **Кайталанма пропорциялуулук** |
| Это функциональная зависимость, при которой увеличение независимой величины(аргумента) вызывает пропорциональное уменьшение зависимой величины(функции). | Бул функциялык көз карандылык, анын тушунда көз карандысыз чоңдуктун (аргументтин) жогорулашы көз каранды чоңдуктун (функциянын) пропорционалдуу азайышын пайда кылат. |
| **Обратная связь** | **Кайталанма байланыш** |
| Передача результатов, полученных в ходе процесса оценивания, сторонам, для которых это является важным и позволяющим облегчить обучение. Этот термин может касаться сбора и распространения результатов, заключений, рекомендаций, уроков и опыта. | Баа берүү процессинин жүрүшүндө алынган натыйжаларды тараптарга берүү, бул алар үчүн маанилүү болот жана окутууну жеңилдетүүгө жардам берет. Бул термин натыйжаларды, корутундуларды, сунуштарды, сабактарды жана тажрыйбаны жыйноого жана жайылтууга тиешелүү болушу мүмкүн. |
| **Обратное планирование** | **Кайталап пландаштыруу** |
| Планирование, которое начинается с желаемых результатов, оно определяет кратчайшие пути их достижения, а потом планирует действия в обратном порядке (от следствия к причине) до самой верхушки организационной иерархии, до той политики, которую следует принять на наивысшем уровне, чтобы достичь желаемых результатов. | Каалаган натыйжалардан башталган пландаштыруу, бул натыйжаларга жеишүүнүн кыска жолдорун аныктайт, андан кийин аракеттерди кайталанма тартипте (натыйжадан себепке карай) уюштуруучулук иерархиянын эң жогорку чегине чейин, каалаган натыйжаларга жетишүү үчүн эң жогорку деңгээлде кабыл алына турган саясатка чейин пландаштырат. |
| **Обращение граждан** | **Жарандардын кайрылуусу** |
| Обобщенное наименование различных видов индивидуальных или коллективных обращений граждан в государственные органы, органы местного самоуправления. | Жарандардын мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жеке же жамааттык кайрылууларынын ар кандай түрлөрүнүн жалпыланган аталышы. |

| Обсуждение | Талкулоо |
|---|---|
| Процедура, включающая обдумывание, рассмотрение, разбор, сравнение, оценки, внесение предложений в связи с разработкой проекта документа, решения, программы и т.д. Его масштабы могут быть самыми разными. | Документтин, чечимдин, программанын ж.б. долбоорун иштеп чыгууга байланыштуу ой-жүгүртүүнү, карап чыгууну, сунуш киргизүүнү камтыган жол-жобосу. Анын масштабдары ар кандай болушу мүмкүн. |
| **Общественное мнение** | **Коомдук пикир** |
| Совокупность многих индивидуальных мнений по конкретному вопросу, затрагивающему интересы большой группы людей. | Адамдардын ири тобунун таламдарына тиешелүү болгон айкын маселе боюнча көптөгөн жеке пикирлердин жыйындысы. |
| **Общественное телевидение** | **Коомдук телекөрсөтүү** |
| Вид телерадиокомпаний, основанных на смешанных формах собственности – государственной, акционерной и частной. | Менчиктин аралаш формаларына: мамлекеттик, акционердик жана жеке менчик формаларына негизделген телерадио компаниялардын түрү. |
| **Общественно-экономическая формация** | **Коомдук экономикалык формация** |
| Исторически сложившийся тип общества, в основе которого лежит определённый способ производства материальных благ. | Тарыхый жагынан калыптанган коом, анын негизинде материалдык жыргалчылыктарды өндүрүүнүн белгилүү бир ыкмасы жатат. |
| **Общественные блага** | **Коомдук жыргалчылыктар** |
| Товары и услуги, производство которых обеспечивается государственными или муниципальными органами. К ним относятся: здравоохранение и школьное образование, оборона и правопорядок, парки и музеи и т.п. | Өндүрүү мамлекетттик же муниципалдык тарабынан камсыз кылынган товарлар жана кызматтар. Аларга: саламаттык сактоо жана мектепте билим берүү, коргоо жана укук тартиби, парктар жана музейлер ж.б.таандык кылынат. |
| **Общественные дела** | **Коомдук иштер** |
| Вопросы, вызывающие общий интерес или озабоченность, особенно те, которые касаются актуальных социальных экономических и политических проблем. | Жалпы кызыгууну же тынчсызданууну пайда кылган, айрыкча актуалдуу социалдык, экономикалык жана саясий проблемаларга тиешелүү болгон маселелер. |
| **Общественные слушания** | **Коомдук угуулар** |
| Форма реализации прав граждан, по- | Кандайдыр-бир калктуу конуштун айма- |

| | |
|---|---|
| стоянно проживающих на территории какого-либо населенного пункта на участие в процессе обсуждения проектов муниципальных правовых актов по вопросам местного значения. | гында туруктуу жашаган жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча муниципалдык укуктук актылардын долбоорлорун талкуулоо процессине катышууга болгон укуктарын ишке ашыруунун формасы. |
| **Общественный договор** | **Коомдук келишим** |
| Социально-экономическая теория, объясняющая происхождение гражданского общества, государства, права как результат соглашения между гражданами и государством. Это означает создание соглашения о наборе правил, по которым ими управляют. | Жарандар жана мамлекеттин ортосундагы макулдашуунун натыйжасы катары жарандык коомдун, мамлекеттин, укуктун келип чыгышын түшүндүргөн социалдык-экономикалык теория. Мунун өзү башкарылуучулардын өздөрүн башкарып жаткан эрежелердин топтомун жаратууга макул болушун билдирет. |
| **Общество** | **Коом** |
| Совокупность индивидов и социальных групп и классов, а также складывающихся между ними отношений. | Индивидддердин жана социалдык топтор менен таптардын, ошондой эле алардын ортосунда калыптанган мамилелердин жыйындысы. |
| **Общество постиндустриальное** | **Постиндустриалдык коом** |
| Общество, в экономике которого в результате научно-технической революции и существенного роста доходов населения приоритет перешёл от преимущественного производства товаров к производству услуг. Производственным ресурсом становятся информация и знания. | Илимий-техникалык революциянын жана калктын кирешелеринин олуттуу өсүшүнүн натыйжасында экономикасында товарларды артыкчылык берип өндүрүү кызматтарды артыкчылык берип өндүрүүгө өткөн коом. Маалымат жана билим өндүрүштүк ресурс болуп калууда. |
| **Общество традиционное** | **Салттуу коом** |
| Общество, которое регулируется традицией. Сохранение традиций является в нём более высокой ценностью, чем развитие. Общественный уклад в нём характеризуется сословной иерархией, существованием устойчивых социальных общностей, особым способом регуляции жизни общества, основанном на традициях, обычаях. | Салттар менен жөнгө салына турган коом. Мында салттарды сактоо өнүгүүгө караганда алда канча жогорку баалуулук болуп саналат. Андагы коомдук түзүлүш сословиялык иерархия менен, туруктуу социалдык жалпылыктардын бар болушу, салтка, каадаларга негизделген коомдогу турмушту жөнгө салуунун өзгөчө ыкмасы менен мүнөздөлөт. |
| **Община** | **Жамаат** |
| Форма организации местного само- | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун |

| | |
|---|---|
| управления, представляющая добровольное объединение членов местных сообществ, проживающих на территории одной улицы, квартала или другого территориального образования села или города для совместного решения дел местного значения и под свою ответственность. | уюштуруунун формасы, ал бир көчөнүн, кварталдын же айылдын же шаардын башка аймактык бирдигинин жергиликтүү мaанидеги иштерди чогуу жана өз жоопкерчилиги менен чечүү үчүн бириккен ыктыярдуу бирикмесин билдирет. |
| **Объект исследования/анализа** | **Изилдөө/талдоо объекти** |
| Процесс или явление, порождающее проблемную ситуацию и взятое исследователем для изучения. Это также та часть научного знания, с которой исследователь имеет дело. | Проблемалуу кырдаалды пайда кылган жана изилдөөчү тарабынан изилдөө үчүн алынган процесс же көрүнүш. Бул ошондой эле илимий билимдин изилдөөчү иш жүргүзүп жаткан бөлүгү болот. |
| **Окружающая среда** | **Курчап турган айлана-чөйрө** |
| Внешние силы, оказывающие влияние на организации, хотя сами организации не могут их контролировать. | Уюмга таасир тийгизип турган тышкы күчтөр, ал эми уюмдардын өздөрү аларга контролдук жүргүзө албайт. |
| **Омбудсмен** | **Омбудсмен** |
| Независимое публичное должностное лицо, на которое возлагаются функции контроля за соблюдением законных прав и интересов граждан в деятельности органов исполнительной власти и должностных лиц. | Коомдук көз карандысыз кызмат адамы, ага аткаруу бийлигинин жана кызмат адамдарынын ишиндеги жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын сактоого контролдук жүргүзүү функциясы жүктөлөт. |
| **Оппозиция** | **Оппозиция** |
| Партия или группа, выступающая против господствующей партии или мнения, поддерживаемого большинством. Также, политическая деятельность партий, групп и движений, противостоящих правительственному курсу и ведущих с правящей партией (партиями) борьбу за государственную власть. | Үстөмдүк кылуучу партияга же көпчүлүк тарабынан колдоого алынган пикирге каршы чыккан партия же топ. Ошондой эле өкмөттүн курсуна каршы турган жана башкаруучу партия (партиялар) менен мамлекеттик бийлик үчүн күрөш жүргүзгөн партиялардын, топтордун жана кыймылдардын саясий иши. |
| **Определение проблемы** | **Проблеманы аныктоо** |
| Описание проблемы в конкретных терминах и выработка такой ее формулировки, которая даст клиенту четкое понимание различных аспектов проблемы. | Проблеманы айкын терминдер менен баяндоо жана анын проблеманын ар кандай аспектилерин так түшүнүү үчүн кардарга жардам бере турган жолжобосун иштеп чыгуу. |

| Определенность | Аныктуулук |
|---|---|
| Такое состояние знания, при котором лицо принимающее решение заранее знает, конкретный исход, к которому неизбежно приведет каждый из имеющихся вариантов решения. Иначе говоря, лицо, принимающее решение обладает совершенным знанием среды и результата любого решения, которое оно могло бы выбрать. | Билимдин белгилүү бир абалы, анын тушунда чечим кабыл алып жаткан адам чечимдин колдо болгон варианттарынын ар бири шексиз түрдө айкын натыйжага алып келерин билет. Башкача айтканда, чечим кабыл алып жаткан адам, чөйрөнү жана өзү тандап ала турган ар кандай чечимдин натыйжасын жетиштүү түрдө билет. |
| **Опрос** | **Сурамжылоо** |
| Метод сбора первичной информации посредством обращения с вопросами к определенной группе людей. | Адамдардын белгилүү бир тобуна суроолор менен кайрылуу аркылуу баштапкы маалыматты чогултуу ыкмасы. |
| **Опыт** | **Тажрыйба** |
| Совокупность знаний и практически усвоенных навыков, умений. Это также отражение в сознании людей законов объективного мира и общественной практики, полученное в результате их активного практического познания. | Билимдердин жана иш жүзүндө өздөштүрүлгөн көндүмдөрдүн, билгичтиктин жыйындысы. Бул ошондой эле адамдардын аң-сезиминде объективдүү дүйнөнүн мыйзамдарынын жана активдүү практикалык таанып-билүүсүнүн натыйжасында алынган коомдук практиканын чагылышы болуп саналат. |
| **Организационный потенциал** | **Уюштуруучулук потенциал** |
| Способность людей работать вместе организоваться для решения проблем, мобилизовать ресурсы, разрешать конфликты а также объединять и координировать свои действия с другими для достижения согласованных целей. | Адамдардын проблемаларды чечүү үчүн чогуу иштөөгө, уюмдашууга, ресурстарды мобилизациялоого, конфликттерди чечүүгө, ошондой эле макулдашылган максаттарга жетишүү үчүн өзүнүн аракеттерин башкалар менен бириктирүүгө жана координа-циялоого жөндөмдүүлүгү. |
| **Организация** | **Уюм** |
| Группа индивидов объединенных общим стремлением достичь определенные цели. | Белгилүү бир максаттарга жетишүүгө жалпы умтулуу менен бириккен индивиддердин тобу. |
| **Ориентир/ база** | **Багыт/база** |
| Контрольная точка или стандарт, относительно которых может оцениваться выполненная работа или полученные | Аткарылган иш же алынган жетишкендик салыштырылып баалана турган контролдук чекит же стандарт. Багыт |

| | |
|---|---|
| достижения. Ориентир относится к достигнутому в недавнем прошлом выполнению работы другими подобными организациями или к логическим выводам по поводу того, что может быть достигнуто в данной ситуации. | жакында эле башка ушул сыяктуу органдар тарабынан жетишилген ишке, ушул кырдаалда жетишүүгө мүмкүн болгон логикалык тыянактарга таандык кылынат. |
| **Отзыв** | **Пикир** |
| Письменное или устное мнение о чем-либо, оценка чего-нибудь. | Бир нерсе жөнүндө жазуу жүзүндөгү же оозеки түрүндөгү пикир, бир нерсеге баа берүү. |
| **Отзыв депутата** | **Депутатты кайра чакырып алуу** |
| Досрочное прекращение полномочий депутата представительного органа власти на основе волеизъявления избирателей соответствующего округа, выраженного путем голосования. | Тиешелүү округдун шайлоочуларынын добуш берүү аркылуу эркин билдиришинин негизинде бийликтин өкүлчүлүктүү органынын депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу. |
| **Открытое интервью** | **Ачык интервью** |
| Интервью, в котором не задают составленные заранее вопросы, а предоставляют возможность самому определить направление и содержание интервью. | Алдын-ала түзүлгөн суроолор берилбестен, интервьюнун багытын жана мазмунун өз алдынча аныктоого мүмкүнчүлүк берген интервью. |
| **Открытое общество** | **Ачык коом** |
| Тип общества, характеризующийся динамичной социальной структурой, высокой мобильностью, способностью к инновациям, критицизмом, индивидуализмом и демократической плюралистической идеологией. | Коомдун бир тиби, ал динамикалуу социалдык структурасы, жогорку мобилдүүлүгү, инновацияларга жөндөмдүүлүгү, критицизми, индивидуалдуулугу жана демократиялык плюралисттик идеология менен мүнөздөлөт. |
| **Открытость** | **Ачыктык** |
| Право доступа к официальным государственным документам. Это также часть процесса демократизации государственного управления и государственной службы, обеспечивая право граждан осуществлять гражданский контроль, участвовать в политике и т. д. | Расмий мамлекеттик документтерге мүмкүнчүлүк алуу укугу. Бул ошондой эле мамлекеттик башкарууну жана мамлекеттик кызматты демократиялаштыруу процессинин бир бөлүгү, мында жарандардын контролдукту жүзөгө ашыруу, саясатка катышуу укугу ж.б. камсыз кылынат. |
| **Открытый вопрос** | **Ачык суроо** |
| Вопрос, предусматривающий ответ в пространной форме и позволяющий | Кеңири формада жооп берүүнү караган жана респондентке өз сөзү менен жооп |

| | |
|---|---|
| респонденту отвечать своими словами. | берүүгө мүмкүнчүлүк берген суроо. |
| **Отчет** | **Отчет** |
| Документ, содержащий сведения о выполнении плана, задания, о подготовке мероприятий, поручений и проведении мероприятий, представленный вышестоящему руководству. | Пландын, тапшырманын аткарылышы жөнүндө маалымдамаларды, жогору турган жетекчиликке бериле турган иш-чараларды, тапшырмаларды даярдоо, иш-чараларды өткөрүү тууралуу маалымдамаларды камтыган документ. |
| **Официальный язык** | **Расмий тил** |
| Язык, имеющий привилегированный статус в государстве или международной организации. Это также язык государственного управления, законодательства, судопроизводства. | Мамлекетте же эл аралык уюмда артыкчылыкка ээ болгон тил. Бул ошондой эле мамлекеттик башкаруунун, мыйзам чыгаруунун, сот өндүрүшүнүн тили. |
| **Охлократия** | **Охлократия** |
| Давление, влияние толпы деклассированных или люмпенизированных слоёв общества на законодательную и исполнительную власть. Это также господство толпы, низших, неимущих классов, форма государственного устройства, являющаяся выродившейся демократией. | Коомдун таптан ажыратылган же люмпендештирилген топторунун мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийликке кысым көрсөтүшү. Бул ошондой эле топураган элдин, төмөнкү, колунда жок топтордун үстөмдүк кылышы, пайда болгон демократия болуп эсептелген мамлекеттик түзүлүш. |
| **Оценивание** | **Баалоо** |
| Систематическое получение оценок выполнения и/или результатов (последствий) программы или политики, сравнение с явно или неявно сформулированными стандартами, что должно способствовать улучшению программы или политики. | Программанын же саясаттын аткарылышынын жана/же натыйжаларынын (кесепеттеринин) бааларын системалуу алып туруу, ачык же ачык эмес стандарттар менен салыштыруу, мунун өзү программаны же саясатты жакшыртууга көмөк көрсөтүүгө тийиш. |
| **Оценка** | **Баа берүү** |
| Анализ данных о результатах реализации проекта или программы с использованием научных методов и исследовательских методик. | Долбоорду же программаны илимий ыкмаларды жана изилдөө ыкмаларын пайдалануу менен ишке ашыруунун натыйжалары жөнүндө маалымдамаларга талдоо жүргүзүү. |
| **Оценка эксперта** | **Эксперттин баа бериши** |
| Мнение хорошо осведомленного постороннего специалиста. | Баарын жакшы билген тышкаркы адистин пикири. |

| Паблик рилейшнз | Паблик рилейшнз |
|---|---|
| Связи с общественностью, отношения с общественностью, общественные связи, общественные отношения, общественное взаимодействие - технологии создания и внедрения при общественно-экономических и политических системах конкуренции образа объекта в ценностный ряд социальной группы, с целью закрепления этого образа как идеального и необходимого в жизни.<br>Эта деятельность чаще всего осуществляется путем предоставления в распоряжение прессы, телевидения и радио соответствующей информации, на которую серьезно полагаются и рассчитывают многочисленные местные издания. | Коомчулук менен байланыш, коомчулук менен мамиле кылуу, коомчулуктун байланыштары, коомчулуктун бири-бирине таасир этүүсүчүлук менен байланыш, коомчулук менен мамиле кылууилүүсүнүн социалдык группадагы баалуулуктардын катары, коомдук-саясий системадагы объектинин образын жаратып, ишке киргизүү технологиясы.<br>Бул аракеттенүү көбүнчө жергиликтүү маалымдамаларга ишенүү менен таянган прессага, телеберүү, радиоберүүгө ылайыктуу маалыматты берүү менен ишке ашат. |
| **Памятка** | **Эскертме китепче** |
| Краткое нормативное, практическое или справочное издание, содержащее самые важные сведения, которыми надо руководствоваться, выполняя какую-либо операцию или осуществляя деятельность. | Кандайдыр-бир операцияны аткарууда же ишти жүзөгө ашырууда жетекчиликке алына турган абдан маанилүү маалым-доолорду камтыган, ченемдик, практикалык же справкалык кыска басылма. |
| **Панельные данные** | **Панелдик маалымдамалар** |
| Тип данных, включающие информацию которые собираются через определенные промежутки времени. | Убакыттын белгилүү бир аралыгында чогулутула турган маалыматты камтыган маалымдамалардын тиби. |
| **Парадигма** | **Парадигма** |
| Научная теория, воплощенная в строгой систем понятии, отражающих существенные черты какого-нибудь аспекта действительности и может выступать как концептуальная схема, модель постановки и решения проблем. | Чындыктын кандайдыр-бир аспектисинин олуттуу мүнөздөрүн чагылдырган, түшүнүктөрдүн бекем системасында ишке ашырылган жана проблеманы коюунун жана чечүүнүн концептуалдуу схемасы, модели катары чыга ала турган илимий теория. |
| **Парламент** | **Парламент** |
| Высший представительный и законода- | Бийликтердин бөлүнүшү белгиленген |

| | |
|---|---|
| тельный орган в государствах, где установлено разделение властей. | мамлекеттерде өкүлчүлүктүү жана мыйзам чыгаруучу жогорку орган. |
| **Парламентаризм** | **Парламентаризм** |
| Организация и функционирование верховной государственной власти, характеризующаяся разделением законодательных и исполнительных функций при привилегиированном положении парламента. | Жогорку мамлекеттик бийликти уюштуруу жана анын иши, ал парламент артыкчылыктуу абалда болгондо мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу функцияларды бөлүштүрүү менен мүнөздөлөт. |
| **Парламентская Республика** | **Парламенттик Республика** |
| Разновидность республики с перевесом полномочий в пользу парламента. В парламентской республике правительство отвечает только перед парламентом, а не перед президентом. | Ыйгарым укуктардын көпчүлүгү парламентке оогон респубиканын бир түрүү. Парламенттик республикада өкмөт Президенттин алдында жооп берbegin стен, Парламенттин алдында гана жооп берет. |
| **Парламентские слушания** | **Парламенттик угуулар** |
| Одна из форм деятельности парламентов, состоящая в заслушивании мнений членов парламента, государственных и общественных деятелей, а также экспертов по конкретному законопроекту или иному вопросу, входящему в компетенцию парламента. Они могут быть открытыми (публичными) и закрытыми. По их результатам могут быть приняты заключения (рекомендации). | Парламенттердин ишинин формаларынын бири, ал парламенттин мүчөлөрүнүн, мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин, ошондой эле эксперттердин айкын мыйзам долбоору же парламенттин компетенциясына кирген башка маселе боюнча пикирлерин угуудан турат. Алар ачык (коомдук) жана жабык болушу мүмкүн. Алардын натыйжалары боюнча корутундулар (сунуштар) кабыл алынышы мүмкүн. |
| **Партнерство** | **Өнөктөштүк** |
| Форма равноправного сотрудничества нескольких организаций по решению общих проблем. | Бир нече уюмдун жалпы проблемаларды чечүү боюнча тең укуктуу кызматташтыгынын формасы. |
| **Пастбищный комитет** | **Жайыт комитети** |
| Исполнительный орган объединения пастбищепользователей, состоящей из представителей пастбищепользователей, а также депутатов представительного органа местного самоуправления, глав исполнительно-распорядительного органа местного самоуправления. | Жайыттарды пайдалануучулардын бирикмелеринин аткаруучу органы, ал жайыттарды пайдалануучулардын өкүлдөрүнөн, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын депутаттарынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органынын башчыларынан турат. |

| | |
|---|---|
| **Патернализм** | **Патернализм** |
| Государственное вмешательство, которое осуществляется исходя из того, что власти лучше знают, в чем состоят интересы людей, чем они сами. | Мамлекеттик кийлигишүү, ал адамдардын өздөрүнө караганда алардын таламдары эмнеден турарын бийлик жакшы билет деген түшүнүккө негизденип жүзөгө ашырылат. |
| **Патриотизм** | **Патриоттуулук** |
| Нравственный и политический принцип, социальное чувство, содержанием которого является любовь к Отечеству и готовность подчинить его интересам свои частные интересы. Это также особое эмоциональное переживание своей принадлежности к стране и своему гражданству. | Адеп-ахлактык жана саясий принцип, социалдык сезим, Ата мекенди сүйүү жана өзүнүн жеке таламдарын анын таламдарына баш ийдирүүгө даяр болуу. Бул ошондой эле өзүнүн өлкөгө жана өзүнүн жарандыгына таандык экендигин айрыкча эмоциялык сезим менен баштан кечирүү. |
| **Первичные данные** | **Баштапкы маалымдамалар** |
| Данные, полученные из первоначальных источников (полученные самостоятельно из опроса, интервью, наблюдений и собеседований, подсчета чего-либо). | Баштапкы булактардан алынган маалымдамалар (өз алдынча сурамжылоодон, интервьюдан, байкоолордон жана маектешүүлөрдөн, бир нерсени эсептеп чыгуудан алынат). |
| **Переходный период** | **Өткөөл мезгил** |
| Период времени, в течение которого экономика страны переходит в новое, качественно иное состояние в связи с кардинальными реформами экономической системы. В странах СНГ переходный период, знаменует переход от централизованной к рыночной экономике, начатый в конце 1991 г. | Түп-тамырынан реформа жүргүзүүгө байланыштуу өлкөнүн экономикасы жаңы, башка сапаттык абалга өтө турган мезгил. КМШ өлкөлөрүндө өткөөл мезгил борбордоштурулган экономикадан 1991-жылы башталган рыноктук экономикага өтүүнү билдирип турат. |
| **Персональный идентификационный номер** | **Жеке идентификациялык номер** |
| Секретная последовательность цифр, используемая для идентификации держателя банковской пластиковой карты или сим карты. | Банктык пластикалык картанын же сим картанын кармоочусун идентификациялоо үчүн пайдаланылган санариптердин жашыруун ырааттуулугу. |
| **План** | **План** |
| Документ, содержащий указания кому, какую задачу и в какое время решать, какие ресурсы нужно выделить на решение каждой задачи. Она состав- | Кимге, кандай милдетти, кандай мезгилде чечүүнү, ар бир милдетти чечүү үчүн кандай ресурстарды бөлүп берүүнү камтыган документ. |

| | |
|---|---|
| ляет основу деятельности организации. | |
| **Планирование** | **Пландаштыруу** |
| Процесс составления плана, т.е. установление задач, решение которых необходимо для достижения целей организации, определения исполнителей, а также средств для их достижения, сроков и последовательность реализации намеченных мер. | Планды түзүү процесси, б.а. чечилиши уюмдун максаттарына жетишүү, аткаруучуларды, ошондой эле аларга жетишүү үчүн каражаттарды, белгиленген чараларды ишке ашыруунун мөөнөттөрүн жана ырааттуулугун аныктоо үчүн зарыл болгон милдеттерди белгилөө. |
| **Плебисцит** | **Плебисцит** |
| Опрос граждан, как правило, с целью определения судьбы соответствующей территории или других вопросов локального характера. | Эреже катары, тиешелүү аймактын тагдырын же локалдуу мүнөздөгү башка маселелерди аныктоо максатында жарандардан сурамжылоо. |
| **Плюрализм** | **Плюрализм** |
| Позиция, согласно которой существует несколько или множество независимых и несводимых друг к другу начал или видов бытия, оснований и форм знания, стилей поведения и пр. | Туткан жол, буга ылайык бири-бирине көз каранды болбогон жана ылайык келбей турган бир нече же көптөгөн башталыштар же турмуштун түрлөрү, негиздемелер жана билим башаттары, жүрүш-туруш стилдери ж.б. болот. |
| **Плюрализм политический** | **Саясий плюрализм** |
| Принцип, содействующий существованию многообразия политических сил с конкуренцией между ними за представительство в органах государственной власти. Он предполагает легальное столкновение интересов, дискуссии между сторонниками различных точек зрения. | Саясий күчтөрдүн мамлекеттик бийлик органдарындагы өкүлчүлүк үчүн атаандашкан көптөгөн түрлөрүнүн болушуна көмөк көрсөтө турган принцип. Ал ар кандай көз караштардын тарапкерлеринин ортосунда таламдардын легалдуу кагылышып турушун, дискуссиялардын болушун билдирип турат. |
| **Подотчетность** | **Отчеттуулук** |
| Обязанность должностных лиц государственных органов отчитаться или предоставить информацию, перед избирателями или гражданами за выполнение обязанностей и задач, а также соблюдение правил и стандартов, применяемых к их должностям. | Мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын милдеттенмелерди жана милдеттерди аткаруу, ошондой эле алардын кызматтарына карата колдонула турган эрежелерди жана стандарттарды сакташы боюнча шайлоочулардын же жарандардын алдында отчет берүүгө же маалымат берүүгө милдеттүүлүгү. |

| Подход «снизу вверх» | “Төмөнтөн жогору карай” мамиле |
|---|---|
| Разработка политики или программы и все соответствующие отношения в этой связи начинаются «снизу» – с уровня непосредственных исполнителей или «уличной бюрократии» и затем идут выше по вертикали государственной власти, в конечном счете достигая управленцев и разработчиков политики высшего звена. | Ушул байланыштагы саясатты же программаны иштеп чыгуу жана бардык тиешелүү мамилелер “төмөнтөн” – түздөн-түз аткаруучулардан же “көчө бюрократиясынан” башталат, андан кийин мамлекеттик бийликтин вертикалы боюнча жогору кетет, акырында келип саясаттын жогорку звеносунун башкаруучуларына жана иштеп чыгуучуларына жетет. |
| **Подход «сверху вниз»** | **“Жогортон төмөн карай” мамиле** |
| Политика, программа разрабатывается разработчиками и политиками, находящимися в высших эшелонах власти. Они определяют цели, задачи, расписывают направления действий и инструменты для выполнения, т.е. придают четкую структуру программе или политике, и затем спускают подготовленный документ на исполнение ниже по вертикали: региональным властям, властям районов и местным властям. | Саясат, программа бийликтин жогорку эшелонунда турган иштеп чыгуучулар жана саясатчылыр тарабынан иштелип чыгат. Алар максаттарды, милдеттерди белгилешип, аракеттердин багытын жана шаймандарын баяндашат,б.а. программага же саясатка так структура беришет жана андан кийин даярдалган документти вертикал боюнча төмөн карай региондук бийликтерге, райондордун бийликтерине жана жергиликтүү бийликтерге жиберет. |
| **Полевые заметки** | **Жеринде жазылган жазмалар** |
| Письменная регистрация наблюдений, заметки о беседах и интервью, а также идеях и предварительном понимании материала, которые появляются в период исследований. | Байкоолорду жазуу жүзүндө каттоо, маектешүүлөр жана интервью, ошондой эле идеялар, изилдөө учурунда пайда болгон материалды алдын-ала түшүнүү жөнүндө жазмалар. |
| **Полевые исследования** | **Жеринде изилдөө жүргүзүү** |
| Исследований проводимые в форме опросов, в результате которых собираются первичные данные. Полевые исследования состоят из бесед и сбора «сырых» данных, а также полу обработанных материалов. | Сурамжылоо формасында жүргүзүлгөн изилдөөлөр, анын натыйжасында баштапкы маалымдамалар чогултулат. Жеринде изилдөө жүргүзүү маектешүүлөрдөн жана “чийки” маалымда-малардан, ошондой эле жарым-жартылай иштетилген материалдардан турат. |
| **Политизация** | **Саясатташтыруу** |
| Усиление влияния политики на другие сферы жизни; придание политического звучания сколько-нибудь значитель- | Саясаттын турмуштун башка чөйрөлөрүнө таасиринин күч алышы; коомдук турмуштун кыйла олуттуу маселеле- |

| | |
|---|---|
| ным вопросам общественной жизни; повышение роли государства в жизни общества. | рине саясий маани берүү; мамлекеттин коомдогу ролун жогорулатуу. |
| **Политик** | **Саясатчы** |
| Активный участник политики, политической жизни; политической деятель, лицо, профессионально занимающееся политикой. | Саясаттын, саясий турмуштун активдүү катышуучусу; саясий ишмер, саясат боюнча кесиптик иш жүргүзгөн адам. |
| **Политика** | **Саясат** |
| Деятельность органов государственной власти и их представителей по решению проблем общества. Выделяют экономическую, социальную, национальную, культурную и другие виды политик. | Мамлекеттик бийлик органдарынын жана алардын өкүлдөрүнүн коомдун проблемаларын чечүү боюнча иши. Саясаттын экономикалык, социалдык, улуттук, маданий жана башка түрлөрүн бөлүп көрсөтүшөт. |
| **Политическая воля** | **Саясий эрк** |
| Твердое желание политического руководства решить определенные экономические и социальные задачи путем осуществления различных реформ. | Саясий жетекчиликтин белгилүү бир экономикалык жана социалдык милдеттерди ар кандай реформаларды жүзөгө ашыруу аркылуу чечүүгө катуу киришиши. |
| **Политическая наука** | **Саясий илим** |
| Общественная наука, изучающая политические институты, а также принципы и поведение властей. | Саясий институттарды, ошондой эле бийликтин принциптерин жана жүрүш-турушун иликтей турган коомдук илим. |
| **Политическая нейтральность** | **Саясий бейтараптуулук** |
| Доктрина или норма, согласно которой государственные служащие не должны вовлекаться в деятельность, которая может повлиять на отношения служащих к своей работе. | Доктрина же ченем, ага ылайык мамлекеттик кызматчылар өзүнүн ишине таасир тийгизе турган ишке тартылбоого тийиш. |
| **Политическая повестка** | **Саясий күн тартиби** |
| Совокупность актуальных социальных и экономических проблем, отражающих потребности общества в целом или требования отдельных групп интересов, и на которые политики и администраторы готовы и способны реагировать, принимать решения и предпринимать действия. | Жалпы коомдун керектөөлөрүн же айрым таламдаш топтордун талаптарын чагылдырган актуалдуу социалдык жана экономикалык проблемалардын жыйындысы, саясат-чылар жана администраторлор аларга карата мамиле кылууга, чечимдерди кабыл алууга жана аракеттерди көрүүгө даяр жана |

| | |
|---|---|
| | жөндөмдүү болот. |
| **Политическая система** | **Саясий система** |
| Институты и процессы, которые позволяют гражданам государства разрабатывать, реализовывать и пересматривать государственную политику. | Институтттар жана процесстер, алар мамлекеттин жарандарына мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга, ишке ашырууга жана кайра кароого мүмкүнчүлүк берет. |
| **Политическая элита** | **Саясий элита** |
| Это привилегированная группа, которая занимает руководящие позиции во властных структурах и непосредственно участвует в принятии важнейших для общества решений. | Бул артыкчылыктары бар топ, ал бийлик структураларында жетекчи позицияларды ээлеп турат коом үчүн абдан маанилүү болгон чечимдерди кабыл алууга тикелей катышат. |
| **Политические соображения** | **Саясий ой-пикирлер** |
| Описание главных политических вопросов, связанных с рекомендуемым курсом действий. | Аракеттердин сунуш кылынган курсуна байланыштуу башкы саясий маселелерди баяндоо. |
| **Политический анализ** | **Саясий талдоо жүргүзүү** |
| Попытка объяснить, почему проявляется конкретный характер власти и ее влияние, каким образом власть получают и теряют и почему происходят определенные политические события. | Бийликтин конкреттүү мүнөзүнүн пайда болдусун, жана анын таасирин, алардын бийликке кантип жетишерин жана андан ажырап калуусун, белгилүү бир саясий окуялар эмне үчүн болоорун түшүндүрүү аракети. |
| **Политический режим** | **Саясий режим** |
| Совокупность средств и методов, с помощью которых господствующие элиты осуществляют экономическую, политическую и идеологическую власть в стране. Это также сочетание партийной системы, способов голосования и принципов принятия решений, образующих конкретный политический порядок данной страны на определённый период. | Үстөмдүк кылуучу элиталар өлкөдөгү экономикалык, саясий жана идеологиялык бийликти жүзөгө ашырып жаткан каражаттардын жана ыкмалардын жыйындысы. Бул ошондой эле белгилүү бир мезгилде аталган өлкөнүн айкын саясий тартибин түзүп турган партиялык системаны, добуш берүүнүн ыкмаларын жана чечимдерди кабыл алуунун принциптерин айкалыштыруу. |
| **Политическое решение** | **Саясий чечим** |
| Решение, принимаемое в результате взаимодействия различных институтов, политических партий, общественных организаций, лоббистских группировок, | Ар кандай институттардын,саясий партиялардын,коомдук уюмдардын, түрткү берүүчү топтордун, массалык маалымат каражаттарынын жана коомдук |

| | |
|---|---|
| средств массовой информации и общественного мнения. Оно выражает баланс политических сил на данный момент времени. | пикирдин өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжасында кабыл алынган чечим. Ал убакыттын ушул мезгилиндеги саясий күчтөрдүн балансын билдирип турат. |
| **Политическое управление** | **Саясий башкаруу** |
| Процесс постановки национальных задач развития, разработки политики, принятия решений на общегосударственном уровне. В нем участвуют все органы государственной власти, политические и общественные институты, организации частного сектора и гражданского общества. | Саясатты өнүктүрүүнүн, иштеп чыгуунун улуттук милдеттерин коюу, жалпы мамлекеттик деңгээлде чечим кабыл алуу процесси. Ага мамлекеттик бийликтин бардык органдары, саясий жана коомдук институттар, жеке менчик секторунун жана жарандык коомдун уюмдары катышат. |
| **Политкорректность** | **Саясий коррективдүүлүк** |
| Практика прямого или опосредованного запрета на употребление слов и выражений, считающихся оскорбительными для определённых социальных групп, выделяемых по признаку расы, пола, возраста, вероисповедания, сексуальной ориентации и т. п. | Расалык, жыныстык, курактык белгилери, динге ишенүү, сексуалдык багыты боюнча бөлүнгөн белгилүү бир социалдык топтор үчүн шылдыңдоо катары эсептелген сөздөрдү, сөз айкалыштарын колдонууга тикелей же кыйыр тыюу салуу практикасы. |
| **Полномочия** | **Ыйгарым укуктар** |
| Официально предоставленные должностному лицу права и обязанности в определенной сфере деятельности. Это также ограниченное право использовать ресурсы организации и направлять усилия ее работников на выполнение заданий. | Кызмат адамына иштин белгилүү бир чөйрөсүндө расмий түрдө берилген укуктар жана милдеттер. Бул ошондой эле уюмдун ресурстарын пайдалануунун жана анын кызматкерлеринин күч-аракеттерин тапшырмаларды аткарууга багыттоонун чектелген укугу. |
| **Положительные факторы** | **Оң факторлор** |
| Факторы, которые содействуют реализации программ или политик. | Программаларды же саясаттарды ишке ашырууга көмөк көрсөтүүчү факторлор |
| **Портал** | **Портал** |
| Веб-сайт, организованный как многоуровневое объединение различных ресурсов и сервисов, обновление которых происходит в реальном времени. Это также веб-сайт, выполняющий роль отправной точки для своей аудитории. | Ар кандай ресурстардын жана сервистердин көп деңгелдүү бирикмеси катары уюштурулган веб-сайт, аларды жаңылоо реалдуу убакытта жүргүзүлөт. Бул ошондой эле өз аудиториясы үчүн жөнөтүүчү түйүндүн ролун аткарган веб-сайт. |

| Последствие | Натыйжа |
|---|---|
| Эффект, результат или исход того, что произошло ранее. | Мурда болгон иштин эффекти, натыйжасы же жыйынтыгы. |
| **Пособие** | **Жөлөк пул** |
| Одна из форм материального обеспечения граждан, гарантированного Конституцией страны. Например, единовременное пособие, пособие по безработице, по временной нетрудоспособности, пособия гражданам, имеющим детей и др. | Өлкөнүн Конституциясында кепилдикке алынган жарандарды материалдык камсыз кылуунун формаларынын бири. Мисалы, жумушсуздук боюнча, убактылуу эмгекке жараксыздык боюнча жөлөк пул, көп балалуу жарандарга берилүүчү жөлөк пул ж.б. |
| **Посредническая политика** | **Ортомчулук саясат** |
| Стиль управления сосредоточенный на согласовании разных интересов в сфере разработки политики. | Башкаруунун саясатты иштеп чыгуу чөйрөсүндөгү ар кандай таламдарды макулдаштырууга топтоштурулган стили. |
| **Потенциал** | **Потенциал** |
| Совокупность имеющихся средств, возможностей человека или организации, которые могут быть мобилизированы для достижения определенной цели, осуществления плана, решения какой-либо задачи. | Адамдын же уюмдун колдо болгон каражаттарынын, мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы, алар белгилүү бир максатка жетишүү, планды жүзөгө ашыруу, кандайдыр-бир милдетти чечүү үчүн мобилизацияланышы мүмкүн. |
| **Поясняющий аргумент** | **Түшүндүрмө аргумент** |
| Аргумент политики, использующий одно большее количество подтверждений и оснований относительно правильности теории для подтверждения того, что утверждение, основанное на данной теории, является правдоподобно истинным. | Саясаттын аргументи, бул аргумент аталган теорияда негизделген ырастоо чыныгы акыйкат экендигин ырастоо үчүн теориянын тууралыгы жаатында ырастоолордун жана негиздемелердин бир же бир нече санын пайдаланат. |
| **Права меньшинств** | **Азчылыктын укуктары** |
| Совокупность прав меньшинств, которые в силу своих этнических, религиозных, идейно-политических, сексуально-поведенческих и т.д. признаков отличны от основной массы или находятся с ней в конфликте и заявляют при этом о своем гражданском равноправии. | Өздөрүнүн этностук, диний, идеялык-саясий, сексуалдык жүрүш-туруштук ж.б. белгилеринен улам негизги массадан айырмаланып турган же аны менен конфликтте турган жана өзүнүн жарандык тең укуктуулугу жөнүндө билдирген азчылыктын укуктарынын жыйындысы. |

| Права человека | Адам укуктары |
|---|---|
| Права, образующие основу правового статуса личности. Это также комплекс морально-правовых норм, призванных защищать человеческое достоинство и свободу личности от произвола со стороны властных институтов и их представителей. | Инсандын укуктук статусунун негизин түзүп турган укук. Бул ошондой эле адамдын кадыр-баркын жана инсандык эркиндигин бийлик институттарынын жана алардын өкүлдөрүнүн зомбулугунан коргоого чакырылган моралдык-укуктук ченемдердин комплекси. |
| **Правая идеология** | **Оңчул идеология** |
| Система воззрений, основанная на определенных представлениях о человеческой природе, о месте человека в обществе, его правах и обязанностях по отношению к обществу, равно как и о правах и обязанностях общества по отношению к своим членам. | Адамдын табияты, адамдын коомдогу орду, анын коомго карата укуктары жана милдеттери жөнүндө, ошого тете коомдун өзүнүн мүчөлөрүнө карата укуктары жана милдеттери жөнүндө белгилүү бир түшүнүктөргө негизделген көз караштар системасы. |
| **Правительство** | **Өкмөт** |
| Высший орган распорядительной и исполнительной власти, осуществляющий непосредственное управление делами государства. | Мамлекеттин иштерин түздөн-түз башкарууну жүзөгө ашырган, тескөөчү жана аткаруучу бийликтин жогорку органы. |
| **Правление** | **Башкармалык** |
| Осуществление политической экономической и административной деятельности органами власти для управления делами страны. | Өлкөнүн иштерин башкаруу үчүн бийлик органдары тарабынан саясий, экономикалык жана администрациялык ишти жүзөгө ашыруу. |
| **Правовое государство** | **Укуктук мамлекет** |
| Демократическое государство, организация и деятельность которого основаны на праве и связаны с правом, где созданы условия для наиболее полного обеспечения естественных и неотчуждаемых прав человека. | Уюштурулушу жана иши укукка негизделген жана укукка байланыштуу болгон, адамдын табигый жана ээликтен ажыратылбай турган укуктарын толук камсыз кылуу үчүн шарттар түзүлгөн демократиялуу мамлекет. |
| **Правовой статус** | **Укуктук статус** |
| Установленное нормами права положение его субъектов, совокупность их прав и обязанностей. В правовой статус входят правосубъектность, установленные законом права и обязанности, гарантии установленных прав, ответственность субъекта за неиспол- | Анын субъектилеринин укуктук ченемдер менен белгиленген абалы, алардын укуктары менен милдеттеринин жыйындысы. Укуктук статуска укуктун субъектке таандуулугу, мыйзам тарабынан белгиленген укуктар жана милдеттер, белгиленген укуктардын кепилдиктери, |

| | |
|---|---|
| нение обязанностей. | субъектинин милдеттерди аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилиги. |
| **Правоспособность** | **Укукка жөндөмдүүлүк** |
| Установленная законом способность гражданина, организации или публично-правового образования быть носителем субъективных прав и юридических обязанностей. | Жарандын, уюмдун же коомдук-укуктук түзүлүштүн субъективдүү укуктарды жана юридикалык милдеттенмелерди алып жүрүүгө болгон, мыйзамда бекитилген жөндөмдүүлүгү. |
| **Правосудие** | **Сот акыйкаттыгы** |
| Форма государственной деятельности, которая заключается в рассмотрении и разрешении судом отнесенных к его компетенции дел - об уголовных преступлениях, о гражданских спорах и др. Осуществляется судами в установленном законом процессуальном порядке. | Мамлекеттик иштин формасы, ал өзүнүн компетенциясына таандык кылынган – жазыктык кылмыштыр, жарандык талаштар ж б. жөнүндө иштерди сот тарабынан кароону жана чечүүнү билдирет. Соттор тарабынан мыйзамда белгиленген процесстик тартипте жүзөгө ашырылат. |
| **Предпочтительный вариант политики** | **Саясаттын артыкчылыктуу варианты** |
| Вариант политики, который выбирается из рассматриваемых вариантов, исходя из заранее определенных критериев | Саясаттын варианты, ал алдын ала аныкталган критерийлерге негизденүү менен, каралып жаткан варианттардын ичинен тандалып алынат |
| **Предмет исследования/анализа** | **Изилдөө/талдоо предмети** |
| Главные наиболее существенные с точки зрения данного исследования или анализа свойства и признаки объекта. | Аталган изилдөөнүн же талдоо жүргүзүүнүн көз карашынан алганда объектинин башкы алда канча олуттуу касиеттери жана белгилери. |
| **Предположение** | **Божомол** |
| Прогноз, основанный на субъективных суждениях относительно будущих состояний общества. Это также гипотезы относительно факторов или рисков, которые могут повлиять на ход или успех действия по развитию. | Коомдун келечектеги абалы жаатында субъективдүү ой-жүгүртүүлөргө негизделген болжол. Бул өнүктүрүү боюнча аракеттердин жүрүшүнө же ийгилигине таасир тийгизе турган факторлор же тобокелдер жаатындагы гипотезалар. |
| **Представительная демократия** | **Өкүлчүлүктүү демократия** |
| Система власти, базирующаяся на избрании народом лиц принижающих решение, а также форма демократии при которой право выбора политики | Чечим кабыл ала турган эл тарабынан шайланган адамдарга негизделген бийлик системасы, ошондой эле демократиянын формасы, анын тушунда сая- |

| | |
|---|---|
| делегируется избранным политическим представителем. | саттьı тандап алуу укугу шайланган саясий өкүлдөргө берилет. |
| **Презентация** | **Бет ачар** |
| Представление, предъявление публике, общественности той или иной (новой) книги, журнала, отчета, товара и т.д. | Тигил же бул (жаңы) китепти, журналды, отчетту, товарды ж.б. калкка, коомчулукка көрсөтүү. |
| **Презентация политики** | **Саясаттын бет ачары** |
| Интерактивный способ передачи знаний о соответствующей политике, который включает беседы, конференции, встречи, брифинги и слушания. | Тиешелүү саясат жөнүндө билимдерди берүүнүн интерактивдүү ыкмасы, ал маектешүүлөрдү, конференцияларды, жолугушууларды, брифингдерди жана угууларды камтып турат. |
| **Президент** | **Президент** |
| Выборная должность главы государства или председателя коллегиального органа, общественного объединения или коммерческой организации, а в некоторых странах также пожизненный титул лица, занимавшего такую должность в прошлом. В государствах с президентской формой правления президент является также главой исполнительной власти, с парламентской — лишь главой государства. | Мамлекет башчысынын же коллегиалдуу органдын, коомдук бирикменин же коммерциялык уюмдун төрагасынын шайланма кызматы, ал эми айрым өлкөлөрдө ушундай кызматты мурда элеген адамга өмүр бою бериле турган титул. Башкаруунун Президенттик формасындагы өлкөлөрдө президент аткаруу бийлигинин да башчысы болуп эсептелет, парламенттик башкарууда болсо – президент мамлекеттин гана башчысы болот. |
| **Президентская республика** | **Президенттик республика** |
| Разновидность республиканской формы правления характеризующаяся значительной ролью президента в системе государственных органов, соединением в его руках полномочий главы государства и главы правительства. | Башкаруунун республикалык формасынын бир түрү, мамлекеттик органдар системасында президенттин олуттуу ролу, мамлекет башчысынын жана өкмөт башчысынын ыйгарым укуктарынын анын колунда бириктирилиши менен мүнөздөлөт. |
| **Пресс-конференция** | **Пресс-конференция** |
| Встреча государственных или общественных деятелей, представителей науки, культуры и т.д. с журналистами для информирования их в связи с актуальными событиями или для ответов на их вопросы. | Мамлекеттик же коомдук ишмерлердин, илим, маданият ж.б. өкүлдөрүнүн актуалдуу окуяларга байланыштуу же алардын суроолоруна жооп берүү үчүн журналисттер менен жолугушуусу. |

| Пресс-релиз | Маалымдама |
|---|---|
| Информационный бюллетень, предназначенный для газет, журналов, радио и телередакций, из которой они могут взять интересующие материалы. | Гезиттер, журналдар, радио жана теле редакциялар үчүн арналган маалыматтык бюллетень, алар андан өздөрүн кызыктырган материалдарды алышы мүмкүн. |
| **Прецендент** | **Прецендент** |
| Случай или событие, имевшие место в прошлом и служащие примером или основанием для аналогичных действий в настоящем. | Мурда болгон жана азыркы мезгилдеги ушул сыяктуу аракеттер үчүн мисал же негиз катары кызмат кылган учур же окуя. |
| **Привилегия** | **Артыкчылык** |
| (лат. Privilegium) — исключительное право, личное право, преимущество, название патента, до некоторых пор использовавшееся в международном лицензионном, авторском праве. Привилегиями юридически, традиционно или фактически обладают отдельные лица, группы, классы, организации; привилегии недоступны для большинства людей. | (лат. Privilegium) - өзгөчө укук, жеке укук, артыкчылык, айрым мезгилге чейин эл аралык лицензиялык, автордук укукта пайдаланылып келген патенттин аталышы. Юридикалык жагынан, салтуу түрдө же иш жүзүндө айрым адамдар, топтор, таптар, уюмдар артыкчылыктарга ээ болот, артыкчылыктар адамдардын көпчүлүгү үчүн мүмкүн эмес. |
| **Прикладное исследование** | **Прикладдык изилдөө** |
| Исследование, выполненное с целью использования полученных результатов для решения определенной проблемы реальной жизни. Оценивание является одной из форм прикладного исследования. | Айкын турмуштун белгилүү бир проблемасын чечүү үчүн алынган натыйжаларды пайдалануу максатында жүргүзүлгөн изилдөө. Баа берүү прикладдык изилдөөнүн формаларынын бири болуп эсептелет. |
| **Принцип разделения властей** | **Бийликтерди бөлүштүрүү принциби** |
| Политико-правовая теория, согласно которой государственная власть должна быть разделена на независимые друг от друга (но при необходимости контролирующие друг друга) ветви: законодательную, исполнительную и судебную. | Саясий-укуктук теория, ага ылайык мамлекеттик бийлик бири-бирине көз каранды болбогон (бирок зарыл учурда бири-бирин контролдоп турган) бутактарга: мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бутактарына бөлүнүүгө тийиш. |
| **Принятие повестки дня** | **Күн тартибин кабыл алуу** |
| Принятие решения о том, какие именно вопросы орган власти будет рассматривать и предпринимать по ним соот- | Бийликтин органы дал кайсыл маселелерди карай тургандыгы жана алар боюнча тиешелүү аракеттерди көрө |

| | |
|---|---|
| ветствующие действия. | тургандыгы жөнүндө чечимди кабыл алуу. |
| **Приоритеты** | **Артыкчылыктар** |
| Перечень целей, действий, проблем, которыми необходимо заниматься государственным органам в первую очередь, выделив соответствующие ресурсы и разработав конкретную политику или программу. | Мамлекеттик органдар тиешелүү ресурстарды бөлүп берүү жана айкын саясаты же программаны иштеп чыгуу менен биринчи кезекте иш жүргүзө турган максаттардын, аракеттердин, проблемалардын тизмеси. |
| **Причинно-следственный анализ** | **Себептик-натыйжалык талдоо жүргүзүү** |
| Процесс установления причинной связи между изучаемыми явлениями и процессами. | Иликтенип жаткан көрүнүштөр менен процесстердин ортосундагы себептик байланышты белгилөө процесси. |
| **Проактивность** | **Проактивдүүлүк** |
| Способность активно осуществлять выбор цели, средства ее достижения, адекватные цели, подчинять этой цели свои стремления, мысли, чувства, действия, проявлять инициативу, отвечать за себя, за действия своих последователей, за осуществление поставленной цели и решение соответствующих ей задач. | Максатты, ага жетишүүнүн каражаттарын тандап алууну активдүү жүзөгө ашыруу, адекваттуу максаттар, ушул максатка өз умтулуусун, ойлорун, сезимдерин, аракеттерин баш ийдирүү, демилге көтөрүү, өзү үчүн, өзүнүн жолун жолдоочулардын аракеттери, алдыга коюлган максатка жетишүү үчүн жооп берүү жана ага ылайык келген милдеттерди чечүү. |
| **Проблема** | **Проблема** |
| Противоречия между постоянно возникающими человеческими потребностями, интересами социальных групп и возможностью общества их удовлетворить. Она составляет предмет дискуссии, пункт или вопрос, решение которого имеет особое или общественное значение. | Адамдын, социалдык топтордун ар дайым пайда болуп турган керектөөлөрү, таламдары жана коомдун алардын канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнүн ортосундагы карама-каршылыктар. Ал дискуссиянын предметин, пунктун же маселесин түзүп турат, аны чечүү өзгөчө же коомдук мааниге ээ болот. |
| **Проблемы политики** | **Саясий проблемалар** |
| Совокупность теоретических и концептуальных идей, сформулированных заинтересованной стороной в абстрактном виде на основании той или иной проблемной ситуации. | Тигил же бул проблемалуу кырдаалдын негизинде таламдаш тарап тарабынан абстракттуу түрдө жол-жоболоштурулган теориялык жана концептуалдык идеялардын жыйындысы. |

| Проблемная ситуация | Проблемалуу кырдаал |
|---|---|
| Ситуация когда неудовлетворительность существующего положения осознана, но не ясно, что следует сделать для его изменения. | Орун алган абалдын канааттандыраарлык эместиги таанылган, бирок аны өзгөртүү үчүн эмне кылуу керектиги ачык болбогон кырдаал. |
| **Прогноз** | **Болжол** |
| Научно обоснованное суждение о возможных состояниях объекта в будущем или степень достижения целей в зависимости от способов будущих действий. | Объектинин келечектеги мүмкүн болуучу абалы же келечектеги аракеттердин ыкмасына жараша максатка жетишүүнүн даражасы жөнүндө илимий жактан негизделген ой жүгүртүү. |
| **Программа** | **Программа** |
| Совокупность взаимосвязанных мер направленных на достижение цели политики, т.е. решение одной или нескольких проблем. Это также: а) содержание и план деятельности, работ; б) изложение основных положений и целей деятельности политической партии, организации, отдельного деятеля. | Саясаттын максатына жетишүүгө, б.а. бир же бир нече проблеманы чечүүгө багытталган өз ара байланыштуу чаралардын жыйындысы. Бул ошондой эле: а) иштин, жумуштардын мазмуну жана планы; б) саясий партиянын, уюмдун, айрым ишмердин ишинин негизги жоболорунун жана максаттарынын баяндамасы. |
| **Прогресс** | **Прогресс** |
| Направление развития от низшего к высшему, поступательное движение вперед, к лучшему. | Өнүгүүнүн төмөндөн жогору карай кеткен багыты, алдыга, жакшы нерселерге карай умтулган кыймыл. |
| **Прогресс социальный** | **Социалдык прогресс** |
| Глобальный, всемирно-исторический процесс восхождения человеческих обществ от примитивных состояний (дикости) к вершинам цивилизованного состояния, основанного на высших научно-технических, политико-правовых, нравственно-этических достижениях. | Адамзат коомдорунун түркөй (жапайы) абалдан жогорку илимий-техникалык, саясий-укуктук, адеп-ахлактык, этикалык жетишкендиктерге негизделген цивилизациялуу бийиктиктерге чыгышынын глобалдуу, бүткүл дүйнөлүк-тарыхый процесси. |
| **Продуктивность** | **Продуктуулук** |
| Способность системы производить полезный эффект (например, товары и услуги) и мера реализации этой способности. | Системанын пайдалуу эффект жүргүзүүгө (мисалы, товарлар жана кызматтар) жөндөмдүүлүгү жана ушул жөндөмдүүлүктү ишке ашыруу чаралары. |
| **Проект** | **Долбоор** |
| Ограниченное по времени целенаправ- | Натыйжалардын сапатына, каражат- |

| | |
|---|---|
| ленное изменение отдельной системы с установленными требованиями к качеству результатов, расходу средств и специфической организацией. Это также: а) документ, описывающий совокупность действий, исполнителей и средств по выработке определенных целей и их достижению; б) замысел, идея воплощенные в форму описания, расчетов, чертежей, раскрывающих сущность замысла и возможности его практической реализации. | тардын чыгымдалышына жана спецификалык уюштурууга карата белгиленген талаптардын өзүнчө системасын убакыт менен чектелген максатка багыттуу өзгөртүү. Бул ошондой эле: а) белгилүү максаттарды иштеп чыгуу жана аларга жетишүү боюнча аткаруучулардын жана каражаттардын аракеттеринин жыйындысын баяндап турган документ; б) ой пикирдин маңызын жана аны практикалык ишке ашыруу мүмкүн-чүлүгүн ачып бере турган баяндоо, эсептөөлөр, чиймелер формасында ишке ашырылган ой пикир, идея. |
| **Прозрачность** | **Ачыктык** |
| Доступность объективной информации процессах или событиях в сфере государственного управления. Это также наличие документов, регламентирующих тот или иной процесс или условия, результаты процесса. | Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндөгү процесстер же окуялары жөнүндө объективдүү маалыматка мүмкүнчүлүк алуу. Бул ошондой эле тигил же бул процессти же процесстин шарттарын, натыйжаларын регламенттей турган документтердин болушу. |
| **Пропорциональность** | **Пропорциялуулук** |
| Пропорциональными называются две взаимно зависимые величины, если отношение их значений остается неизменным. Различают прямую и обратную пропорциональность | Эгерде алардын маанилеринин бири бирине карата мамилеси өзгөрүүсүз калса, бири-бирине өз ара көз каранды болгон эки чоңдук пропорциялуу чоңдуктар деп аталат. Тикелей жана кайталанма пропорциялуулук деп айырмаланат. |
| **Протокол** | **Протокол** |
| Документ, фиксирующий ход обсуждения вопросов и принятия решений на собраниях, совещаниях, конференциях и заседаниях коллегиальных органов. | Коллегиалдуу органдардын чогулуштарында, кеңешмелеринде, конференцияларында жана отурумдарында маселелерди талкуулоонун жана чечимдерди кабыл алуунун жүрүшүн белгилеп турган документ. |
| **Профанация** | **Профанация** |
| Искажение, извращение чего-нибудь (например, идеи, учения, произведения искусства и т.д.); непочтительное отношение к достойному, опошление. | Бир нерсени (мисалы, идеяны, окууну, искусство чыгармасын ж.б.) бурмалоо, бузуу, татыктуу нерсеге сыйлабай мамиле кылуу, абийрин кетирүү. |
| **Процедуры** | **Жол-жоболор** |
| Действия, которые должны быть пред- | Айкын кырдаалда көрүлүүгө тийиш бол- |

| | |
|---|---|
| приняты в конкретной ситуации. | гон аракеттер. |
| **Процесс политический** | **Саясий процесс** |
| Последовательность этапов, событий, форма развития политики, взаимодействие различных государственных структур и общества - субъектов политики. | Этаптардын, окуялардын ырааттуулугу, саясаттын өнүгүшүнүн формасы, ар кандай мамлекеттик структуралардын жана коомдун – саясаттын субъектилеринин өз ара аракеттери. |
| **Прямая демократия** | **Тикелей демократия** |
| Форма политической организации и устройства общества, при которой основные решения инициируются, принимаются и исполняются непосредственно гражданами; прямое осуществление принятия решений самим населением общего и местного характера; непосредственное правотворчество народа. | Коомдун саясий уюштурулушунун жана түзүлүшүнүн формасы, анын тушунда негизги чечимдер боюнча демилге түздөн-түз жарандар тарабынан кабыл алынат жана аткарылат; жалпы жана жергиликтүү мүнөздөгү чечимдерди кабыл алуу калктын өзү тарабынан жүзөгө ашырылат; эл укуктук чыгармачылык менен түздөн-түз иш жүргүзөт. |
| **Прямая пропорциональность** | **Тикелей пропорциялуулук** |
| Функциональная зависимость, при которой некоторая величина зависит от другой величины таким образом, что их отношение остаётся постоянным. Иначе говоря, эти переменные изменяются пропорционально, в равных долях, то есть, если аргумент изменился в два раза в каком-либо направлении, то и функция изменяется тоже в два раза в том же направлении. | Функциялык көз карандылык, мунун тушунда айрым бир чоңдук экинчи бир чоңдукка көз каранды болот, мында алардын мамилеси туруктуу бойдон калат. Башкача айтканда, ушул өзгөрүлмө чоңдуктар пропорционалдуу, бирдей үлүштөрдө өзгөрөт, б.а. эгерде аргумент кандайдыр-бир багытта эки жолу өзгөрсө, анда функция да, ошол эле багытта эки жолу өзгөрөт. |
| **Прямые выборы** | **Тикелей шайлоо** |
| Непосредственное избрание гражданами своих представителей в органы государства, отдельных должностных лиц (например, президента, депутатов парламента). | Жарандар тарабынан өз өкүлдөрүн мамлекеттик органдарга, айрым кызмат адамдарын (мисалы, президентти, парламенттин депутаттарын) түздөн-түз шайлоо. |
| **Публичная политика** | **Коомдук саясат** |
| Деятельность различных субъектов политики (государственных и негосударственных) по решению общественно-значимых проблем через формальные прозрачные политические процедуры и практики. | Саясаттын ар кандай субъектилеринин (мамлекеттик жана мамлекеттик эмес) коомдук маанилүү проблемаларды формалдуу ачык саясий жол-жоболор жана практика аркылуу чечүү боюнча иши. |

| Публичная сфера | Коомдук чөйрө |
|---|---|
| Область социальной жизни, в которой формируется общественное мнение, это – арена, форум публичного дискурса по поводу социально-политических проблем жизни и развития общества. | Социалдык турмуштун бир жагы, анда коомдук пикир калыптандырылат, бул коомдун турмушунун жана өнүгүшүнүн социалдык – саясий проблемалары жаатында коомдук дискурстун аренасы, форуму. |
| **Публичность** | **Коомго таандык болуу** |
| Открытость, доступность и коллективность. Оно характеризует открытую пониманию и вниманию общественную политику и иные виды деятельности, доступные наблюдению и контролю процедуры принятия решений, гласность дискуссий, открытость "политической сцены, выступлений лидеров и т. д. | Ачыктык, мүмкүнчүлүк жана жамааттык. Ал түшүнүү жана көңүл буруу үчүн ачык болгон коомдук саясатты жана иштин башка түрлөрүн, чечимдерди кабыл алуунун байкоо жүргүзүүгө жана контролдоого мүмкүнчүлүктүү жол-жоболорун, дискуссиялардын маалымдуулугун, «Саясий сценанын», лидерлердин сөздөрүнүн ж.б. ачыктыгын мүнөздөп турат. |
| **Публичные консультации** | **Коомдук консультациялар** |
| Способ государственного регулирования, при котором общественности предоставляется возможность внести свой вклад или высказать свое мнение по определенным вопросам государственной политики. | Мамлекеттик жөнгө салуунун ыкмасы, анын тушунда коомчулукка мамлекеттик саясаттын белгилүү маселелери боюнча өзүнүн салымын кошууга же өзүнүн пикирин айтууга мүмкүнчүлүк берилет. |
| **Публичные слушания** | **Коомдук угуулар** |
| Одна из форм участия граждан в осуществлении местного самоуправления. Они проводятся для обсуждения проектов правовых актов по вопросам местного значения по инициативе населения, представительного органа или главы муниципального образования. | Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга катышуусунун формаларынын бири. Алар жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча укуктук актыларынын долбоорлорун талкуулоо үчүн жергиликтүү калктын, өкүлчүлүктүү органдын же муниципалдык түзүлүштүн башчысынын демилгеси менен өткөрүлөт. |
| **Публичный** | **Коомдук** |
| Относящийся или затрагивающий население и общество в целом, открытое для всех, находящееся на службе общества или народа. | Жалпы калкка жана коомго таандык кылынган же тиешелүү болгон, бардыгы үчүн ачык, коомго же элге кызмат кылат. |

| Рабочая группа | Жумушчу тобу |
| --- | --- |
| Двое или более людей одинаковых или различных профессий работающих совместно и согласованно для достижения целей по выполнению задания, оказанию услуг и несущих общую ответственность за результаты работы. | Тапшырманы аткаруу, кызмат көрсөтүү боюнча максатка жетишүү үчүн биргелешип жана макулдашып иштеп жаткан жана иштин натыйжалары үчүн жалпы жоопкерчилик тарткан, бирдей же ар кандай кесиптеги эки же андан ашык адамдар. |
| **Равенство** | **Теңчилик** |
| Распределение выгод и издержек между различными группами и территориями таким образом, что на каждую из них приходится равная доля этих выгод и издержек, которая может и не быть справедливой. | Ар кандай топтор менен аймактардын ортосунда пайдаларды жана чыгымдарды бөлүштүрүү, мында алардын ар бирине ушул пайдалардын жана чыгымдардын бирдей үлүшү туура келет, ал адилетсиз болуп калышы да мүмкүн. |
| **Развитие** | **Өнүктүрүү** |
| Достижение приемлемого уровня жизни для всех людей путем улучшения экономических и социальных условий. Это также необратимый процесс, направленный на изменение материальных и духовных объектов с целью их усовершенствования. | Экономикалык жана социалдык шарттарды жакшыртуу аркылуу бардык адамдардын жашоонун алгылыктуу деңгээлине жетишиши. Бул ошондой эле материалдык жана руханий объектилерди өркүндөтүү максатында аларды өзгөртүүгө багытталган кайтарылгыс процесс. |
| **Разделение властей** | **Бийликтерди бөлүштүрүү** |
| Политико-правовая теория, согласно которой государственная власть должна быть разделена на независимые друг от друга (но при необходимости контролирующие друг друга) ветви: законодательную, исполнительную и судебную. | Саясий-укуктук теория, ага ылайык мамлекеттик бийлик бири-бирине көз каранды болбогон (бирок зарыл учурда бири-бирин контролдоп турган) бутактарга: мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бутактарына бөлүнүүгө тийиш. |
| **Разработка сценариев** | **Сценарийлерди иштеп чыгуу** |
| Метод, в котором устанавливается логическая последовательность событий, показывающая как, исходя из существующей ситуации может шаг за шагом развертываться будущее состояние. | Окуялардын логикалык ырааттуулугу белгиленген ыкма, мында орун алган кырдаалга негизденүү менен келечектеги абал кадамдар боюнча жүрө тургандыгы көрсөтүлөт. |

| Разработчики политики | Саясатты иштеп чыгуучулар |
|---|---|
| Те, кто «делает» политику, т.е. лица, ответственные за ее разработку и принятие решений в органах власти. | Бул саясатты «жасоочулар», б.а. аны иштеп чыгуу жана бийлик органдарында чечим кабыл алуу үчүн жооптуу адамдар. |
| **Ранжирование** | **Ранжирлөө** |
| Представление объектов в виде последовательности в соответствии с убыванием их предпочтительности. | Объекттердин артыкчылыгынын азайышына ылайык объекттерди ыраатуулук түрүндө көрсөтүү. |
| **Ратификация** | **Ратификациялоо** |
| Процесс утверждения верховным органом государственной власти данной страны международного договора, заключенного ее уполномоченным органом. | Аталган өлкөнүн мамлекеттик бийлигинин жогорку органы тарабынан өзүнүн ыйгарым укуктуу органы тарабынан түзүлгөн эл аралык келишимди бекитүү процесси. |
| **Рациональный процесс принятия решений** | **Чечимдерди кабыл алуунун сарамжал процесси** |
| Принятие решений основанная на последовательной реализации этапов: а) диагноз проблемы; б) формулировка ограничений и критериев для принятия решения; в) выявление альтернатив; г) оценка альтернатив; д) окончательный выбор. | Этаптарды ырааттуу ишке ашырууга негизделген чечимдерди кабыл алуу: а) проблеманын диагнозу; б) чечимдерди кабыл алуу үчүн чектөөлөрдү жана критерийлерди жол-жоболоштуруу; в) альтернативаларды аныктоо; г) альтернативаларга баа берүү; д) биротоло тандап алуу. |
| **Реабилитация** | **Реабилитациялоо** |
| Восстановление в юридических правах. Это также восстановление доброго имени, прежней репутации, трудоспособности, достигаемое различными методами лечения. | Юридикалык укуктарын калыбына келтирүү. Бул ошондой эле жакшы атка конушун, мурдагы беделин, дарылоонун ар кандай ыкмалары менен жетишиле турган эмгекке жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүү. |
| **Реализация политики** | **Саясатты ишке ашыруу** |
| Планомерный процесс использования общественных ресурсов для достижения целей политики, в котором принимают участие различные органы государственной власти, а также организации частного сектора и гражданского общества. | Саясаттын максаттарына жетишүү үчүн коомдук ресурстарды пайдалануунун план ченемдүү процесси, мында мамлекеттик бийликтин ар кандай органдары, ошондой эле жеке менчик секторунун жана жарандык коомдун уюмдары да катышат. |

| Региональная политика | Региондук саясат |
|---|---|
| Составная часть государственного регулирования, представляющая собой комплекс законодательных, административных и экономических мер, способствующих наиболее рациональному размещению производительных сил и выравниванию уровня жизни населения. | Мамлекеттик жөнгө салуунун курамдык бөлүгү, ал өндүргүч күчтөрдү алда канча сарамжал жайгаштырууга жана калктын турмуштук деңгээлин теңештирүүгө көмөк көрсөтө турган мыйзамдык, администрациялык жана экономикалык чаралардын комплексин билдирет. |
| **Регистрация** | **Каттоо** |
| Внесение в список, в учетную книгу; составление перечня, описи. Это также запись фактов или явлений в целях учета и придания им законной силы. Например, регистрация по месту жительства или имущества. | Тизмеге, эсептик китепке киргизүү; тизмени, тизмекти түзүү. Бул ошондой эле фактыларга жана көрүнүштөргө мыйзамдуу күч берүү максатында аларды жазып коюу. Мисалы, жашаган жери боюнча катто же мүлктү каттоо. |
| **Регламент** | **Регламент** |
| Нормативный правовой акт, регулирующий порядок деятельности какого-либо государственного органа и его подразделения. Это также нормативный правовой акт, устанавливающий требования к объектам технического регулирования: к продукции, зданиям, строениям, сооружениям, к процессам производства, транспортировки, хранения, эксплуатации и утилизации. | Кайсыл-бир мамлекеттик органдын же анын бөлүмүнүн ишинин тартибин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук акт. Бул ошондой эле техникалык жагынан жөнгө салына турган объектилерге: продукцияга, имараттарга, курулуштарга, курулмаларга, өндүрүш процесстерине, ташууга, сактоого, пайдаланууга жана утилдештирүүгө карата талаптарды белгилей турган ченемдик-укуктук акт. |
| **Регресс** | **Регресс** |
| Тип развития, для которого характерен переход от высшего к низшему, процессы деградации, понижения уровня организации, утраты способности к выполнению тех или иных функций; включает также моменты застоя, возврата к изжившим себя формам и структурам. | Өнүгүүнүн тиби, ал үчүн жогортон төмөн карай түшүү, деградация процесстери, уюштуруу деңгээлинин төмөндөшү, тигил же бул функцияларды аткарууга карата жендөмдүүлүктөн ажыроо мүнөздүү болот; ошондой эле сенектик учурларын, өзүн актабай калган формаларга жана структураларга кайра келүүнү камтып турат. |
| **Регрессионный анализ** | **Регрессиялык талдоо жүргүзүү** |
| Статистический метод исследования зависимости между зависимой пере- | Көз каранды өзгөрүлмө көрсөткүч менен бир же бир нече көз карандысыз |

| | |
|---|---|
| менной и одной или несколькими независимыми переменными. | өзгөрүлмө көрсөткүчтүн ортосундагы көз карандылыкты изилдөөнүн статистикалык ыкмасы. |
| **Регрессия** | **Регрессия** |
| Обратное движение, переход от более сложных форм развития к менее сложным. Это также одно из понятий математической статистики, выражающее зависимость среднего значения случайной величины от значений другой случайной величины или нескольких случайных величин. | Артка карай кыймыл, өнүгүүнүн кыйла татаал формаларынан кыйла жеңил формаларына өтүү. Бул ошондой эле математикалык статистиканын капысынан алынган чоңдуктун орточо маанисинин экинчи капысынан алынган чоңдуктун же бир нече капысынан алынган чоңдуктардын маанилерине көз карандылыгын билдирген түшүнүктөрүнүн бири. |
| **Реестр** | **Реестр** |
| Книга, содержащая список для регистрации документов, дел. Это также перечень, список, опись, база данных. Например, для хранения сведений о конфигурации компьютера, настроек операционной системы и параметров программ. | Документтерди, иштерди каттоо үчүн тизмени камтыган китеп. Бул ошондой эле тизме, тизмек, жазма, маалымдамалар базасы. Мисалы, компьютердин конфигурациялары, операциялык системасын жөнгө салгычтар жана программаларынын параметрлери. |
| **Резолюция** | **Резолюция** |
| Решение, распоряжение должностного лица на служебной записке, бумаге. Это также решение, принятое в результате обсуждения какого-либо вопроса на собрании, заседании и т.п. | Кызмат адамынын кызматтык каттагы, кагаздагы чечими, тескемеси. Бул ошондой эле чогулушта, отурумда ж.б. кандайдыр бир маселени талкуулоонун натыйжасында кабыл алынган чечим. |
| **Результат** | **Натыйжа** |
| Достигнутые краткосрочные и среднесрочные эффекты порожденные продуктом действия или реализации политики, программы. | Аракеттин же саясатты, программаны ишке ашыруунун продуктусу тарабынан пайда кылынган жетишилген кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү эффекттер. |
| **Результативность** | **Натыйжалуулук** |
| Составляющая эффективности деятельности организации, отражающая степень действенность или достижения ею поставленных целей. | Уюмдун таасирдүүлүк даражасын же анын алдыга коюлган максаттарга жетишин чагылдырган уюмдун ишинин эффективдүүлүгүн түзүп турат. |
| **Резюме/краткое изложение** | **Резюме/кыскача баяндама** |
| Краткий вариант отчета о проведении исследования или оценивания, содер- | Натыйжалардын обзорун камтыган изилдөө же баа берүү жүргүзүү жөнүндө |

| | |
|---|---|
| жащий обзор результатов. | отчеттун кыскача варианты. |
| **Рейдерство** | **Рейдерчилик** |
| Недружественное поглощение имущества, земельных комплексов и прав собственности, которое осуществляется с использованием недостаточности правовой базы и с коррупционным использованием государственных, административных и силовых ресурсов. | Мүлктү, жер комлекстерин жана менчик укугун одоно түрдө алып коюу, ал укуктук базанын жетишсиздигин пайдалануу менен жана мамлекеттик, административдик жана күч ресурстарын коррупциялык пайдалануу менен жүзөгө ашырылат. |
| **Рейтинг** | **Рейтинг** |
| Числовой показатель уровня оценок деятельности учреждения, организации или отдельной личности. Это также понятие, характеризующее соотносительные значимость, место, вес, позицию данного объекта по сравнению с другими объектами этого класса или типа. | Мекеменин, уюмдун же өзүнчө инсандын ишине баа берүүнүн деңгээлинин сандык көрсөткүчү. Бул ошондой эле аталган объектинин башка ушул класстагы же типтеги объектилер менен салыштыруу боюча салыштырмалуу маанисин, ордун, салмагын, позициясын мүнөздөгөн түшүнүк. |
| **Реквизит** | **Реквизит** |
| Обязательный элемент оформления официального документа. Например, наименование документа (вид), автор, адресат, текст, дата, подпись, резолюция и т.д. | Расмий документти жол-жоболоштуруунун милдеттүү элементи. Мисалы, документтин аталышы (түрү), автору, дарек ээси, тексти, датасы, колу, резолюциясы ж.б. |
| **Рекомендация** | **Сунуш** |
| Авторитетная характеристика образа предлагаемых действий, с учетом особенностей реальной ситуации и перспектив ее дальнейшего развития. | Айкын кырдаалдын өзгөчөлүктөрүн жана анын андан ары өнүгүшүнүн келечегин эске алуу менен сунуш кылынып жаткан аракеттердин образынын беделдүү мүнөздөмөсү. |
| **Рентабельность** | **Рентабелдүүлүк** |
| Показатель, характеризующий доходность, эффективность предприятия или коммерческой организации. Она выражается дробью, отношением прибыли к затратам, расходам. | Ишкананын же коммерциялык уюмдун кирешелүүлүгүн, эффективдүүлүгүн мүнөздөгөн көрсөткүч. Ал бөлчөк түрүндө, пайданын зыяндарга, чыгашаларга карата мамилеси түрүндө билдирилет. |
| **Репрезентативность** | **Репрезентативдүүлүк** |
| Представительность, характерность, показательность чего-либо. Это также свойство выборочной совокупности | Бир нерсенин көрүнүктүүлүгү, мүнөздүүлүгү, көрсөтмөлүүлүгү. Бул ошондой эле башкы жыйындынын структура- |

| | |
|---|---|
| (выборки) воспроизводить параметры и значимые элементы структуры генеральной совокупности. | сынын параметрлерин жана маанилүү элементтеринин тандалып алынган жыйындысынын (тандап алуу) касиети. |
| **Респондент** | **Респондент** |
| Лицо, которое предоставляет определенную информацию в ходе опроса. | Сурамжылоонун жүрүшүндө белгилүү бир маалыматты бере турган адам. |
| **Республика** | **Республика** |
| Форма государственного устройства, при котором источником власти является народ, а высшие органы власти либо избираются гражданами, либо формируются общенациональными представительными учреждениями (например, парламентами). | Мамлекеттик түзүлүштүн формасы, мында бийликтин булагы эл болуп эсептелет. Ал эми бийликтин жогорку органдары жарандар тарабынан шайланат же жалпы улуттук өкүлчүлүктүү мекемелер (мисалы, парламенттер) тарабынан түзүлөт. |
| **Ресурсы** | **Ресурстар** |
| Запасы сырья, земли, кадров, финансов, совокупность управленческих знаний и навыков, научных данных и т. п., которые используются в процессе управления. | Башкаруу процессинде пайдаланыла турган сырьенун, жердин, кадрлардын, финансылардын запастары, башкаруучулук билимдердин жана көндүмдөрдүн, илимий маалымдамалардын ж.б. жыйындысы. |
| **Реферат** | **Реферат** |
| Сокращенное изложение содержания первичного документа (или его части) с основными фактическими сведениями и выводами без дополнительной интерпретации или критических замечаний. | Кошумча интерпретациясыз же сын-пикирлерсиз негизги фактылай маалыматтар менен алынган баштапкы документтин (же анын бир бөлүгүнүн) мазмунун кыскача баяндалышы. |
| **Референдум** | **Референдум** |
| Форма непосредственного волеизъявления граждан, выражающаяся в голосовании по наиболее значимым вопросам общегосударственного, регионального или местного масштаба. | Жарандардын эркин түздөн-түз билдиришинин формасы, ал жалпы мамлекеттик, региондук же жергиликтүү масштабдагы кыйла маанилүү маселелер боюнча добуш берүү аркылуу билдирилет. |
| **Референтная группа** | **Референттик топ** |
| Эталонная группа, представленная в сознании индивида группа людей, нормы и ценности которой выступают для него эталоном. Это также реальную | Эталондук топ, индивиддин аң-сезиминдеги түшүнүктө ал үчүн ченемдери жана баалуулуктары эталон катары чыга турган адамдардын тобу. |

| | |
|---|---|
| или условную социальную общность, с которой индивид соотносит себя, как с эталоном, и на нормы, мнения, ценности и оценки которой он ориентируется в своем поведении и самооценке. | Бул ошондой индивид өзүн таандык кылган элементтей эле айкын же шарттуу социалдык жалпылык жана ал өзүнүн жүрүш-турушунда жана өзүнө-өзү баа берүүдө багыт алган ченемдер, пикирлер, баалуулуктар жана баа берүүлөр болуп саналат. |
| **Рефлексия** | **Рефлексия** |
| Процесс самопознания субъектом внутренних актов и состояний, процесс размышления человека о происходящем в его собственном сознании, склонность к самоанализу. Это также способность субъекта делать себя предметом собственной деятельности и мышления, своей собственной проблемой, постоянно управлять собственным развитием на все более глубокой и широкой основе. | Субъект тарабынан ички актыларды жана абалдарды өз алдынча таанып билүүнүн процесси, адамдын болуп жаткандар жөнүндө өзүнүн жеке аң сезиминде ой жүгүртүшүнүн процесси, өз алдынча талдоо жүргүзүүгө шыктуулугу. Бул ошондой эле субъекттин өзүнүн ойлонум аракетин, өзүнүн проблемасын жасоочу предмет кылуусу. Өзүнүн өнүгүүсүн тереңирээк жана кенепирээк негизде такай башкаруу. |
| **Реформа** | **Реформа** |
| Преобразование, изменение, переустройство какой-либо стороны общественной жизни (институтов, процессов, учреждений) либо всего общества. | Коомдук турмуштун (институттардын, процесстердин, мекемелердин) кандайдыр бир тарабын же болбосо бүткүл коомду кайра уюштуруу, өзгөртүү, кайра түзүү. |
| **Решение** | **Чечим** |
| Одна или несколько альтернатив выбранных из множества возможных вариантов решений. | Чечимдердин көптөгөн мүмкүн болуучу варианттарынын ичинен тандалып алынган бир же бир нече альтернативалар. |
| **Решение оптимальное** | **Оптималдуу чечим** |
| Наиболее эффективное из всех альтернативных вариантов решение, выбранное по какому-либо критерию оптимизации для данной ситуации. | Аталган кырдаал үчүн оптималдыштыруунун кандайдыр бир критерийи боюнча тандалып алынган чечимдин бардык альтернативалуу варианттарынын ичинен алда канча натыйжалуу чечими. |
| **Решение рациональное** | **Сарамжалдуу чечим** |
| Решение, основанное на объективном аналитическом процессе, при точном соблюдении всех этапов, стандартов, нормативных документов, использования количественных методов, разра- | Ченемдик документтердин бардык этаптарын, стандарттарын так сактоо, сандык ыкмаларды пайдалануу, альтернативаларды иштеп чыгууну жана оптималдуу вариантты тандап алууну так |

| | |
|---|---|
| ботки альтернатив и выборе оптимального варианта. | сактоо менен аналитикалык объективдүү процесске негизделген чечим. |
| **Решение с не-нулевой суммой** | **Нөлгө барабар эмес сумма менен чечүү** |
| Решение при котором выигрыш какой-либо группы или стороны не означает проигрыш другой группы. | Чечим, бул чечимде кандайдыр-бир топтун же тараптын утушу экинчи топтун утулуп калгандыгын билдирбейт. |
| **Решение с нулевой суммой** | **Нөлгө барабар болгон сумма менен чечүү** |
| Решение при котором выигрыш какой-либо группы или стороны происходит за счет других групп, и при котором невозможно перераспределение выигрыша | Чечим, бул чечимдин тушунда кандайдыр-бир топтун же тараптын утушу башка топтордун эсебинен келип чыгат жана анын тушунда утуштарды кайра бөлүштүрүү мүмкүн эмес. |
| **Риск** | **Тобокел** |
| Возможность возникновения некоторой угрозы, связанной с реализацией принятого решения. | Кабыл алынган чечимди ишке ашырууга байланыштуу айрым бир коркунучтун келип чыгуу мүмкүнчүлүгү. |
| **Риторика** | **Риторика** |
| Наука об ораторском искусстве и красноречии. Способность владеть словом - составная часть общей культуры человека, его образованности. Искусство развивает умения, совершенствует способности и таланты, которые есть в каждом человеке. Занятия риторикой помогают овладеть речевым мастерством. | Ораторлук искусство жана чечендик жөнүндө илим. Сөздү сүйлөй билүү жөндөмдүүлүгү адамдын жалпы маданиятынын, анын билимдүүлүгүнүн курамдык бөлүгү. Искусство ар бир адамда болгон билгичтикти өнүктүрөт, жөндөмдүүлүктү жана талантты өркүндөтөт. Риторика боюнча иш жүргүзүү сөз чеберчилигине ээ болууга жардам берет. |
| **Ротация** | **Ротация** |
| Это циклическое, постоянное обновление состава. Например, перемещения работников с одного рабочего места на другое, с целью ознакомления всего рабочего процесса, для ускорения своего профессионального роста. | Бул курамдын циклдүү, туруктуу жаңыланып турушу. Мисалы, бүткүл жумуш процесси менен тааныштыруу, анын кесиптик өсүшүн тездетүү максатында кызматкерлерди бир жумуш ордунан экинчи жумуш ордуна которуу. |
| **Руководитель** | **Жетекчи** |
| Лицо, отвечающее за какое либо направление или аспект деятельности организации. | Уюмдун ишинин кандайдыр бир багытына же аспектине жооп бере турган адам. |

| Руководство | Жетекчилик |
|---|---|
| Определение общего замысла управления, обеспечение необходимой направленности развития организации, наблюдение за общим положением дел. Это также управление по обобщенным характеристикам, стратегическим ориентирам, прогнозам и факторам общей активности работников. | Башкаруунун жалпы маңызын аныктоо, уюмдун өнүгүшүнүн зарыл багытын камсыз кылуу, иштердин жалпы абалына байкоо жүргүзүү. Бул ошондой эле кызматкерлердин жалпы активдүүлүгүнүн жалпыланган мүнөздөмөлөрү, стратегиялык багыттары, болжолдору жана факторлору боюнча башкаруу. |
| **Рыночная экономика** | **Рыноктук экономика** |
| Экономика, при которой размещение ресурсов происходит в результате децентрализованных решений множества фирм и домашних хозяйств при их взаимодействии на рынках товаров и услуг. | Экономика, мунун тушунда ресурстарды жайгаштыруу көптөгөн фирмалардын жана үй чарбаларынын товарлар жана кызматтар рыногундагы өз ара аракеттеринин тушунда алардын борборго байланыштуу болбогон чечимдеринин натыйжасында келип чыгат. |

## С

| Сакральность | Сакралдуулук |
|---|---|
| Мировоззренческая категория, обозначающая свойство, обладание которым ставит объект в положение исключительной значимости, непреходящей ценности и на этом основании требует благоговейного к нему отношения. | Дүйнөнү таанып-билүүнүн категориясы, ал объект ээ болгон касиетти өзгөчө мааниге, теңдешсиз баалуулукка теңештирет жана ушул негизден алганда ага карата жагымдуу мамилени талап кылат. |
| **Самоопределение** | **Өзүн-өзү аныктоо** |
| Процесс и результат выбора личностью (см) своей позиции, целей и средств самоосуществления в конкретных обстоятельствах жизни; основной механизм обретения и проявления человеком свободы. | Инсандын жашоонун айкын кырдаалдарында өзүнүн позициясын өз алдынча жүзөгө ашыруудагы максаттарын жана каражаттарын тандап алуу процесси жана анын натыйжасы; адамдын эркиндикке ээ болушунун жана анын көрүнүшүнүн негизги механизми. |
| **Самооценка** | **Өзүнө-өзү баа берүү** |
| Оценка процессов и результатов политики/программы, которую делают сами исполнители. | Саясаттын/программанын процесстерине жана натыйжаларына баа берүү, аны аткаруучулардын өздөрү жасашат. |

| Саморегулирование | Өз алдынча жөнгө салуу |
| --- | --- |
| Наличие в системе элементов, свойств, позволяющих ей устанавливать и поддерживать желаемый режим функционирования. Это также самостоятельная и инициативная деятельность субъектов предпринимательской или профессиональной деятельности, содержанием которой является разработка и установление правил и стандартов предпринимательской или профессиональной деятельности, а также осуществление контроля за их соблюдением. | Системада иш жүргүзүүнүн каалаган режимин белгилөөгө жана колдоп турууга мүмкүнчүлүк берген элементтердин, касиеттердин болушу. Бул ошондой эле ишкердик кылуу же кесиптик иш жүргүзүү субъекттеринин өз алдынча жана демилгелүү иши, ишкердик же кесиптик иштин эрежелерин жана стандарттарын иштеп чыгуу жана белгилөө, ошондой эле алардын аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу анын мазмуну болуп саналат. |
| **Самоуправление** | **Өз алдынча башкаруу** |
| Возможность и право организации самостоятельно, под свою ответственность, решать вопросы своей жизнедеятельности и принимать управленческие решения для достижения конечных результатов. | Уюмдун өз жоопкерчилиги алдында өзүнүн жашоосунун маселелерин өз алдынча чечүүгө жана акыркы натыйжаларга жетишүү үчүн башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга болгон мүмкүнчүлүгү жана укугу. |
| **Свобода** | **Эркиндик** |
| Ситуация при котором общество в целом и отдельные граждане имеют возможность выбора среди различных альтернативных вариантов обеспечения своих потребностей. | Жалпы коом жана айрым жарандар ар кандай альтернативалуу варианттардын ичинен өзүнүн керектөөлөрүн камсыз кылуунун мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болгон кырдаал. |
| **Свобода действий** | **Аракеттердин эркиндиги** |
